КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

# 2 0 0 7

Бишкек 2008

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2007-жыл үчүн отчету***

Улуттук банктын 2007-жыл үчүн отчету «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8, 10-статьяларына ылайык даярдалган.

Улуттук банктын 2007-жыл үчүн отчету Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын жалган куран айынын жыйырмасындагы № 12/1 токтому менен бекитилген.

2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчет Улуттук банк Башкармасынын 2008-жылдын чын куран айынын онундагы № 14/2 токтому менен бекитилген.


РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:

| | |
|---|---|
| Төрайым: | Л. Цыплакова |
| Кеңештин мүчөлөрү: | С.К. Алыбаева<br>С.С. Конокбаев<br>Н.О. Садыкова<br>С.А. Урустемов |
| Жооптуу катчы: | Н.Н. Имаралиева |



Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Макроэкономикалык анализдөөлөр жана финансы рыногун анализдөө бөлүмүнө кайрылуу зарыл.
(996 312) 66-90-52 телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот.
Электрондук почта nimaralieva@nbkr.kg

Басылманы таркатуу маселеси боюнча:
Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дарегинде жайгашкан
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын
Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмүнө
(996 312) 66-90-09, телефону,
(996 312) 61-07-30 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
e-mail: pr@nbkr.kg
Http://www.nbkr.kg

## МАЗМУНУ


**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын кириш сөзү ............................................. 5**

**I. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2007-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ**

1-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2007-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ ................................................................... 8

1.1. Экономиканын реалдуу сектору ............................ 8
1.2. Мамлекеттик финансы сектору ......................... 11
1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми ......... 14
1.4. Финансы рыноктору ........................................... 19
1.4.1. Валюта рыногу ............................................ 19
1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу ................... 21
1.4.3. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу ........ 23
1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу ............ 30

**II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2007-ЖЫЛДАГЫ ИШИ**

2-ГЛАВА. АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ ....................... 38

2.1. Акчакредит саясатынын максаттары жана натыйжалары ...................................................... 38
2.2. Акчакредит саясатынын каражаттары (инструменттери) ............................................... 43
2.2.1. Валюта рыногундагы операциялар ............ 44
2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен ..................... 45
2.2.3. Репо операциялары ...................................... 47
2.2.4. Депозиттик операциялар ............................... 47
2.2.5. Милдеттүү камдар (резервдер) .................... 48
2.3. Эларалык камдарды тескөө .............................. 49

3-ГЛАВА. ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ ............................................ 52

3.1. Банк тутумунун иши боюнча баяндама ............. 52
3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча баяндама ............. 58
3.3. Финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүк жана жөнгө салуу .......................... 63
3.3.1. Лицензиялоо ................................................. 63
3.3.2. Тышкы көзөмөл ........................................... 64
3.3.3. Инспектирлөө ............................................... 67
3.3.4. Эскертүү чаралары ..................................... 67
3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүктүн ченемдик базаларын өркүндөтүү ................. 67

4-ГЛАВА. ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ ............................ 69

4.1. Төлөм системасынын өнүгүүсү ........................... 69
4.1.1. Накталай эмес эсептешүүлөр ..................... 69
4.1.2. Төлөм системасын өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу ............................................. 71
4.2. Нак акча жүгүртүлүшү ....................................... 73

5-ГЛАВА. ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР ......................................................... 76

5.1. Эларалык уюмдар менен кызматташуу .......... 76
5.2. Борбордук банктар менен кызматташуу ........... 80

6-ГЛАВА. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ ............................................... 83

6.1. Улуттук банкынын түзүмү ............................... 83
6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдагы иши ............... 90
6.3. Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү жана финансылык кеңешчи милдетин аткаруу ..... 94
6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы ......................................................... 98
6.5. Коомчулукка маалымат берүү ......................... 100

**III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2007-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ**

7-ГЛАВА. 2007-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ ........................................... 107

7.1. Көз карандысыз аудиторлордун корутундусу ....................................................... 107
7.2. 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата бухгалтердик баланс .............................. 108
7.3. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет .................... 109
7.4. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет ................................. 110
7.5. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет .................................................. 111
7.6. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр .................................... 112

**IV. ТИРКЕМЕЛЕР**

1-тиркеме. 2007-жылдагы акчакредит чөйрөсүндөгү негизги окуялардын тизмеси .................... 146
2-тиркеме. Статистикалык маалыматтар (таблицалар жана графиктер) .................. 154
3-тиркеме. Улуттук банктын мезгилдүү басылмалары жана башка маалымат каражаттары ............................................. 181
4-тиркеме. Кыскартылган сөздөрдүн тизмеси ........... 187

УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР,

Улуттук банк бул басылмада өзүнүн 2007-жылдагы иши боюнча «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык даярдалган отчетун карооңуздарга сунуштайт.

Өткөн 2007-жыл республиканын экономикасы сыяктуу эле, бүтүндөй дүйнөлүк экономика үчүн калыпка салгандай эмес, татаал болгон. Бир жагынан, өлкө экономикалык өсүштүн арымдуу илгерилешине жетише алган болсо, экинчи жагынан - керектөө баалары да олуттуу өскөн. Кыргыз Республикасы катарына кирген, экономикасы өткөөл учурду башынан кечирип жаткан өлкөлөр гана эмес, мындай шартта өнүккөн өлкөлөр да, азыктүлүк товарларына жана энергопродукцияларына баанын глобалдуу жогорулоосу оорчулугуна туш болгон. Тышкы баа таасирлеринин биздин экономикага тийгизген кесепети отчеттук жылда макроэкономикалык саясатты жүзөгө ашырууну кыйла татаалдаткан. Бул жагдайда Улуттук банк жүзөгө ашырган акчакредит саясаты инфляциянын өсүш арымын токтотууга, алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн текшилөөгө жана өлкөдө туруктуу экономикалык өсүш үчүн шарттарды камсыз кылууга багытталган. Мына ушуга байланыштуу отчеттук жылы Улуттук банк акчакредит саясатынын таасирин күчөтүү жана анын инструменттерин (каражаттарын) өркүндөтүү боюнча бир катар чараларды көргөн.

Калайык-калктын банк тутумуна карата ишенимин арттыруу жагында Улуттук банк жигердүү иш алып барууну уланткан, ал эми депозиттерди коргоо системасын жөнгө салуучу ченемдик актыларды иштеп чыгуу жана алардын кабыл алынышы үчүн аракеттерди көрүү, анын артыкчылыктуу багыттарынын бири болгон. Региондорду өнүктүрүүгө өбөлгө түзүү максатында микрофинансылык уюмдардын ролун күчөтүү маселесине банк тарабынан өзгөчө көңүл бурулган. Мындан тышкары, накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана тиешелүү инфраструктураны түзүү боюнча Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу чегинде, төлөм системасын модернизациялоо боюнча иштер улантылган.

Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан коюлган милдеттерди аткаруу жана Өлкөнү 2007-2010-жылдары өнүктүрүү стартегиясында каралган иш-чараларды жүзөгө ашыруу, банк ишинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Жылдык отчеттун курамында жарыялануучу финансылык отчет Улуттук банктын 2007-жылдагы операцияларын жана ишинин финансылык натыйжаларын чагылдырат. Отчет эларалык стандарттарга ылайык түзүлгөн жана борбордук банктарга карата коюлган талаптарга жооп берүү менен көз карандысыз аудит тарабынан тастыкталган.

Отчетту даярдоодо банк маалыматтардын ачык-айкындуулугу, жеткиликтүүлүгү принциптерин жетекчиликке алган, ал эми бул Улуттук банк үчүн артыкчылыктуу болуп саналат жана анын ишине карата ишенимди бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

Ишиңиздерге ийгилик каалап,

Төрага М.О.Алапаев

# I

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН 2007-ЖЫЛДАГЫ ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКАСЫНЫН 2007-ЖЫЛДАГЫ ӨНҮГҮҮСҮ

## 1.1. Экономиканын реалдуу сектору

2007-жылы экономиканын реалдуу секторунда байкалаарлык жогорулоо катталган. Алдынала маалыматтар боюнча ИДП, 2007-жылы реалдуу алганда 8,2 пайызга көбөйүү менен (2006-жылы 3,1 пайыз) 139,7 млрд. сомду түзгөн. Бул көбүнесе өнөржайы, транспорт жана байланыш, соода жүргүзүү, курулуш, автомобилдерди жана жеке пайдалануудагы буюмдарды ремонттоо сыяктуу иш чөйрөлөрүндө өндүрүштүн артышы менен шартталган. Алтын кенин казып алуу боюнча «Кумтөр» ишканасын эске албаганда, реалдуу ИДПнын өсүшү 8,7 пайызды түзгөн (2006-жылы 5,7 пайыз). Акыркы бир нече жыл ичинде бул ишканалардын таасири бара-бара кыскарган алсак, 2004-жылы алардын ИДПнын жалпы көлөмүндөгү дүң кошумча наркынын үлүшү 8,0 пайызды түзгөн болсо, 2007-жылы бул көрсөткүч 2,5 пайызга чейин кыскарган.

***<u>1.1.1-таблица</u>***

2007-жылдагы ички дүң продуктунун түзүмү

| | Салыштырмалуу салмак, *пайыздар* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Өсүш арымына салым, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|
| Айылчарбасы, мергенчилик жана токойчулук | 29,0 | 1,5 | 0,4 |
| Тоокендерин казып алуу өнөржайы | 0,4 | -2,0 | 0,0 |
| Кайра иштетүү өнөржайы | 9,8 | 7,5 | 0,8 |
| Электрэнергияны, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү | 2,8 | 7,8 | 0,3 |
| Курулуш | 3,4 | 20,2 | 0,5 |
| Соода, автомобилдерди жана жеке пайдалануудагы буюмдарды оңдоолор | 18,2 | 11,2 | 2,1 |
| Мейманканалар жана ресторандар | 1,3 | 11,1 | 0,2 |
| Транспорт жана байланыш | 7,3 | 44,4 | 2,7 |
| Жана башкалар | 27,8 | 4,5 | 1,2 |
| ИДП | 100 | 8,2 | 8,2 |

*Булагы: КР УСКнын маалыматтары*

Отчеттук жылдын акырына карата республиканын аймагында 588,1 миң чарба жүргүзүүчү субъекттер иштеп турган, бул 2006-жылдагыга салыштырганда 4,3 пайызга көп. Жеке ишкерлердин саны - 7,3 пайызга же 13,8 миң бирдикке олуттуу көбөйгөн, чакан ишканалардын жана дыйкан (фермердик) чарбалардын саны тиешелүүлүгүнө жараша, 5,5 жана 4,9 миң бирдикке өскөн. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин түзүмүндө дыйкан (фермердик) чарбалар (51,9 пайыз) жана жеке ишкерлер басымдуу болгон (34,5 пайыз). Өсүш айрыкча айылчарбасында, соода жүргүзүү жана ремонттоо чөйрөсүндө, транспорт жана байланыш тармагында жеке ишкерлердин санынын көбөйүүсү менен камсыз кылынган. Чарба жүргүзүүчү субъекттердин курамында да позитивдүү өзгөрүүлөр байкал-

ган. Алсак, 2007-жылы «иштеп жаткандар» категориясындагы бул субъекттердин саны 30,4 миң бирдикке көбөйүү менен 415,8 миң бирдикке чейин жеткен, ал эми жаңыдан түзүлгөндөрдүн саны 4,5 миң бирдикке өсүп, иштебеген чарбалык субъекттердин саны 12,3 миң бирдикке кыскарган.

Отчеттук жылда айылчарбасынын дүң продукцияларынын көлөмү, 2006-жылдагыга салыштырганда 1,5 пайызга көбөйүү менен 89 717,0 млн. сомду түзгөн. Өсүмдүк өстүрүү багытынын үлүшүнө айылчарбасынан алынган продукциялардын жалпы көлөмүнүн 58,1 пайызы туура келген, мында дан эгинин өстүрүү (иштетилгенден кийинки салмагында) 4,6 пайызга кыскарган, ал эми анын айдоо аянттары да 4,8 миң гага азайган. Пахта өстүрүү натуралай түрүндө 19,1 пайызга төмөндөгөн. Кант кызылчасынын айдоо аянттарынын жыл сайын кыскарып жатышынан улам, анын түшүмү - 31,2 пайызга азайган. Ал эми картошка жыйноо мурдагы жылдарга салыштырганда 9,5 пайызга көбөйгөн. Мал чарбасында сүт өндүрүү - 2,3 пайызга, эт (эт багытындагы малдын тирүүлөй салмагында) - 1,3 пайызга байкалаарлык өскөн.

> 2007-жылы дүйнөлүк экономика товардык рыноктордо айрыкча, азыктык дан эгини жана өсүмдүк майы рынокторунда баанын олуттуу өсүшү проблемасына туш болгон. Суроо-талап жана сунуштун түзүмүнүн өзгөрүүсү мунун негизги себептеринин бири. Ыргактуу тез арымда өнүгүп жаткан өлкөлөрдө тамакаш азыктарын керектөөнүн көбөйүүсү, аларды өндүрүүнү арттыруу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелүү экендиги шартында жүрүүдө. Азыктүлүк товарларын сунуштоонун кыскаруусу дан өсүмдүктөрүн негизги өстүрүүчүлөрдөн болгон өлкөлөрдө алардын түшүмдүүлүгүнүн төмөндүгү, ошондой эле биоотунду өндүрүүнүн эларалык тажрыйбасынын кеңейип бара жатышы менен шартталган.
>
> Отчеттук жылда аларга суроо-талаптын өсүшүнө жана геосаясый тобокелдиктердин курчушуна байланыштуу энергоресурстарынын наркынын рекорддук көбөйүүсү байкалган. Атап айтканда, 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата мунай фьючерстеринин келерки айларда берүүлөр боюнча расмий баасы Нью-Йоркто жыл башындагыга салыштырганда 64,6 пайызга көбөйүп, баррель үчүн 95,98 АКШ долларын түзгөн.

Өнөржай өндүрүшүнүн көлөмү кароого алынып жаткан жылы, физикалык түрүндө алганда, 7,3 пайызга көбөйгөн. Алтын кенин казып алуу боюнча «Кумтөр» ишканаларын эске албаганда, өнөржайындагы өндүрүш көлөмү 10,3 пайызга өскөн.

Өнөржай өндүрүшүндө эң эле олуттуу өсүш бетонду, андан курулуш материалдарын жасап чыгаруу, цементтен, айнектен буюмдарды жасоо, кыш чыгаруу сыяктуу кайра иштетүү өнөржайында, ошондой эле текстиль жана тигүү өнөржайында катталган. Ошол эле учурда, тамакаш өнөржайында, машина жана жабдууларды жасап чыгаруу тармагында өндүрүштүн айрым бир төмөндөшү жүргөн. Бүтүндөй алганда, 2007-жылы кайра иштетүү өнөржай өндүрүшүнүн көлөмү 45 740,5 млн. сомду, ал эми физикалык көлөмдүн индекси - 107,5 пайызды (2006-жылы - 87,2 пайызды) түзгөн.

Электрэнергиясын, газды жана сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү тармагында олуттуу өсүш байкалган. Ушул тармактын өндүрүшүнүн физикалык көлөмү, 2006-жылга салыштырганда, 7,8 пайызга өсүү менен 12 213,1 млн. сомду түзгөн.

Отчеттук жылда тоокендерин казып алуу өнөржайында өндүрүлгөн продукциялардын физикалык көлөмү 2,0 пайызга кыскарган, анын ичинде отун-энергетикалык пайдалуу кендерди казып алуу 4,8 пайызга кыскарган, пайдалуу башка кендерди алуунун көлөмү, физикалык түрүндө алганда, 7,3 пайызга өскөн.

Ыргактуу өнүгүү багытына ык койгон кызмат көрсөтүүлөр сектору экономикалык өсүшкө олуттуу салым кошкон. Соода жүгүртүүнүн, автомобилдерди,

***1.1.1-график***

ИДПдагы өнөржайынын үлүшүнүн динамикасы




турмуш-тиричилик жана жеке пайдалануудагы буюмдарды ремонттоонун жалпы көлөмү[1] 11,4 пайызга көбөйгөн. Мейманканалар жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 11,2 пайызга өскөн. Транспорттун бардык түрү менен жүк ташуу жыл ичинде 7,3 пайызга көбөйүп, 29,5 млн. тоннаны түзгөн. Байланыш ишканаларынын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 75,0 пайызга олуттуу өскөн.

2007-жылы негизги капиталга багытталган, ишканалар тарабынан өздөштүрүлгөн инвестициялардын көлөмү 24 385,5 млн. сомду түзгөн, реалдуу алганда бул 2006-жылдагыга салыштырганда 3,7[2] пайызга көп. Каржылоо булактарынын ичинен эң чоң үлүштү, мурдагыдай эле, ишканалардын өздүк каражаттары (айрыкча капиталына четөлкөлүктөр катышкан ишканалардын каражаттары) - жалпы көлөмгө карата 47,8 пайызды жана үлүшү 2007-жылы 23,4 пайызды түзгөн калктын каражаттарынын эсебинен инвестициялар ээлейт. Тышкы инвестициялардын үлүшү 2006-жылдагы 24,1 пайыздан отчеттук жылдагы 18,4 пайызга чейин кыскарган.

Республика боюнча бир кызматкердин номиналдык орточо айлык эмгек акысынын өлчөмү[3] 3 990,4 сомду түзгөн жана 2006-жылдагыга салыштырганда 31,1 пайызга көбөйгөн, ал эми реалдуу алганда эмгек акынын өсүшү 19,0 пайызды түзгөн. Эмгек акынын көбөйүүсү калайык-калктын реалдуу кирешелеринин өсүшүнө жана керектөө жигеринин артышына өбөлгө түзгөн. Алып көрсөк, чекене соода жүргүзүү жана коомдук тамактануу ишканаларынын жүгүртүүсү 9,4 пайызга, ал эми калкка акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү 16,5 пайызга өскөн.

---

[1] Физикалык көлөм.

[2] 2007-жылдын тогуздун айында колдонуудагы эларалык тажрыйбага ылайык, КР УСК тарабынан ишканалардын жана уюмдардын 2006-жыл үчүн жылдык отчетторунун базасында ИДПнын көлөмү такталган. Алынган маалыматтар боюнча 2006-жылы ИДП 113 800,1 млн. сомду түзгөн. Бул алдынала баа берүүнүн негизинде алынган маалыматтардан 624,5 млн. сомго ашкан. ИДПнын реалдуу өсүшү 2006-жылы 2005-жылдагыга салыштырганда, алдынала баа берүү боюнча алынган 2,7 пайызга караганда, 3,1 пайызды түзгөн. Натыйжада, негизги капиталга инвестициялардын өсүш арымы 2007-жылдын тогуздун айына чейинки мезгил ичинде, орточо алганда 37 пайызга өскөн болсо, ИДП боюнча маалыматтарды тактоодон кийин, негизги капиталга салымдардын өсүш арымы 3 пайызга чейин төмөндөгөн. Ал эми отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча бул көрсөткүч 3,7 пайыз чегинде катталган.

[3] КР УСКнын чакан ишканаларды эске албагандагы маалыматтары.

## 1.2. Мамлекеттик финансы сектору[1]

Мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана алынган расмий трансферттер 2007-жылы 35 529,6 млн. сомду түзгөн, бул 2006-жылдагы тиешелүү көрсөткүчкө салыштырганда 41,7 пайызга жогору. Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин ИДПга карата катышы 22,2 пайыздан 25,4 пайызга чейин көбөйгөн. Мамлекеттик бюджеттин 2007-жылдагы жалпы чыгашалары (өнүктүрүү бюджетинин чегинде, гранттык каражаттарды кошо алганда) 33,3 пайызга көбөйүү менен 39 123,7 млн. сомду же ИДПга карата 28,0 пайызды түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча тартыштык[2] 2 173,1 млн. сомду же 2006-жылдагыга салыштырганда 1,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен ИДПга карата 1,6 пайызды түзгөн.

***1.2.1-график***

Мамлекеттик бюджеттин негизги параметрлери




***1.2.2-график***

Мамлекеттик бюджетке салыктык түшүүлөрдүн түзүмү




[1] КР ФМнын маалыматтары боюнча.

[2] Өнүктүрүү бюджетинин чегинде, гранттык каражаттарды эске албаганда.

Мамлекеттик бюджеттин кирешелеринде негизги үлүш (74,7 пайыз), 2006-жылдагыга салыштырганда көлөмү 32,8 пайызга көбөйгөн, салыктык түшүүлөргө туура келген. Салыктык түшүүлөрдүн жалпы суммасы 26 544,8 млн. сомду түзгөн, анын ичинен бажы жана салык органдары тарабынан салыктык кирешелердин жалпы көлөмүнүн тиешелүүлүгүнө жараша, 55,7 жана 44,3 пайызы камсыз кылынган.

Импорттук бүтүмдөр көлөмүнүн көбөйүүсүнүн натыйжасында тышкы экономикалык ишкердиктен кирешелер өскөн. Кошумча нарк салыгынан жана сырттан алынган товарларга акциздик салыктан түшүүлөрдүн өсүшү тиешелүүлүгүнө жараша, 34,3 жана 31,9 пайызды түзгөн, ал эми бажы төлөмдөрү 35,2 пайыз чегинде катталган.

Салыктык эмес түшүүлөр 7 195,3 млн. сомду түзүү менен 2006-жылга салыштырганда 53,2 пайызга көбөйгөн.

2007-жылы бардыгы болуп мамлекеттик бюджетке расмий трансферттер түрүндө 1 789,5 млн. сом түшкөн (2006-жылы - 266,1 млн. сом). 2006-жылдагыга салыштырганда 6 эседен көбүрөөккө көбөйүү негизинен, Украинадан 27,3 млн. АКШ доллар суммасындагы каражаттардын түшүүсүнүн эсебинен жүргөн.

***1.2.3-график***

ИДПнын жана мамлекеттик бюджеттин салыктык кирешелеринин номиналдык өсүш арымы




Операциялык иштерди жүзөгө ашырууга мамлекеттик бюджеттин чыгашалары 2007-жылы 29 480,7 млн. сомду же ИДПга карата 21,1 пайызды түзгөн.

Функционалдык классификациялоого ылайык, бюджеттин чыгашаларынын негизги статьялары социалдык кызмат көрсөтүүлөргө (чыгашалардын көлөмүнүн 55,8 пайызы), анын ичинде билим берүүгө - 27,2 пайыз, социалдык жактан коргоого алууга - 12,8 пайыз туура келген.

2007-жылы эмгек акыларды төлөөгө жана Социалдык фондго чегерүүгө чыгашалар, 2006-жылдагыга салыштырганда, 31,4 пайызга көбөйгөн.

Мамлекеттик карызды тейлөөгө бюджеттен чыгашалар 2007-жылы 2 910,7 млн. сомду, анын ичинен ички жана тышкы карыздар боюнча төлөмдөр тиешелүүлүгүнө жараша, 58,3 жана 41,7 пайызды түзгөн. Мамлекеттик карыз боюнча төлөмдөр, 2006-жылдагыга салыштырганда, ИДПга карата 0,6 пайыздык пунктка кыскарган, мында пландаштырылган милдеттенмелерди тейлөө толук көлөмүндө аткарылган.

***1.2.4-график***

Мамлекеттик карыз боюнча пайыздык төлөмдөр




Өнүктүрүү бюджетинин алкагында долбоорлорду каржылоону кошо алганда, мамлекеттик бюджеттен капиталдык салымдарга чыгашалар 2007-жылы 9 537,9 млн. сомду же ИДПга карата 6,8 пайызды түзгөн. Өнүктүрүү бюджетин сырттан каржылоо такталган пландык көрсөткүчтөн 97,1 пайызга, ички каржылоо 100,0 пайызга аткарылган.

Ишканаларга, финансы мекемелерине жана калайык-калкка ссудаларды берүүнүн аларды төлөөдөн артышынын натыйжасында, таза бюджеттик кредиттөөнүн көлөмү 2007-жылда 105,1 млн. сомду түзгөн.

Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы отчеттук жылы ички жана тышкы булактардан тиешелүүлүгүнө жараша, 458,6 жана 1 714,5 млн. сомго толук көлөмүндө каржыланган.

## 1.3. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми

Алдынала маалыматтар боюнча 2007-жылы төлөм теңдеминин оң сальдосу 296,8 млн. АКШ долларын түзгөн. Күндөлүк операциялар эсебинин терс сальдосу 91,7 пайызга өсүү менен ИДПга карата 19,3 пайызды түзгөн. Бул, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр балансынын тартыштыгынын 54,7 пайызга, кирешелер балансынын терс сальдосунун 2,2 эсеге жана трансферттердин оң сальдосунун 37,6 пайызга көбөйүүсү менен шартталган.

***1.3.1-график***

Күндөлүк операциялар эсеби




КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча, Улуттук банктын кошумча баалоосун эске алганда Кыргыз Республикасынын 2007-жыл үчүн соода балансынын сальдосу терс чыгып, 2006-жылдагы 981,5 млн. АКШ долларына караганда, 1 583,7 млн. АКШ долларын түзгөн.

Тышкы соода жүгүртүү ФОБ баасында 2007-жыл үчүн 3 864,9 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2006-жылдын ушул эле көрсөткүчүнө салыштырганда, 48,5 пайызга көбөйгөн. КМШ өлкөлөрү менен товар жүгүртүү 51,2 пайызга, ал эми алыскы четөлкөлөр менен 45,7 пайызга өскөн. Товар жүгүртүүнүн өсүшү товарлардын экспорту сыяктуу эле, импорттун көлөмүнүн көбөйүүсүнөн улам жүргөн.

Товарлардын ФОБ баасындагы экспорту Улуттук банктын кошумча баалоосун эске алганда, 2007-жыл ичинде 1 140,6 млн. АКШ долларын түзгөн жана 2006-жылдын жыйынтыгына салыштырганда 40,7 пайызга көбөйгөн. Экспорттун өсүшү КМШ өлкөлөрүнө товар берүүлөрдүн 50,7 пайызга, алыскы четөлкөлөргө 31,8 пайызга көбөйүүсүнүн эсебинен камсыз кылынган. Алтындын экспорту, анын натуралай алганда 4,2 пайызга кыскаруусу шартында, 2006-жылдагыга салыштырганда нарктык көрсөткүчүндө 9,1 пайызга көбөйгөн. Алтынды эске албаганда экспорт 53,5 пайызга өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде экспорттун функционалдык түзүмүндө[1] энергопродуктыларын, инвестициялык товарларды жана керектөө товарларын экспорттук берүүлөрдүн тиешелүүлүгүнө жараша, 87,8, 57,6 жана 44,9 пайызга эң чоң өсүшү

[1] «Алып сатарлардын» соодасын жана Улуттук банктын кошумча баалоолорун эске алуусуз, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

катталган. Керектөө товарларынын ичинен азыктүлүк товарларынын экспорту 2006-жылга салыштырганда 68,9 пайызга өскөн. Мындан тышкары, чийки заттардын жана аралык товарлардын экспортунун көбөйүүсү 2006-жылдагыга салыштырмалуу тиешелүүлүгүнө жараша, 30,7 жана 16,8 пайызды түзгөн.

Экспорттун географиялык түзүмүндө[2] 2007-жылы алыскы четөлкөлөрдүн жана КМШ өлкөлөрүнүн үлүшү тең бөлүштүрүлгөн.

***1.3.2-график***

Товарлар экспорту




КМШ өлкөлөрүнө экспорт 2007-жыл ичинде 49,6 пайызга көбөйүү менен 566,7 млн. АКШ долларын түзгөн. Авиакеросинди (реэкспорт), цементти, сүт жана сүт азыктарын, электрэнергиясын, жашылча-жемиштерди, айнекти жана тигилүү кийимдерди берүүлөрдүн артышынын эсебинен экспорттук берүүлөр Өзбекстанга (үч эсе), Россияга (52,6 пайызга) жана Казакстанга (25,9 пайызга) олуттуу өскөн.

Отчеттук жыл ичинде алыскы четөлкөлөргө экспорттук берүүлөр 36,5 пайызга көбөйүү менен 566,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Латвияга (8,4 эсе), Германияга (дээрлик үч эсе), Бириккен Араб Эмираттарына (60,6 пайызга), Афганистанга (58,1 пайызга) жана Түркияга (57,8 пайызга) берүүлөр бир кыйла өсүшкө ээ болгон. Негизинен, мунайзаттарын (реэкспорт), буурчактарды, грек жаңгагын, пахта буласын, жүндөн ийрилген жиптерди, атайы багыттарга каралган автомобилдерди (реэкспорт), ири мүйүздүү мал терилерин, алюминийден (реэкспорт) жана алтындан жасалган буюмдарды берүүлөрдүн эсебинен, алыскы четөлкөлөргө экспорт көбөйгөн.

Алдынала маалыматтар боюнча товарлардын ФОБ баасындагы импорту 2007-жылы 2 724,3 млн. АКШ долларын түзгөн, бул 2006-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 52,0 пайызга жогору. Алыскы четөлкөлөрдөн импорттун көлөмүнүн 52,6 пайызга, ал эми КМШ өлкөлөрүнөн 51,4 пайызга көбөйгөндүгү байкалган.

Импорттун функционалдык түзүмүндө СИФ баасында[3] бардык статьялар боюнча олуттуу өсүш катталган. Импорттун эң чоң өсүшкө ээ болуусу аны функционалдык бөлүштүрүүнүн төмөнкү категориялары боюнча катталган: чийки заттар (2006-жылдагыга салыштырганда 59,5 пайыз), керектөө товарлары (46,7

[2] «Алып сатарлардын» соодасын жана Улуттук банктын кошумча баалоосун эске алуусуз, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

[3] «Алып сатарлардын» соодасын эске алуусуз, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

***1.3.3-график***

Товарлардын импорту




пайыз), аралык товарлары (45,2 пайыз) жана энергопродуктылар (45,0 пайыз). Негизинен мунайзаттарын, жаратылыш газын, медикаменттерди, чоюнду, болотту, резина дөңгөлөктөрүн, айрым тармактар үчүн каралган машиналарды, жабдууларды, суусундуктарды, автомобилдерди, дан эгинин жана андан жасалган азыктарды ташып келүүнүн көбөйүүсүнүн эсебинен, импорттун өсүшү жүргөн.

Импорттун географиялык түзүмүндө[4] СИФ баасында 2007-жылы КМШ өлкөлөрүнөн импорттук берүүлөр 52,8 пайызга, алыскы четөлкөлөрдөн 25,9 пайызга көбөйгөн. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен импорттун олуттуу өскөндүгү Украинадан (89,4 пайыз), Өзбекстандан (80,8 пайыз), Казакстандан (55,7 пайыз) жана Россиядан (49,1 пайыз) байкалган. Мунайзаттары, жаратылыш газы, буудай, тамекилер, кант, жыгач материалдары, кондитер азыктары, сыра, темиржол вагондору, ташкөмүр, чоюн жана болот КМШ өлкөлөрүнөн импорттолуп алынган негизги товарлардан болгон. Алыскы четөлкөлөрдүн ичинен импорттун көлөмүнүн өсүшү Кытайдан 2006-жылдагыга салыштырганда 43,5 пайызга, Германиядан 32,7 пайызга, Түркиядан 28,7 пайызга жана АКШдан 17,0 пайызга катталган. Салыштырмалуу салмагы алыскы четөлкөлөрдөн импорттун жалпы көлөмүндө тиешелүүлүгүнө жараша 38,7 жана 12,5 пайызды түзгөн, Кытай жана АКШ мамлекеттери негизги товар берүүчүлөрдөн болгон. Кытайдан жана АКШдан байланыш жабдуулары, ширетүү-кураштыруу шаймандары, синтетикалык жана жасалма буладан кездемелер, эмерек, медикаменттер, жүк ташуучу автомобилдер, медицина аппараттары жана приборлору сыяктуу товарлар, үй канаттууларынын эти импорттолуп алынган.

Алдынала маалыматтар боюнча 2007-жыл ичинде эларалык кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосу, 2006-жылдагыга салыштырганда, 21,4 пайызга кыскаруу менен 68,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Кызмат көрсөтүүлөр балансынын терс сальдосунун кыскаруусу, «кыдыруулар» статьясы боюнча экспорттун өсүш арымынын транспорттук кызмат көрсөтүүлөр импортунан 35,8 млн. АКШ долларына артып турушу менен шартталган.

Отчеттук жылдын жыйынтыгы боюнча кирешелер балансынын терс сальдосу 2,2 эсеге көбөйүү менен 62,0 млн. АКШ долларын түзгөн. Тике инвестициялар боюнча кирешелер, кирешелер балансынын жалпы көлөмүнүн 69,5 пайызын ээлеген жана 2006-жылдагыга салыштырганда, тике инвестициялар боюнча

[4] «Алып сатарлардын» соодасын эске алуусуз, КР УСКнын жана КР МБКнын маалыматтары боюнча.

кирешелердин терс сальдосу 66,5 пайызга өскөн, бул статья негизинен, реинвестицияланган кирешелер түрүндө чагылдырылган. Башка инвестициялар боюнча оң сальдо 2006-жылдагы 16,7 млн. АКШ долларынан терс мааниге - 2007-жылдагы минус 0,4 млн. АКШ долларына чейин кыскарган, бул негизинен четөлкө кредиттери боюнча төлөнгөн пайыздарга чыгашалардын көбөйүүсүнөн улам келип чыккан.

Күндөлүк трансферттер эсебинин оң балансы көбөйүүгө ык коюу тенденциясын сактап калуу менен 2007-жылы мурдагы жылдагы көрсөткүчтөн 37,6 пайызга ашкан. Негизинен өсүш, 35,5 пайызга көбөйгөн жеке трансферттердин эсебинен жүргөн жана бул эң оболу, эмгек мигранттарынын акча каражаттарынын агымынын артышына байланыштуу жүргөн.

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби 2007-жылы 211,5 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң сальдодо түптөлүү менен 2006-жылдагыга салыштырганда, 24,3 пайызга кыскарган. Капитал менен операциялар эсебинин тартыштыгы 75,5 млн. АКШ долларын түзгөн, бул анын 2006-жылдагы терс сальдосунан 72,1 пайызга көп. Финансылык эсептин сальдосу 2007-жылы 287,1 млн. АКШ доллары өлчөмүндө оң чыгуу менен 2006-жылдагы ушул эле көрсөткүчкө салыштырганда, 11,2 пайызга кыскарган. Финансылык эсептин оң сальдосунун азайуусу «башка инвестициялар» статьясы боюнча капиталдын таза агылып чыгуусунун, четөлкөлөрдөн тике инвестициялардын таза агылып кирүүсүнөн артышы менен түшүндүрүлөт. Тике инвестициялардын оң сальдосунун өсүшү эң башкысы, реинвестицияланган пайданын жана тике инвесторлордон алынган кредиттердин агымынын артышы менен шартталган. Башка инвестициялардын оң балансынын 2006-жылдагы 144,4 млн. АКШ долларынан 2007-жылдагы 66,2 млн. АКШ долларына чейин олуттуу төмөндөшү Кыргыз Республикасынын резиденттеринин, алардын тышкы милдеттенмелеринин 18,4 пайызга кыскаруусу шартында, тышкы активдеринин 3,4 эсеге көбөйүүсүнүн натыйжасында жүргөн.

***1.3.4-график***

Капитал менен операциялар жана финансылык операциялар эсеби




2007-жылдын алдынала жыйынтыгы боюнча «каталар жана калтырып кетүүлөр» статьясынын оң мааниси, 2006-жылдагыга салыштырганда, 1,9 эсеге көбөйгөн, бул товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортун же капиталдын

агылып кирүүсүн статистикалык эсепке алуу жетишсиз жүргүзүлүп жаткандыгын айгинелейт. Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеминин статистикасынын сапатын жакшыртуу максатында Улуттук банк, Улуттук статистика комитети, Мамлекеттик бажы комитети менен бирдикте, статистикалык маалыматтардын камтуу чөйрөсүн кеңейтүү жана алардын сапатын жогорулатуу боюнча иштерди жүргүзгөн.

Дүң эларалык камдардын (резервдердин) көлөмү 2007-жылдын акырына карата 44,0 пайызга көбөйүү менен 1 176,6 млн. АКШ долларын түзгөн. Улуттук банктын камдык активдеринин деңгээли товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр импортунун 3,5 айын жабууга жетиштүү болгон.

## 1.4. Финансы рыноктору

### 1.4.1. Валюта рыногу

2007-жылы валюта рыногунда улуттук валютанын АКШ долларына карата чыңдалуу тенденциясы басымдуу болуп турган, бул ушул мезгилдеги ички сыяктуу эле, тышкы факторлордун таасири менен шартталган. Үчтүн айынын баш жагында жана бештин айында гана улуттук валютанын АКШ долларына карата алсызданышы катталып ал, ички рынокто четөлкө валютасына карата суроо-талаптын сезондук өсүшүнө, ошондой эле тышкы рыноктордо ушул мезгил аралыгында доллардын курсунун дүйнөлүк башка негизги валюталарга карата чыңдалуусуна байланыштуу болгон.

Отчеттук жыл ичинде валюта рыногундагы жагдай республикага инвестициялар, депозиттер, акча которуулар түрүндө четөлкө валютасынын агылып кирүүсүнүн, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр экспортунан сезондук түшүүлөрдүн натыйжасында, аны үстөк сунуштоонун сакталып туруусу шартында калыптанган. Мындан тышкары, сомдун курсунун дүйнөлүк негизги валюталарга карата өзгөрүүсүнө, дүйнөлүк рыноктордо АКШ долларынын курсунун динамикасы, ошондой эле ички финансы рыногунда улуттук валютага карата суроо-талаптын өсүшүнүн алгылыктуу тенденциясынын сакталып турушу олуттуу таасирин тийгизген.

***<u>1.4.1.1-графиги</u>***

Валюта курсунун динамикасы жана банктар аралык валюта тооруктарында операциялардын көлөмү




Улуттук валютанын алмашуу курсунун кескин өзгөрүүсүн жөнгө салуу максатында Улуттук банк үчтүн айында жана бирдин айынын баш жагында валюта тооруктарында АКШ долларын сатуу операцияларын жүргүзгөн, ал валюта рыногундагы жагдайдын ушул мезгил аралыгында айрым бир турукташуусуна өбөлгө түзгөн. Андан соң америка долларынын алмашуу курсу валюталык депозиттердин жана акча которуулардын агымынын өсүшүнөн жана тышкы

рыноктордо АКШ долларынын дүйнөлүк негизги валюталарга карата позициясынын алсызданышынан улам, четөлкө валюталарын сунуштоонун көбөйүүсүнүн таасири астында төмөндөй баштаган. Рынок конъюнктурасынын өзгөрүүсү шартында Улуттук банк бирдин айынын акырында АКШ долларын сатып алууну баштаган. Чын куран айынын баш жагында ички валюта рыногундагы жагдай бир азга турукташкан жана жай мезгилинин акырына чейин сомдун чыңдалуу арымы да бир азды гана түзгөн.

Сомдун курсунун күз айларындагы динамикасы, айылчарба продукцияларын сатуудан жана туристтик кызмат көрсөтүүлөрдөн каражаттардын агымынын сезондук көбөйүүсүнүн натыйжасында, ички рынокто четөлкө валютасын үстөк сунуштоонун өсүшү шартында калыптанган. Мындан тышкары, баш оона айында жана аяк оона айынын баш жагында ички валюта рыногундагы абалга, өлкөдө инфляция арымынын тездешине байланыштуу Улуттук банк тарабынан акчакредит саясатын күчөтүү боюнча көрүлгөн чаралар таасирин тийгизген. Аяк оона айынын баш жагынан тартып, ички рынокто АКШ долларынын алмашуу курсу ыкчам төмөндөй баштаган, тогуздун - жетинин айларында анын өзгөрүүсү байкалаарлык кыскарган. Андан кийин бештин айы ичинде, айрым коммерциялык банктардын четөлкө валюталарына суроо-талабынын артышы жана тышкы рыноктордо доллардын курсунун дүйнөлүк негизги валюталарга карата жогорулоосуна байланыштуу, америка валютасынын чыңдалуу тенденциясы басымдуу болгон. Бирок, бештин айынын акырында анын алмашуу курсу кайрадан төмөндөгөн. АКШ долларынын алмашуу курсунун өтө эле өзгөрүп турушу шартында, Улуттук банк анын кескин олку-солкулугун текшилөө максатында, АКШ долларын сатып алуу сыяктуу эле, аларды сатуу боюнча да операцияларды жүргүзгөн.

Бүтүндөй 2007-жылы банктар аралык валюта тооруктарында доллардын орточо салмактанып алынган курсу 7,3 пайызга төмөндөө менен 35,2709 сом/АКШ долларын түзгөн. Жыл башынан тартып доллардын эсептик курсу 6,9 пайызга, бештин айынын акырындагы 35,4988 сом/АКШ долларына чейин төмөндөгөн. Валюта тооруктарында долларды сатып алуу боюнча Улуттук банктын операция-

***1.4.1.1-таблица***

Банктар аралык рынокто четөлкө валюталарын сатып алуу/сатуу боюнча операциялар

*(млн. сом)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. | Өсүш арымы |
|---|---|---|---|
| **Жалпы көлөм** | 87 588 | 144 318 | 64,8 |
| анын ичинде | | | |
| *Валюта тооруктарында накталай эмес валюта менен спот-операциялар* | 13 919 | 22 600 | 62,4 |
| Улуттук банк менен операциялар | 7 348 | 11 907 | 62,0 |
| банктар аралык операциялар | 6 571 | 10 693 | 62,7 |
| *Валюта тооруктарынан тышкары накталай эмес валюта менен спот-операциялар* | 2 248 | 2 278 | 1,3 |
| *Накталай валюта менен спот-операциялар* | 71 031 | 117 512 | 65,4 |
| Улуттук банк менен операциялар | | 114 | |
| коммерциялык банктардын | 47 435 | 92 286 | 94,6 |
| алмашуу бюролорунун | 23 597 | 25 113 | 6,4 |
| *Своп-операциялар* | 389 | 1 928 | 396,0 |
| Улуттук банк менен операциялар | 338 | 1 761 | 421,5 |
| коммерциялык банктардын | 51 | 167 | 227,3 |

ларынын көлөмү 282,3 млн. АКШ долларын, ал эми сатуу операцияларынын көлөмү 43,0 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинде 3,0 млн. накталай доллар сатылган. Мындан тышкары бештин айында Улуттук банк тарабынан валюта тооруктарында 200,0 миң евро сатылган.

Отчеттук жылда катталган экспорттук-импорттук операциялардын жана өлкө экономикасына четөлкө инвестицияларынын өсүшү, четөлкө валютасында келишилген бүтүмдөрдүн көлөмүн көбөйтүүгө түрткү берген. Алсак, ички валюта рыногунда четөлкө валюталарын сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын жалпы көлөмү 2007-жыл ичинде, бир жыл мурдагыга салыштырганда 64,8 пайызга көбөйүү менен 144,3 млрд. сомду түзгөн.

Операциялардын ири бөлүгү валюта рыногунун накталай сегментинде ишке ашырылган. Алардын үлүшү отчеттук жыл ичинде операциялардын жалпы көлөмүнүн 81,4 пайызын түзгөн. Отчеттук жылда, накталай валюталарды сатып алуу жана сатуу боюнча бүтүмдөрдүн олуттуу көлөмү, мурдагы жылдагыдай эле, коммерциялык банктарда ишке ашырылган жана алардын өсүш арымы алмашуу бюролорундагыга караганда байкалаарлык жогору болгон.

Валюта рыногунун накталай эмес сегментинде банктар аралык валюта тооруктарындагы дээрлик бардык бүтүмдөр АКШ долларында келишилген[1], алардын көлөмү 62,4 пайызга өсүп, 22,6 млрд. сомго чейин жеткен. Мында, Улуттук банк менен ишке ашырылган операциялар сыяктуу эле, банктар аралык операциялар боюнча да өсүш катталган.

Операциялар көлөмүнүн көбөйүүсү валюталардын дээрлик бардык түрү боюнча катталган. Үлүшү 2006-жылдагыга салыштырганда 5,8 пайыздык пунктка кыскарып, 65,5 пайызга чейинкини түзсө да (анын ичинде накталай сегментте 6,7 пайыздык пунктка, 58,5 пайызга чейин), операциялардын эң эле олуттуу көлөмү АКШ доллары менен ишке ашырылган. Калган негизги валюталардын салыштырмалуу салмагы көбөйгөн натыйжада, еврону сатып алуу жана сатуу боюнча операциялардын үлүшү 6,0 пайызды, орус рублиники - 10,7 пайызды, казак теңгеси - 17,8 пайызды түзгөн. Башка валюталар менен операциялардын үлүшү[2] 0,2 пайыздан 0,1 пайызга чейин төмөндөгөн.

### 1.4.2. Банктар аралык кредит рыногу

2007-жылы кредиттик ресурстардын банктар аралык рыногундагы абал, ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөрүп туруусу жана анын банк тутумунда топтоштурулушунун ошондой эле, инфляция арымынын тездеши шартында, акчакредит саясатын күчөтүү боюнча Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралардын таасири астында калыптанган.

Отчеттук жылда ички рынокто банктар аралык кредиттик операциялардын көлөмүнүн төмөндөшү катталган жана ал банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлинин жогору болушу менен шартталган. Алсак, банктар аралык кредит рыногунда улуттук валютадагы операциялардын жалпы көлөмү, бир жыл мурдагыга салыштырганда, 18,4 пайызга кыскаруу менен 8,6 млрд. сомду түзгөн. Сом түрүндөгү займдардын негизги бөлүгү, мурдагыдай эле, репо операциялары сегментинде топтоштурулган. Отчеттук жылда алардын үлүшү, 2006-жылдагыга салыштырганда, 10,4 пайыздык пунктка көбөйүү менен 80,9 пайызга чейинкини түзгөн.

Займдык ресурстарга суроо-талаптын азайуусу, үчтүн айынан баш оона айына чейинки мезгил ичинде сом түрүндөгү кредиттердин пайыздык чендеринин

[1] Тооруктар Улуттук банк тарабынан соодалык-маалыматтык электрондук система аркылуу ишке ашырылат.
[2] Англия фунт стерлинги, швейцария франкы, түрк лири, өзбек суму жана кытай юани.

төмөндөшүнө түрткү берген. Баш оона айынын орто ченинде улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин наркы бир аз жогорулаган, ал эми тогуздун айында банктар аралык кредит рыногундагы пайыздык чендердин өсүш арымы жана өзгөрүлмөлүүлүгү, ички финансы рыногунун башка сегменттеринде чендердин өсүшүнүн таасири астында байкалаарлык көбөйгөн. Бүтүндөй 2007-жылы репо операциялары боюнча орточо чен, 2006-жылдагыга салыштырганда, 0,6 пайыздык пунктка жогорулоо менен 3,9 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы банктар аралык жөнөкөй кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 0,4 пайыздык пунктка өсүү менен 3,2 пайызды түзгөн. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттер сегментиндеги чендердин, репо шарттарында келишилген операциялар боюнча чендерге салыштырганда кыйла төмөнкү деңгээлде болушу, накталай эмес АКШ доллары күрөө катары кызмат кылган айрым бүтүмдөр боюнча күрөөлүк камсыздоонун ликвиддүүлүгүнүн жогору болушу менен шартталган жана бүтүмдөр төмөндөтүлгөн чен же нөлдүк чен боюнча келишилген. 2007-жылы репо операцияларынын мөөнөттүүлүгүнүн орточо деңгээли 2006-жылдагыга салыштырганда 5 күндөн 7 күнгө чейин, ал эми улуттук валютадагы кредиттер боюнча 5 күндөн 8 күнгө чейин узартылган.

***<u>1.4.2.1-график</u>***

Ички банктар аралык кредит рыногундагы бүтүмдөрдүн көлөмү




Ички банктар аралык кредит рыногунда четөлкө валютасындагы операциялардын көлөмү 2007-жылы 4,4 пайызга төмөндөп, сомдук эквивалентинде 824,4 млн. сомду түзгөн. Бул операциялардын банктар аралык карыз алуулардын жалпы көлөмүндөгү салыштырмалуу салмагы 7,5 пайыздан 8,7 пайызга чейин көбөйгөн. Үчтүн айынан тартып аяк оона айына чейин, четөлкө валютасындагы банктар аралык кредиттер боюнча пайыздык чендер кыска алкакта өзгөрүп турган. Жетинин айында келишилген бүтүмдөрдүн мөөнөттөрүнүн узартылышына байланыштуу чендердин орточо деңгээлинин өсүшү катталган. Ички рынокто четөлкө валютасындагы кредиттердин наркы жетинин айы жана бештин айында, Федералдык резерв системасынын чендеринин бара-бара төмөндөшүнүн таасири астында

азайган. Бүтүндөй жыл ичинде ички банктар аралык рынокто четөлкө валютасында берилген кредиттер боюнча орточо чен, 2006-жылдагыга салыштырганда, 0,9 пайыздык пунктка жогорулоо менен 6,7 пайызды түзгөн, ал эми орточо алынган мөөнөттүүлүк 58 күндөн 69 күнгө чейин узартылган.

***1.4.2.2-график***

Ички банктар аралык кредит рыногунда пайыздык чендердин динамикасы




Тышкы рыноктордо банк - резидент эместер менен операцияларды жүргүзүү аркылуу коммерциялык банктар нетто-кредиторлор катары иш алып барышкан. Мында, отчеттук жыл ичинде тышкы рыноктордо берилген кредиттер боюнча сыяктуу эле, алынган кредиттер боюнча операциялардын көлөмүнүн төмөндөгөндүгү катталган. Банк-резидент эместерге берилген кредиттердин жалпы көлөмү 2007-жылы 205,0 млрд. сомду түзүү менен 11,1 пайызга кыскарган. Ал эми четөлкө валютасында алардан алынган кредиттердин көлөмү 3,3 эсеге кыскаруу менен 0,4 млрд. сомду түзгөн. Резидент эместер менен операциялардагы пайыздык чендердин орточо жылдык деңгээли, 2006-жылдагыга салыштырганда, 0,2 пайыздык пунктка жогорулап, 3,9 пайызга чейинкини түзгөн. Ошол эле учурда, аяк оона айынан тартып, банк резидент эместер менен кредиттик операциялар боюнча пайыздык чендер төмөндөөгө ык коюу тенденциясына ээ болгон.

### 1.4.3. Мамлекеттик баалуу кагаздар рыногу

2007-жылы мамлекеттик баалуу кагаздар рыногунда баалуу кагаздардын төмөнкү түрлөрү жүгүртүлгөн:

– мамлекеттик казына векселдери;
– Улуттук банктын ноталары;
– мамлекеттик казына милдеттенмелери;
– мамлекеттик жөнгө салуучу баалуу кагаздар - МКВ(ж) жана МКМ(ж);
– жөнөкөй жана которулма векселдер.

Отчеттук жылы жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмү 29,7 пайызга көбөйүү менен жыл акырына карата 7 269,1 млн. сомду түзгөн. Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздардын көлөмүнүн өсүшү эң оболу, банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында, Улуттук

банктын ноталарынын эмиссия көлөмүнүн олуттуу көбөйтүлүшү менен камсыз кылынган. Натыйжада, отчеттук жылдагы мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндөгү алардын салыштырмалуу салмагы 1,1 пайыздан 19,7 пайызга чейин өскөн. Мындан тышкары, 2007-жылы мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо үчүн чыгарылган мамлекеттик казына векселдерин рынокто жайгаштыруу көлөмү да көбөйгөн, ал эми алардын үлүшү 22,5 пайыздан 23,8 пайызга чейин өскөн.

Финансы министрлиги тарабынан Улуттук банктын, коммерциялык банктардын жана банктык эмес мекемелердин алдындагы Өкмөттүн карызын кайра тариздөө максатында чыгарылган МКМлардын салыштырмалуу салмагы 17,7 пайызга чейин кыскарган. Финансы министрлиги 2007-жылы, мурда чыгарылган казына милдеттенмелери боюнча 90,6 млн. сом суммасындагы карыздын ордун жабуу менен МКМнын кошумча эмиссиясын жүргүзгөн эмес натыйжада, жүгүртүүдөгү МКМнын көлөмү жыл ичинде 6,6 пайызга кыскарып, 1 290,1 млн. сомду түзгөн. Ушул баалуу кагаздардын дээрлик бүтүндөй көлөмү Улуттук банктын портфелинде турат.

Өкмөттүн Улуттук банктын алдындагы карызын жөнгө салуу процессинде эмитирленген МКВ(ж)нын көлөмү өзгөргөн эмес, ал эми алардын мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмүндөгү салыштырмалуу салмагы 7,6 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда, отчеттук жылда МКМ(ж)нын бөлүгүнүн ордун жабылган. Анын натыйжасында Финансы министрлигинин Улуттук банктын алдындагы жөнгө салуучу мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча карызы 4,3 пайызга төмөндөп, отчеттук жылдын акырына карата 2 233,1 млн. сомду түзгөн, алардын үлүшү 30,7 пайызга чейин кыскарган.

***<u>1.4.3.1-график</u>***

Жүгүртүүдөгү мамлекеттик баалуу кагаздар түзүмү




Банкрот болгон финансы мекемелеринин аманатчылар алдындагы карызын кайра тариздөө максатында чыгарылган жөнөкөй жана которулма векселдер боюнча Финансы министрлигинин карызы, жыл башындагыга салыштырганда, 63,3 пайызга көбөйүү менен 29,4 млн. сомду түзгөн. 2007-жылы 41,1 млн. сом суммасына векселдер чыгарылган жана мурда эмитирленген 30,0 млн. сом суммасындагы векселдердин ордун жабылган. Алар бир аз эле үлүштө калуу менен мамлекеттик баалуу кагаздардын жалпы көлөмүндө 0,4 пайызды түзгөн.

### 1.4.3.1. Мамлекеттик казына векселдери

Мамлекеттик казына векселдери Финансы министрлиги тарабынан мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоо максатында 3, 6, 12, 18 жана 24 айлык мөөнөткө чыгарылат. МКВны баштапкы жайгаштыруу боюнча аукциондор, жума сайын мамлекеттик казына векселдерин чыгарууну тейлөө боюнча генералдык агент болуп саналган Улуттук банкта өткөрүлөт. Алардын эмиссиясынын көлөмү бюджеттик керектөөлөргө ошондой эле, калыптанган рынок коньюнктурасына жараша Финансы министрлиги тарабынан белгиленет.

***1.4.3.1.1-график***

МКВларга суроо-талап жана аларды жайгаштыруу




2007-жылы МКВ биринчилик рыногундагы жагдай, адаттагыдай эле, ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөрүп туруусу жана анын банк тутумунда топтоштурулушу таасири астында калыптанган. Жылдын экинчи жарымында инфляция арымынын тездеши шартында, акчакредит саясатын күчөтүү боюнча Улуттук банк тарабынан көрүлгөн чаралар МКВ биринчилик рыногуна байкалаарлык таасирин тийгизген. Алып көрсөк, жылдын биринчи жарымында коммерциялык банктардагы үстөк камдардын жогорку деңгээлде болушу, рынок конъюнктурасын жакшыртууга өбөлгө түзүү менен мамлекеттик казына векселдерине жогорку суроо-талап сакталып калган, ал эми кирешелүүлүк МКВнын дээрлик бардык түрү боюнча төмөндөгөн. 2007-жылдын үчүнчү чейреги ичинде МКВ кирешелүүлүгү банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүк деңгээлинин өзгөрүп туруусу жана МКВ сунушунун көлөмүнүн көбөйүүсү таасири астында бара-бара жогорулаган. Аяк оона айынын акырында рыноктун бардык сегменттеринде векселдердин кирешелүүлүгүнүн олуттуу жогорулоосу катталган, бул Улуттук банктын ноталарынын биринчилик рыногунда чендердин өсүшү менен шартталган. Ал эми тогуздун айынын алгачкы аптасында, МКВнын бардык түрү боюнча тооруктар, кирешелүүлүктүн олуттуу өзгөрүп туруусуна (волатилдүүлүгүнө) байланыштуу

өткөрүлбөгөн катары таанылган. Андан ары рыноктогу жагдай турукташуу менен кыска мөөнөттүү (жүгүртүү мөөнөтү 3 жана 6 ай болгон МКВлар) векселдердин кирешелүүлүгү кыска чекте өзгөрүп турган, ошол эле учурда узак мөөнөттүү векселдердин (жүгүртүү мөөнөтү 12, 18 жана 24 ай болгон МКВлар) кирешелүүлүгү төмөндөгөн.

***1.4.3.1.1-таблица***

Эмиссия көлөмү жана МКВлардын орточо жылдык кирешелүүлүгү*

| | 2006 | | | 2007 | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сатуу көлөмү *млн. сом.* | Салыштырмалуу салмак *пайыздар* | Кирешелүүлүк *пайыздар* | Сатуу көлөмү *млн. сом.* | Салыштырмалуу салмак *пайыздар* | Кирешелүүлүк *пайыздар* |
| **Бардыгы болуп** | **1 315,4** | **100,0** | **8,8** | **1 687,6** | **100,0** | **7,4** |
| анын ичинде: | | | | | | |
| жүгүртүү мөөнөтү 3 ай болгон МКВ | 97,2 | 7,4 | 4,8 | 245,9 | 14,6 | 4,8 |
| жүгүртүү мөөнөтү 6 ай болгон МКВ | 147,2 | 11,2 | 5,7 | 442,0 | 26,2 | 5,7 |
| жүгүртүү мөөнөтү 12 ай болгон МКВ | 426,1 | 32,4 | 7,0 | 461,8 | 27,4 | 7,0 |
| жүгүртүү мөөнөтү 18 ай болгон МКВ | 371,8 | 28,3 | 9,9 | 312,4 | 18,5 | 9,6 |
| жүгүртүү мөөнөтү 24 ай болгон МКВ | 273,1 | 20,8 | 13,2 | 225,4 | 13,4 | 11,4 |

* Улуттук банктын областтык башкармалыктары аркылуу жайгаштырылган МКВлардын көлөмүн эске алуу менен келтирилген маалыматтар.

МКВ эмиссиясынын жалпы көлөмү 2007-жылы 1 687,6 млн. сомду түзгөн жана бир жыл мурдагы көрсөткүчкө салыштырганда 28,3 пайызга көбөйгөн. Отчеттук жылы Финансы министрлиги жүгүртүү мөөнөтү 18 ай жана 24 айлык МКВларды чыгаруу көлөмүн кыскартуу менен кыска мөөнөттүү МКВлардын эмиссиясынын көлөмүн олуттуу көбөйткөн. Демек, кыска мөөнөттүү векселдердин үлүшү 2006-жылдагы 17,8 пайыздан 40,6 пайызга чейин өскөн. Сатуунун түзүмүндө кыска мөөнөттүү МКВнын салыштырмалуу салмагынын көбөйүүсү, ошондой эле жүгүртүү мөөнөтү 18 жана 24 ай болгон МКВ кирешелүүлүгүнүн төмөндөшү, 2007-жыл ичинде мамлекеттик казына векселдеринин жалпы орточо алынган кирешелүүлүгүн 1,4 пайыздык пунктка, 7,4 пайызга чейин азайтууга өбөлгө түзгөн.

2007-жылдагы жүгүртүүдөгү МКВнын жалпы көлөмү бештин айынын акырында 1 733,3 млн. сомду түзүү менен 37,6 пайызга көбөйгөн, ал эми МКВ эсебинен бюджетти таза каржылоонун көлөмү отчеттук жылы 425,5 млн. сомду түзгөн, 2006-жылы бул көрсөткүч 25,2 млн. сом өлчөмүндө катталган эле. Мында, жылдын акырына карата жүгүртүүдө турган векселдер дюрациясы, жыл башындагы 292 күндөн 234 күнгө чейин кыскарган.

Отчеттук жылда коммерциялык банктар мурдагыдай эле, МКВны негизги кармап туруучулардан болгон. Жыл ичинде алардын МКВ портфели 39,3 пайызга көбөйүү менен 1 713,6 млн. сомду түзгөн (жүгүртүүдөгү МКВнын жалпы көлөмүнүн 98,6 пайызы). МКВга ээлик кылган банктардын саны 20дан 19га чейин кыскарган.

МКВ экинчилик рыногунда коммерциялык банктар аларды эң башкысы,

***1.4.3.1.2-график***

МКВнын бардык түрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




репо шарттарында кредиттик бүтүмдөргө келишүүдө күрөө катары пайдаланышкан. Банктар аралык репо операцияларынын көлөмү 2006-жылга салыштырганда 6,4 пайызга кыскаруу менен 6 988,9 млн. сомду түзгөн. Ал эми бүтүмдөрдүн орточо мөөнөтү 7 күндү, жылдык орточо чен - 3,9 пайызды түзгөн. Бул төлөөгө чейинки МКВны сатып алуу/сатуу боюнча операциялардын көлөмүн отчеттук жылы 28,8 пайызга, 28,5 млн. сомго чейин азайтууга таасирин тийгизген. Бул бүтүмдөрдө төлөөгө чейинки МКВнын орточо мөөнөтү 244 күндү түзүү менен 2006-жылдагы ушул көрсөткүчкө салыштырганда, 66 күнгө узартылган, ал эми жылдык орточо чен 6,1 пайызды түзгөн.

2007-жылдын жетинин айында Финансы министрлиги, МКВ менен фондулук рынокто соода жүргүзүү боюнча пилоттук (алгачкы) долбоордун чегинде, «Кыргыз фондулук биржасы» ЖАКынын соода аянтында жүгүртүү мөөнөтү 9 ай болгон МКВны жума сайын жайгаштырууну баштаган. Өткөрүлгөн тооруктардын жыйынтыгы боюнча жетинин айында жана бештин айында ушул МКВны жайгаштыруунун жалпы көлөмү 1,4 млн. сомду түзгөн, ал эми отчеттук жылдын акырына карата орточо алынган кирешелүүлүк 8,5 пайызда катталган.

### 1.4.3.2. Улуттук банктын ноталары

Улуттук банктын ноталары жүгүртүүгө чыгарылат жана рынокто Улуттук банк тарабынан 7, 14, 28, 91 жана 182 күндүк мөөнөткө жайгаштырылат, аларды биринчилик жайгаштыруу жумалык аукциондордо жүзөгө ашырылат. Ноталар, акчакредит саясатынын инструменти (каражаты) болуп саналат жана Улуттук банк тарабынан банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу, ошондой эле эсептик ченди аныктоо максатында колдонулат. Буга чейин эсептик чен 28 күндүк ноталардын утурумдук кирешелүүлүгүнө байланыштырылып келинген, ал эми жетинин айынын сегизинен тартып 28 күндүк ноталардын акыркы 20 аукцио-

нунда түптөлгөн кирешелүүлүктүн орточолонгон мааниси катары эсептелинип келүүдө. Ноталар эмиссиясынын көлөмү Улуттук банк тарабынан акчакредит саясатынын тактикалык милдеттерине, коммерциялык банктардагы ликвиддүүлүк деңгээлине жана финансы рыногундагы жагдайга жараша белгиленет.

***1.4.3.2.1-график***

Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талап жана аларды жайгаштыруу[1]




*[1] графиктеги ажырым, катышуучулардын саны жетишсиздигинен улам, ушул мезгил аралыгындагы аукциондор өткөрүлбөгөн катары таанылгандыгына байланыштуу келип чыккан.*

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк рынокто жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталарын жайгаштырган, ал эми жетинин айында жүгүртүү мөөнөтү 91 жана 182 күндүк ноталарды сатуу боюнча аукцион өткөрүүнү баштаган. Мында, Улуттук банк ноталарды көбүнесе, алардын эмиссиясынын көлөмүн жума сайын көбөйтүү менен үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу инструменти катары пайдаланган.

2007-жылдын үчтүн айы-баш оона айларында Улуттук банк ноталарды сунуштоону жыл башындагы 24 млн. сомдон, баш оона айынын акырындагы 56 млн. сомго чейин бара-бара көбөйткөн. Коммерциялык банктардын ноталар рыногундагы жигердүүлүгү ушул мезгилде анчалык туруктуу болгон эмес. Негизинен суроо-талап, үчтүн айы-баш оона айларында орточо айлык кирешелүүлүгү төмөндөгөн жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталарга карата байкалган. Ал эми жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталарга карата суроо-талап анчалык жогору болгон эмес. Үчтүн жана бугу айларында ноталарды жайгаштыруу боюнча жарыяланган аукциондордун ири бөлүгү өткөрүлбөй калган, бирок андан кийин рынок конъюнктурасы бир аз жакшыруу менен бардык аукциондор тиешелүү сандагы катышуучулар менен өткөрүлгөн. Ошондой болсо да, ноталарга карата суроо-талап бирдей болгон эмес. Бүтүндөй алганда, үчтүн айы - баш оона айларында жүгүртүү мөөнөтү 28 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү олуттуу өзгөрүүлөргө дуушар болгон.

Аяк оона айынан тартып Улуттук банк, жүгүртүү мөөнөтү 14 жана 28 күндүк ноталардын эмиссия көлөмүн жогорку арымдарда көбөйткөн, ал эми жетинин айынан тартып, жүгүртүү мөөнөтү 91 жана 182 күндүк ноталарды жайгаштырууну

баштаган, бул инфляция арымынын ыкчамдашы шартында, акчакредит саясатынын таасирин күчөтүү зарылчылыгынан улам келип чыккан. Бештин айынын акырына карата Улуттук банктын ноталарын жумалык сунуштоо 460 млн. сомго жеткен, мындан тышкары, ушул айдын акырында аукциондон тышкары 520,0 млн. сом суммасында ноталар кошумча жайгаштырылган. Бирок, аяк оона айында жана тогуздун айынын баш жагында ноталарга карата суроо-талап, аларды сунуштоого караганда жайбаракат өскөн, ал эми ошол мезгил ичинде өткөрүлгөн аукциондордо жарыяланган эмиссия көлөмү, билдирмелердин көлөмүнөн олуттуу ашкан, бул ноталардын кирешелүүлүгүнүн жогорулоосуна таасирин тийгизген.

Андан ары рынок жаңы шарттарга ыңгайлаша алган, ага олуттуу деңгээлде банк тутумундагы үстөк ликвиддүүлүктүн сезондук өсүшү түрткү берген: 14 жана 28 күндүк ноталарга суроо-талап байкалаарлык өскөн, алардын кирешелүүлүгү жылдын акырында тиешелүүлүгүнө жараша 8,0 жана 8,4 пайызга жетүү менен төмөндөй баштаган. Улуттук банктын ноталарынын биринчилик рыногунун жаңы сегменттеринде суроо-талап төмөн деңгээлде калган: Улуттук банктын 91 күндүк ноталарын жайгаштыруу боюнча жарыяланган тогуз аукциондун төртү, 182 күндүк ноталарды жайгаштыруу боюнча жарыяланган бардык тогуз аукцион, катышуучулардын санынын жетишсиздигинен улам, өткөрүлбөгөн катары таанылган. Мамлекеттик баалуу кагаздардын ушул түрлөрүнө карата кызыгуунун анчалык жогору болбой жатышы, алар рынокко жаңыдан аралашып жаткандыгы менен шартталган.

***1.4.3.2.2-график***

Улуттук банктын ноталарынын бардык түрү боюнча орточо салмактанып алынган кирешелүүлүк




Бүтүндөй 2007-жыл ичинде Улуттук банктын ноталары 4 229,2 млн. сом суммасында жайгаштырылган, ал эми 2006-жылы Улуттук банк рынокко 172,0 млн. сом суммасында ноталарды жайгаштырган эле. Ноталардын бардык түрү боюнча кирешелүүлүктүн орточо деңгээли, 2006-жылдагыга салыштырганда, 1,4 пайыздык пунктка жогорулоо менен 5,3 пайызды түзгөн. Жүгүртүү мөөнөтү 14 күндүк ноталардын орточо жылдык кирешелүүлүгү 5,0 пайызды түзгөн болсо,

2006-жылы баалуу кагаздардын ушул түрүн Улуттук банк жетинин айында гана жайгаштыра баштаган жана алардын кирешелүүлүгүнүн орточо деңгээли 3,8 пайызды түзгөн. Улуттук банктын 28 күндүк ноталар сегментинде орточо жылдык кирешелүүлүк, 2006-жылдагыга салыштырганда, 1,9 пайыздык пунктка, 5,8 пайызга чейин көбөйгөн. Ал эми 91 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү, жыл ичинде орточо алганда, 9,6 пайыз чегинде катталган.

Улуттук банктын жүгүртүүдөгү ноталарынын көлөмү 2007-жылдын акырына карата 1 433,3 млн. сомду түзгөн. Ноталарга ээлик кылып туруучулардын түзүмүндө коммерциялык банктардын үлүшү 82,3 пайызды, юридикалык жактар-резиденттердики - 17,7 пайызды түзгөн. Улуттук банктын ноталары 11 банктын портфелинде турган.

### 1.4.4. Депозиттер жана кредиттер рыногу

2007-жылы банк тутумунда депозиттердин жана кредиттердин[1] көбөйүү тенденциясы, алардын айрым бир төмөндөшү катталган күз айларын эске албаганда, бүтүндөй отчеттук мезгил ичинде сакталып турган. Отчеттук жыл ичинде банк тутумунун депозиттик базасы[2] 38,9 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырына карата 23,6 млрд. сомду түзгөн, ал эми кредит портфели[3] 78,6 пайызга көбөйүп, 21,5 млрд. сомду түзгөн. Ошону менен бирге эле, отчеттук жылы депозиттер жана кредиттер рыногунун өнүгүүсүнүн дээрлик бардык сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү жакшырган, буга 2006-жылдын акырында, негизинен айылчарбасына узак мөөнөттүү кредиттерди берүүгө адистешкен КАФКнын базасында «Айыл Банк» ААКсын түзүү да, байкалаарлык таасирин тийгизген. Мындан тышкары 2007-жылдын бештин айынын жыйырма төртүндө «АКБ Инсан» жабык акционердик коомунун реабилитацияланышына байланыштуу, анын банк ишин жүзөгө ашыруу укугуна лицензиясы калыбына келтирилген. Бүтүндөй банк тутумунун ишин чыңдоого, банкрот болгон банктардын карыздарынын бөлүгүн төлөөнүн, эсептен алып салуунун жана аларды мамлекеттик баалуу кагаздарга кайра тариздөөнүн натыйжасында, депозиттеринин жана кредиттеринин кыскаруусу өбөлгө түзгөн. Жылдын акырына карата депозиттик базанын жалпы көлөмүндөгү ушул банктардын салыштырмалуу салмагы 1,2 пайыздан 0,8 пайызга чейин, ал эми кредит портфелинде 5,7 пайыздан 3,0 пайызга чейин кыскарган.

Коммерциялык банктардын депозиттик базасынын жана кредит портфелинин кеңейүүсү банк тутумунун финансылык ортомчулугунун натыйжалуулугунун жогорулоосу менен коштолгон. Алсак, 2007-жылы банктардын өлкө экономикасынын өнүгүүсүнө кошкон салымынын өсүш тенденциясы сакталган: депозиттик базанын ИДПга карата катышы жыл ичинде 15,0дөн 16,9 пайызга чейин, ал эми кредиттердин көлөмүнүн ИДПга карата катышы 10,6 пайыздан 15,4 пайызга чейин өскөн. Экономиканы кредиттөө көлөмүнүн озгон арымында өсүшүнүн натыйжасында, кредиттер менен депозиттер ортосундагы катыш да 70,7 пайыздан 91,0 пайызга чейин жогорулаган.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардагы депозиттер бүтүндөй отчеттук мезгил ичинде өсүшүн уланткан, бирок, 2007-жылдын тогуздун - жетинин айларында улуттук валютанын алмашуу курсунун чыңдалуусу таасири астында, четөлкө валютасындагы депозиттердин кыскаруусу катталган. Тогуздун айында

[1] Коммерциялык банктардын регулятивдик отчетторунан алынган маалыматтар боюнча.
[2] Өкмөттүн жана финансы мекемелеринин депозиттерин эске алуу менен.
[3] Дисконтту эске алуусуз.

бул көпчүлүк деңгээлде валюталык депозиттердин сомдук эквивалентинин көлөмүнүн азайуусу, ал эми жетинин айында доллар түрүндөгү депозиттердин агылып чыгуусу менен шартталган. Бүтүндөй жыл ичинде иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттик базасы 39,5 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырында 23,4 млрд. сомду түзгөн. Депозиттердин көбөйүүсү, эң оболу, улуттук валютадагы депозиттердин жогорку өсүш арымы менен (дээрлик 2 эсеге) камсыз кылынган. Натыйжада депозиттик базаны долларлаштыруу отчеттук жыл ичинде 13,6 пайыздык пунктка, 52,1 пайызга чейин төмөндөгөн. Экономикалык субъекттердин улуттук валютага жана бүтүндөй банк тутумуна карата ишениминин бекемделишин улуттук валютадагы депозиттердин нак акча (М0) көлөмүнө карата катышынын 12,4 пайыздык пунктка көбөйүп, жылдын акырында 42,1 пайызды түзгөндүгү да тастыктайт.

***1.4.4.1-график***

Иштеп жаткан коммерциялык банктардагы депозиттердин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Иштеп жаткан коммерциялык банктардын депозиттеринин негизги көлөмүн мурдагыдай эле, үлүшүнүн төмөндөшүнө карабастан (2,0 пайыздык пунктка, 73,4 пайызга чейин), юридикалык жактардын аманаттары түзгөн. Юридикалык жактардын депозиттеринин көлөмү жыл ичинде 35,8 пайызга көбөйгөн, мында алардын улуттук валютадагы депозиттери 2 эседен көбүрөөккө, ал эми четөлкө валютасындагы депозиттери 3,3 пайызга өскөн. Жеке адамдардын депозиттеринин өсүш арымы байкаларлык жогору болуу менен 50,8 пайызды түзгөн, анын ичинде калктын улуттук валютадагы аманаттары 75,3 пайызга, ал эми четөлкө валютасындагы аманаттары 35,4 пайызга өскөн.

Депозиттик базанын 2007-жылдагы убакыт аралыгы боюнча түзүмүндө, аманаттар мөөнөттүүлүгүнүн узартылышынын оң тенденциясы калыптанган. Алсак, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин үлүшү 17,0 пайыздык пунктка, депозиттик базанын жалпы көлөмүндө 61,1 пайызга чейин кыскарган, ал эми 3 айга чейинки мөөнөттөгү мөөнөттүү депозиттердин үлүшү 2,0 пайыздык пунктка, 8,0 пайызга чейин азайган. Натыйжада, депозиттик базанын дюрациясы 2,5 айдан 6,6 айга чейин, анын ичинде мөөнөттүү депозиттер боюнча 11,4төн 16,9 айга чейин көбөйтүлгөн.

Депозиттердин көбөйүүсү иштеп жаткан көпчүлүк коммерциялык банктар-

да байкалган жана ал финансылык ресурстардын рынокто концентрациялануусунун андан ары төмөндөө процесси менен коштолгон.

2007-жылы депозиттик базанын кирешелүүлүгүнүн жогорулоосу катталган: улуттук валютадагы депозиттердин калдыктары боюнча чен отчеттук жыл ичинде 4,7 пайызды түзүү менен 1,0 пайыздык пунктка өскөн, четөлкө валютасындагы депозиттердин калдыгы боюнча чен 0,7 пайыздык пунктка, 2,2 пайызга чейин көбөйгөн.

Иштеп жаткан коммерциялык банктар тарабынан жаңыдан кабыл алынган депозиттердин[1] көлөмү, 2006-жылдагыга салыштырганда, негизинен резидент эмес кардарларды тейлөөгө алган коммерциялык банктардын бирinde четөлкө валютасындагы талап боюнча төлөнүүчү аманаттардын агымынын азайуусуна байланыштуу, 2,7 пайызга кыскаруу менен 73,6 млрд. сомду түзгөн. Ошол банктын депозиттерин эске албаганда, банк тутумуна жаңыдан тартылган депозиттердин көлөмү 64,4 млрд. сомду түзүп, 15,5 пайызга көбөйгөн.

Улуттук валютадагы жаңыдан кабыл алынган депозиттер боюнча пайыздык чен, 2007-жыл ичинде орточо алганда, 2006-жылдагыга салыштырганда, мөөнөттүү депозиттердин эң оболу, узак мөөнөттүүлөрдүн агылып кирүүсүнүн жана үлүшүнүн көбөйүүсүнө байланыштуу 0,3 пайыздык пунктка, 2,2 пайызга чейин көбөйгөн. Мында жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттердин кирешелүүлүгү дээрлик алардын бардык түрү боюнча төмөндөп, бүтүндөй алганда 0,5 пайыздык пунктка азайуу менен 6,9 пайызды түзгөн. Четөлкө валютасындагы депозиттер боюнча орточо жылдык пайыздык чен негизинен, мөөнөттүү депозиттер агымынын салыштырмалуу салмагынын көбөйүүсүнүн эсебинен да, 2006-жылдагыга салыштырганда, 0,5 пайыздык пунктка көбөйүү менен 0,9 пайызды түзгөн. Жыл ичинде жогорку чекте өзгөрүп тургандыгына карабастан, четөлкө валютасындагы мөөнөттүү депозиттер боюнча чендердин өзгөрүүсү бир азды - 5,2 пайыздан 5,4 пайызга чейинкини түзгөн.

***<u>1.4.4.2-график</u>***

Жаңыдан кабыл алынган мөөнөттүү депозиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




[1] Жаңыдан тартылган депозиттердин көлөмүндө юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү эсептерине келип түшкөн каражаттар эсепке алынбайт.

Капиталдаштырууну көбөйтүүнүн жана коммерциялык банктардагы депозиттердин, четөлкө инвестицияларынын агылып кирүүсүнүн ошондой эле, финансылык ресурстарга суроо-талаптын өсүшүнүн эсебинен банк тутумунун ресурстук базасынын кеңейүүсү шартында банктар 2007-жылы экономиканын ар кандай секторлорун жигердүү кредиттөөнү улантышкан. Ошондой болсо да, күз мезгилинде экономиканы кредиттөө көлөмү төмөндөгөн, бул Казакстандагы жагдайдын ички рынокко канчалык деңгээлде таасир эте тургандыгынын белгисиздиги, ошондой эле инфляция арымынын тездеши жана финансы рыногундагы чендердин өсүшү шартында, коммерциялык банктар тарабынан жүргүзүп жаткан саясатка байланыштуу болгон. Бүтүндөй 2007-жыл ичинде иштеп жаткан коммерциялык банктардын чогуу алгандагы кредит портфели 83,7 пайызга көбөйүү менен жылдын акырында 20,9 млрд. сомду түзгөн. Анын ичинде улуттук валютадагы кредиттер 2,3 эсеге, четөлкө валютасындагылар 65,0 пайызга көбөйгөн. Натыйжада, улуттук валютадагы кредиттердин үлүшүнүн озгон арымда өсүшү кредит портфелинин түзүмүндө 30,6 пайыздан 37,6 пайызга чейин өскөн.

Отчеттук жылда узак мөөнөттүү (бир жылдан ашкан мөөнөткө) кредиттөөнүн өсүшүнүн алгылыктуу тенденциясы сакталып турган, бул кредит портфелинин убакыт аралыгы боюнча түзүмүндөгү анын үлүшүнүн 14,8 пайыздык пунктка, жылдын акырындагы 67,4 пайызга чейин көбөйүүсүнөн көрүнгөн. Натыйжада, кредит портфелинин дюрациясы 21,6 айдан 25,2 айга чейин өскөн.

Кредиттер көлөмүнүн көбөйүүсү иштеп жаткан бардык коммерциялык банктар боюнча катталган. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин концентрациялануу индекси отчеттук мезгил ичинде өзгөргөн эмес жана бештин айынын акырына карата 0,09ду түзгөн, бул концентрациялануунун төмөндүгүн жана рыноктун 11 банк ортосунда бөлүштүрүлүшүнө барабар экендигин көрсөтөт. Айрым банктардын кредит портфелинин тармактык концентрациялануу деңгээли да, дээрлик өзгөргөн эмес, ал бештин айынын акырына карата 0,45ти түзгөн, бул көпчүлүк банктардын кредиттик карызын болжол менен алганда, эки тармак ортосунда бөлүштүрүлүшүн далилдейт. Кредиттердин тармактарда концентрациялануусу да жогору бойдон калууда: 11 тармактан 8инин концентрациялануу индекси 0,18ден көбүрөөктү түзгөн.

***<u>1.4.4.3-график</u>***

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)



Иштеп жаткан коммерциялык банктардын улуттук валютадагы портфелин түзгөн кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен, 2007-жылы 3,1 пайыздык пунктка, 21,3 пайызга чейин төмөндөгөн, ал эми четөлкө валютасында 0,1 пайыздык пункта жогорулоо менен 18,1 пайызды түзгөн.

***1.4.4.4-график***

Жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин динамикасы




Жаңыдан берилген кредиттер көлөмү 2007-жылы мурдагы жылга салыштырганда, 51,1 пайызга көбөйүп, 24,5 млрд. сомду түзгөн. Анын ичинде улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 79,1 пайызга көбөйүү менен 4,7 млрд. сомду түзгөн, ал эми четөлкө валютасындагы кредиттер агымы 39,8 пайызга өсүп, 16,1 млрд. сомду түзгөн. Жаңыдан берилген кредиттер агымынын көбөйүүсү, байланыш чөйрөсүнө жана даярдоо, кайра иштетүү тармагына багытталган кредиттерди эске албаганда, бардык тармактар боюнча байкалган. Мында, жаңыдан берилген кредиттердин көлөмүнүн эң чоң өсүшү айылчарбасына бөлүнгөн кредиттер (4,2 эсеге), ипотека кредиттери (77,5 пайыз) боюнча катталган, натыйжада бул тармактардын салыштырмалуу салмагы, 2006-жылдагыга салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 7,7 жана 12,0 пайыздык өсүшкө ээ болгон. Отчеттук жылы, соода жүргүзүүгө кредиттер агымы да байкалаарлык өскөн (56,7 пайызга), натыйжада анын үлүшү 45,4 пайызга чейин көбөйгөн. Үй чарбаларына берилген кредиттердин салыштырмалуу салмагы 8,9 пайызды, өнөржайына 6,2 пайызды, курулушка 6,7 пайызды түзгөн. Транспортту, байланыш тармагын, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле, даярдоо жана кайра иштетүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө кредиттердин салыштырмалуу салмагы бир аз эле бойдон калуу менен 1,6 пайызды түзгөн. Ал эми, отчеттук жылда башка кредиттердин үлүшү 11,5 пайыз чегинде болгон.

Улуттук валютадагы жаңыдан берилген кредиттер боюнча чендердин орточо деңгээли 2,4 пайыздык пунктка төмөндөө менен 23,2 пайызды түзгөн. Жаңы кредиттердин наркынын төмөндөшү реалдуу сектордун дээрлик бардык тармактарында катталган, мында айылчарбасына, соода жүргүзүүгө жана коммерциялык операцияларга кредиттердин наркынын азайуусу ошондой эле, кредиттердин тармактык түзүмүнүн өзгөрүүсү улуттук валютадагы кредиттер боюнча орточо пайыздык чендердин төмөндөөсүнө олуттуу таасирин тийгизген. Четөлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча чендердин деңгээли, бир мезгил ичинде орточо алганда 18,5 пайызды түзгөн жана кредиттер агымындагы

структуралык өзгөрүүлөрдүн таасиринен ошондой эле, «жана башка» кредиттер, өнөржайына жана курулушка кредиттер боюнча чендердин өсүшүнүн натыйжасында, 1,2 пайыздык пунктка жогорулаган.

Экономиканы кредиттөөгө банктык эмес финансы-кредит мекемелери да активдүү катышкан. Бул мекемелердин чогуу алгандагы кредит портфели 0,7 пайызга көбөйүү менен 2007-жылдын акырына карата 4,9 млрд. сомду түзгөн (мурдагы КАФКны эске албаганда, өсүш 76,5 пайызды түзгөн).

# II

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2007-ЖЫЛДАГЫ ИШИ

# АКЧАКРЕДИТ САЯСАТЫ

## 2.1. Акчакредит саясатынын максаттары жана натыйжалары

Тиешелүү акчакредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын жалпы деңгээлинин туруктаашуусуна жетишүү жана аны колдоп туруу Улуттук банктын ишинин негизги максаты. Баанын жалпы деңгээлининин туруктуулугунун көрсөткүчү инфляция болуп саналат, анын мааниси жыл сайын акчакредит саясат жөнүндө билдирүүдө жарыяланат.

Улуттук банктын 2007-жылга акчакредит саясат жөнүндө билдирүүсүнө ылайык, инфляция боюнча максаттуу көрсөткүч (ориентир) 5,0-6,0 пайыздан ашпаган чекте белгиленген (2007-жылдын декабры 2006-жылдын декабрына карата), мында дүйнөлүк рыноктордогу конъюнктуранын олуттуу өзгөрүүсү шартында, Улуттук банк ушул көрсөткүч боюнча тиешелүү корректировкалоолорду киргизиши мүмкүндүгү көрсөтүлгөн.

2007-жылдын биринчи жарымында республикада баанын жалпы деңгээлинин өсүшүнүн иш жүзүндөгү арымы бүтүндөй алганда, инфляциянын прогноздук динамикасына ылайык келген. Бирок, кийинчерээк, теке айынын акырында жана баш оона айында дан эгинине, унга жана дан азыктарына баанын кескин өсүшүнөн көрүнгөн тышкы монетардык эмес факторлордун таасиринен улам, инфляциянын айкын деңгээли 2007-жылга жарыяланган максаттуу көрсөткүчтөн ашкан. Мына ушуларды эске алуу менен инфляция арымын токтотуу боюнча Өкмөттүн, Улуттук банктын жана жергиликтүү бийлик органдарынын биргелешкен күч-аракетин талап кылган иш-чаралардын (азыктүлүк коопсуздугу боюнча кеңешти түзүү, айылчарба азыктүлүгүн атамекендик өндүрүүчүлөр жана импортерлор үчүн салык оорчулугун жеңилдетүү, контрабандага каршы күрөшүү боюнча чараларды күчөтүү, атаандаштыкты жана монополияга каршы жөнгө салууну жогорулатуу, акчакредиттик, бюджет-салыктык жана инвестициялык саясаттар боюнча аракеттерди координациялоо ж.б.) комплексттүү планы иштелип чыккан. Бул иш-чаралардын планы баш оона айынын акырында Өкмөт менен Улуттук банктын биргелешкен токтому менен бекитилген жана ага ылайык 2007-жылга инфляция көрсөткүчү өзгөртүлүп, 9 пайызга жакын деңгээлде белгиленген.

Жылдын аяк оона айында жана тогуздун айында Өкмөт жана Улуттук банк тарабынан тиешелүү чаралардын, атап айтканда, мамлекеттик запастардан дан эгинин алуу, дан эгинин импорттоочулар үчүн жеңилдиктерди караштыруу, үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу жана акча массасынын өсүшүн токтотуу боюнча операциялар көлөмүн көбөйтүү сыяктуу оперативдүү чаралардын көрүлүшүнө карабастан, коңшу өлкөлөрдө дан эгинине баанын өсүшүнүн ички баага карата инерциялык таасири уланган. Мындан тышкары, коңшу өлкөлөрдө дан өсүмдүктөрүнө баанын жогорулатылышына улай эле, сүт азыктарынын, өсүмдүк майынын жана башка тамакаш азыктарынын наркынын өсүшү жүргөн, аларды олуттуу көлөмдө ички керектөө да импорттук берүүлөрдүн эсебинен камсыз кылынган.

Ички баанын жалпы деңгээлинин кескин өсүшүнө анализдөөлөрдү жүргүзүүдө, өлкө калкын жеринде өндүрүлгөндөрдүн эсебинен негизги тамакаш азыктары менен камсыз кылуу жана экономиканын ачыктыгы деңгээли сыяктуу, факторлорду эске алуу маанилүү. Акыркы жылдары республикада дан өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү төмөндөп кеткендиги жана айдоо аянттарынын кыскаргандыгы катталган. Ошондуктан өлкөдө керектелинген азыктардын

олуттуу бөлүгү четөлкөлөрдөн алынып келинген. Мындан тышкары, коңшу өлкөлөрдө баанын кыйла жогорку деңгээлде болушу себебинен республикада өндүрүлгөн товарларга суроо-талаптын жогору болгондугу байкалган, бул да инфляциянын өсүшүнө түрткү берген. Бул жерде негизги тамакаш азыктарына баанын өсүшү коңшу өлкөлөрдө гана эмес, дүйнөнүн дээрдик бардык регионунда жүргөндүгүн белгилеп кетүү да зарыл. Глобалдуу масштабда алганда, ири өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, эң башкысы Кытай, Индия жана Бразилияда негизги тамакаш азыктарын керектөөнүн артышынан улам, айылчарба товарларына суроо-талап жана сунуштун түзүмүнүн, алардын көлөмүнүн өзгөрүүсү дүйнөлүк рыноктордо баанын өсүшүнүн негизги себебинен болгон.

***2.1.1-таблица***

2007-жылдын бештин айында азыктүлүк товарларынын негизги топторуна керектөө бааларынын индекси (2005-жыл үчүн орточо жылдык мааниге карата %)

| | Тамакаш азыктары, бардыгы болуп | Нан азыктары жана талкандар | Эт | Сүт азыктары, сыр жана жумуртка | Майлар жана тоңмайлар |
|---|---|---|---|---|---|
| Европа Союзу (ЕС-27)[1] | 109,9 | 112,4 | 106,7 | 114,7 | 115,3 |
| Австрия | 110,9 | 111,7 | 105,5 | 119,1 | 118,1 |
| Бельгия | 110,4 | 115,4 | 105,6 | 116,6 | 112,1 |
| Болгария | 134,7 | 156,2 | 112,7 | 139,1 | 171,8 |
| Венгрия | 131,5 | 142,2 | 117,9 | 134,4 | 127,6 |
| Германия | 108,5 | 108,2 | 104,5 | 117,6 | 125,0 |
| Испания | 112,9 | 115,1 | 112,4 | 121,4 | 103,3 |
| Латвия | 135,8 | 156,2 | 126,0 | 145,0 | 131,4 |
| Литва | 127,8 | 144,4 | 119,0 | 136,8 | 136,8 |
| Польша | 109,6 | 117,1 | 102,0 | 115,2 | 112,2 |
| Румыния | 114,8 | 118,0 | 102,9 | 119,3 | 131,5 |
| Словения | 117,1 | 118,6 | 113,6 | 125,1 | 121,3 |
| Чехия Республикасы | 113,4 | 133,6 | 100,8 | 120,5 | 117,6 |
| Эстония | 125,8 | 135,5 | 116,9 | 137,5 | 141,5 |
| Бириккен Королевство | 111,5 | 111,8 | 105,9 | 118,9 | 124,7 |
| Россия | 130,2 | 133,2 | 120,9 | 153,7 | 152,0 |

[1] *ЕСтин бардык өлкөлөрү боюнча эларалык деңгээлде салыштырууну камсыз кылуу максатында Европа статистика системасынын стандарттарына ылайык,бирдиктүү методология боюнча эсептелинген керектөө бааларынын индекстери келтирилген.*

*Булагы: Россия Федерациясынын мамлекеттик статистикасынын федералдык кызматы.*

Инфляциянын тездешине жооп катары 2007-жылдын үчүнчү чейрегинде Улуттук банк баанын жалпы деңгээлинин өсүшүн токтотууга багытталган биринчи кезекте, акчакредит саясатын катуулатуу жагында бир катар чараларды көргөн. Алсак, үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу боюнча операциялардын көлөмү кыйла көбөйтүлгөн. Кайтарым репо операцияларынын көлөмү 2007-жыл ичинде 3562,6 млн. сомду түзгөн, ал эми 2006-жылдын ушул эле мезгилинде алардын көлөмү 1 795,9 млн. сом суммасында катталган, башкача айтканда, бул операциялардын дээрлик 2 эсеге көбөйүүсү жүргөн. Мындан тышкары, Улуттук банк коммерциялык банктар менен жыл ичинде көлөмү 1,6 млрд. сомдон ашкан депозиттик операцияларды жүргүзгөн, бул инструмент да 2006-жылдын акырында үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуу максатында колдонула баштаган. Отчеттук жылда АКШ долларын пайдалануу менен своп-операцияларынын көлөмү кө-бөйтүлгөн. Алып көрсөк, кайтарым своп-операцияларынын көлөмү 2007-жылы 1761,0 млн.

сомду түзгөн, бул 2006-жылдагыга салыштырганда 5 эседен көбүрөөккө - 337,7 млн. сомго жогору.

Ошондой болсо да, Улуттук банктын ноталары өткөн жылы банк тутумун үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун негизги инструментинен болгон. Ноталарды сатуу көлөмү 2007-жылы 4 229,2 млн. сомду түзгөн, ал эми 2006-жылы 172,0 млн. сом эле. Ноталарды сатуу боюнча операциялардын көлөмүнүн 2006-жылдагыга салыштырганда 20 эседен көбүрөөккө көбөйүүсү, үстөк ликвиддүүлүктөн арылтуунун структуралык каражаты катары ноталарды пайдаланууга тиешелүү Улуттук банктын чечимине байланыштуу болгон.

Өкмөт менен Улуттук банктын инфляцияны токтотуу боюнча иш-чаралар планынын чегинде кабыл алган чараларынын натыйжасында, азыктүлүк товарлары рыногундагы отчеттук жылдын жетинин айы-бештин айындагы баа жагдайы турукташкан.

2007-жылы ички рынокто четөлкө валютасын сунуштоонун ага карата суроо-талаптан артып турушу тенденциясы сакталып турган шартта, Улуттук банк кабыл алынган өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саясатына таянуу менен иш алып барган. 2007-жылы валюта рыногунда келишилген бүтүмдөрдүн жалпы көлөмүндө Улуттук банктын операцияларынын салыштырмалуу салмагы, 1 жыл мурдагыга салыштырганда дээрлик өзгөргөн эмес жана 8,2 пайызга жакынды түзгөн. Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан накталай эмес четөлкө валютасын таза сатып алуу 242,3 млн. АКШ долларын түзгөн. Сомдун АКШ долларына карата чыңдалуусу 6,9 пайызда катталган.

Улуттук банктын акчакредит саясатынын таасирин күчөтүү боюнча көргөн чаралары, негизги тамакаш азыктарына жана энергопродукцияларга баанын олуттуу өсүшүнөн улам, инфляциянын өтө эле жогорулап кетүүсүнө жол бербөөгө мүмкүнчүлүк берип ошондой эле, баанын өсүш потенциалын төмөндөтүүгө өбөлгө түзүп, инфляцияны монетардык түзүүчүлөрдү 3,3 пайыз чегинде чектөөгө шарт түзгөн. Мында калктын инфляциялык күтүүлөрүнүн инфляцияга салымы 10,7 пайызда катталган (маалымат үчүн: 2006-жылы монетардык факторлордун жана инфляциялык күтүүлөрдүн инфляцияга салымы 27 пайыз чегинде болгон). Отчеттук жылда баанын жалпы деңгээлинин өсүшүнө эң чоң салымды 86,0 пайыз

***2.1.1-график***

Банктардан тышкаркы акчанын, алмашуу курсунун жана керектөө баасынын индексинин өсүш арымдары



чегинде монетардык эмес факторлор кошкон. Бүтүндөй 2007-жыл ичинде республикада инфляция деңгээли 20,1 пайызды түзгөн (2007-жылдын декабры 2006-жылдын декабрына карата).

Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акчакредит саясатынын натыйжасында отчеттук жылы акча сунушунун өсүшү бир жыл мурдагыга караганда байкаларлык аз болгон: 2007-жылдын жыйынтыгы боюнча акча базасы 38,5 пайызга өсүү менен 31 575,9 млн. сомду түзгөн (2006-жылы акча базасынын өсүшү 47,4 пайыз).

Акча топтомдорунун (агрегаттарынын) ичинен кеңири мааниде колдонулуучу акча массасы М2 (банктардан тышкаркы акча + улуттук валютадагы депозиттер) эң чоң арымда көбөйгөн, отчеттук жылдагы анын өсүшү 44,2 пайызды түзгөн, ал эми М2Х акча массасы (М2 + четөлкө валютасындагы депозиттер) жайыраак арымда - 33,3 пайызга өскөн.

Отчеттук жылдын акырына карата М2Х акча массасы жыл башындагыга салыштырганда, 33,3 пайызга же 10,7 млрд. сомго көбөйүү менен 43 018,0 млн. сомду түзгөн. Бул 2006-жылдагыга караганда кыйла аз (+51,6 пайызга же 11 млрд. сомго). Банктардан тышкаркы акчанын өсүшүнүн кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын көбөйүүсүнө салымы (+7,26 млрд. сом) депозиттик базанын өсүшүнүн салымынан ашкан (+3,47 млрд. сом), мында сом түрүндөгү депозиттердин өсүш арымы четөлкө валютасындагы депозиттердин өсүш арымынан ашкан.

2007-жылдын жыйынтыгы боюнча кеңири мааниде колдонулуучу акча массасынын (М2Х) түзүмүндө төмөнкүдөй өзгөрүүлөр белгиленген:

– банктардан тышкаркы акча үлүшү 62,0 пайыз (2006-жылдын акырына карата - 60,1 пайыз);

***<u>2.1.2-таблица</u>***

Акча базасын түзгөн булактар (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом, учурдагы алмашуу курсу боюнча)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыздар* | Акча базасына таасир, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза четөлкө активдери | 24 736,0 | 36 452,1 | 11 716,1 | 47,4 | 51,4 |
| Таза эларалык камдар (резервдер) | 24 679,4 | 37 112,4 | 12 433,0 | 50,4 | 54,5 |
| Башка тышкы активдер | 110,3 | -607,8 | -718,1 | -651,0 | -3,1 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлөр | -53,6 | -52,4 | 1,2 | -2,3 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 179,2 | -2 026,1 | 153,2 | -7,0 | 0,7 |
| Таза ички активдер | 242,0 | -2 850,2 | -3 092,3 | -1 277,6 | -13,6 |
| Таза ички кредит | 1 353,0 | 314,3 | -1 038,7 | -76,8 | -4,6 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө карата талаптар | 1 545,0 | 216,3 | -1 328,8 | -86,0 | -5,8 |
| Репо | -504,2 | -193,2 | 311,0 | -61,7 | 1,4 |
| Банктардын милдеттенмелери | 312,2 | 291,2 | -21,0 | -6,7 | -0,1 |
| Башка статьялар | -1 111,0 | -3 164,5 | -2 053,5 | 184,8 | -9,0 |
| **Акча базасы** | **22 798,8** | **31 575,9** | **8 777,0** | **38,5** | **38,5** |
| Банктардан тышкаркы нак акчалар | 19 410,0 | 26 674,7 | 7 264,7 | 37,4 | 31,9 |
| Коммерциялык банктардын камдары (резервдери) | 2 889,1 | 4 014,0 | 1 124,9 | 38,9 | 4,9 |

– улуттук валютадагы депозиттердин үлүшү 18,8 пайыз (2006-жылдын акырына карата - 14,6 пайыз);
– четөлкө валютасындагы депозиттердин үлүшү 19,2 пайызды түзгөн (2006-жылдын акырына карата- 25,3 пайыз).

***2.1.3-таблица***

М2Х акча массасын түзүү булактары (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом, учурдагы алмашуу курсу боюнча)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. | Өсүш, *млн. сом* | Өсүш арымы, *пайыз-дар* | М2Хге таасир этүү, *пайыздык пункттар* |
|---|---|---|---|---|---|
| Таза четөлкө активдери | 27 426,7 | 35 258,6 | 7 831,9 | 28,6 | 24,3 |
| Таза эларалык камдар (резервдер) | 27 370,0 | 35 918,8 | 8 548,8 | 31,2 | 26,5 |
| Башка тышкы активдер | 110,3 | -607,8 | -718,1 | -651,0 | -2,2 |
| КМШ өлкөлөрү менен эсептешүүлөр | -53,6 | -52,4 | 1,2 | -2,3 | 0,0 |
| Узак мөөнөттүү тышкы милдеттенмелер | -2 179,2 | -2 026,1 | 153,2 | -7,0 | 0,5 |
| Таза ички активдер | 7 033,4 | 9 785,5 | 2 752,1 | 39,1 | 8,5 |
| Өкмөткө карата таза талаптар | 1 192,7 | -1 657,4 | -2 850,1 | -239,0 | -8,8 |
| Башка секторлорго талаптар | 11 760,2 | 21 128,9 | 9 368,7 | 79,7 | 29,0 |
| Башка статьялар | 891,1 | 1 567,7 | 676,6 | 75,9 | 2,1 |
| **Акча массасы** | **32 280,9** | **43 018,0** | **10 737,1** | **33,3** | **33,3** |
| Банктардан тышкаркы акчалар | 19 410,0 | 26 674,7 | 7 264,7 | 37,4 | 22,5 |
| Башка депозиттик корпорациялардын депозиттери | 12 870,9 | 16 343,3 | 3 472,4 | 27,0 | 10,8 |
| Улуттук валютадагы депозиттер | 4 698,1 | 8 093,9 | 3 395,8 | 72,3 | 10,5 |
| Четөлкө валютасындагы депозиттер | 8 172,8 | 8 249,3 | 76,5 | 0,9 | 0,2 |

## 2.2. Акчакредит саясатынын каражаттары (инструменттери)

2007-жылы Улуттук банк тиешелүү мыйзамда белгиленген максаттардын аткарылышына жетишүү үчүн акчакредит саясатынын өз карамагында болгон каражаттарын пайдалануу менен аларды өркүндөтүү жана андан ары өнүктүрүү боюнча ишти уланткан. Алсак, Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2007-жылдын кулжа айында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздары менен репо операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген, анда репо операцияларын жүргүзүүнүн кошумча ыкмалары каралган. Мындан тышкары, жободо операция ишке ашырылгандан кийинки кайсыл болбосун башка күнү, репо операциялары боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүү жана алардын тартибин өзгөртүү мүмкүнчүлүктөрү да каралган.

Улуттук банк Башкармасы «овернайт» кредити жана бир күндүк кредит боюнча күрөөлүк камсыздоо базасын кеңейтүү максатында, Улуттук банк аркылуу жайгаштырылуучу мамлекеттик баалуу кагаздарды (МКВ, Улуттук банктын ноталары) «овернайт» жана бир күндүк кредиттер берилген күндөн тартып, алты айга чейинки төлөө датасы менен күрөөгө алуу жөнүндө чечим кабыл алган.

Улуттук банктын эсептик ченин аныктоо механизминин натыйжалуулугун андан ары арттыруу үчүн Улуттук банк Башкармасы өзүнүн 28 күндүк ноталарынын акыркы 20 аукционунда түптөлгөн кирешелүүлүктүн орточолонгон маанисин, Улуттук банктын эсептик чени катары эсептөө жөнүндө чечим кабыл алган. Мында эсептик ченди жума сайын өзгөртүп туруунун мезгил аралыгы аныкталган.

Республикага четөлкө валютасынын олуттуу агылып кирүүсү менен колдоого алынган банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлде сакталып турушу, Улуттук банктын отчеттук жылдагы операцияларынын көлөмүнө жана түзүмүнө таасир тийгизген негизги факторлордон болгон. Ушуга байланыштуу Улуттук банктын чечимдери жана ал көргөн аракеттер негизинен, ички валюта рыногунда АКШ долларын сунуштоо, ага карата суроо-талаптан артып турушунан тышкары, Өкмөттүн чыгашалары да анын булагынан болгон, үстөк ликвиддүүлүктөн арылтууга багытталган.

Улуттук банктын 2007-жылдагы операцияларынын жалпы көлөмү, 2006-жылдагыга салыштырганда 2 эсеге (9,7 млрд. сом) көп болуу менен 20,1 млрд. сомго жакынды түзгөн. Улуттук банк операциялардын негизги көлөмүн, мурдагыдай эле, негизинен четөлкө валюталарын сатып алуучу катары иш алып барган валюта рыногунда ишке ашырган. Бирок, Улуттук банктын отчеттук жылдагы операцияларынын жалпы көлөмүндө валюталык интервенциялардын үлүшү, 2006-жылдагыга салыштырганда, 75,7 пайыздан 44,1 пайызга чейин байкалаарлык төмөндөгөн. Ошол эле учурда, үстөк ликвиддүүлүктү алып салуу максатында жүргүзүлгөн операциялардын үлүшү өскөн. Мында, четөлкө валюталарын сатуу боюнча кайтарым своп операциялары жана коммерциялык банктардан мөөнөттүү депозиттерди тартуу сыяктуу, операциялардын үлүшүнүн олуттуу көбөйгөндүгү байкалган. Ушул операциялардын жалпы көлөмдөгү салыштырмалуу салмагы, 2006-жылдагыга салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 3,5 пайыздан 8,8 пайызга чейин жана 0,5 пайыздан 8,3 пайызга чейин өскөн.

Отчеттук мезгил ичинде инфляциялык процесстердин күч алышына байланыштуу жана акчакредит саясатын катуулатуу максатында 2007-жылдын теке айында ноталарды сатуу көлөмүн бара-бара арттыруу жана аларды үстөк ликвиддүүлүктү алып салууда структуралык инструмент катары пайдалануу чечими кабыл алынган.

Ушуга ылайык, 2007-жылдын аяк оона айында «Кыргыз Республикасынын

Улуттук банкынын ноталарын чыгаруу, жайгаштыруу, жүгүртүү жана төлөө жөнүндө» жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Натыйжада, жыл жыйынтыгы боюнча Улуттук банктын ноталарын сатуу боюнча операциялардын салыштырмалуу салмагы 2006-жылдагы 1,8 пайыздан 2007-жылдагы 21,1 пайызга чейин олуттуу өскөн.

МКВ(ж) сатуу боюнча кайтарым репо-операциялары банк тутумунан үстөк ликвиддүүлүктү алып салуунун башка бир инструментинен болгон. Ушул операциялардын чогуу алгандагы үлүшү отчеттук жылы, 2006-жылдагыга салыштырганда бир азга, 18,5 пайыздан 17,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

Коммерциялык банктарды «овернайт» кредиттерин берүү, тике репо жана своп операцияларын ишке ашыруу аркылуу кайра каржылоо боюнча операцияларды Улуттук банк отчеттук жылы жүргүзгөн эмес анткени, банк тутумунда үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээлинин жогору болуп турушуна байланыштуу банктар аларды талап кылбаган.

### 2.2.1. Валюта рыногундагы операциялар

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк өзгөрүлмөлүү алмашуу курсу саясатына таянуу менен ишин уланткан. Акыркы жылдары ички валюта рыногунда АКШ долларын сунуштоо көлөмүнүн өсүшүнүн орун алып турушу шартында, Улуттук банк сомдун алмашуу курсунун кескин өзгөрүп кетишине жол бербөө максатында айрыкча, четөлкө валюталарын сатып алуу боюнча операцияларды жүргүзгөн.

АКШ долларына суроо-талаптын жогорулоосуна байланыштуу рынокто четөлкө валютасынын тартыштыгы түптөлгөн жыл башында, Улуттук банк аларды сатуу боюнча операцияларды ишке ашырган. Бирок, бирдин айынын орто ченинен тартып валюта рыногунда АКШ долларынын сунушунун эмгек мигранттарынын акчалай которууларынын агымынын өсүшүнөн, валюталык депозиттердин көбөйүүсүнөн, ошондой эле экспорттон, башка операциялардан түшүүлөрдүн натыйжасында ага карата суроо-талаптан артышы катталган. Бул жагдай 2007-жылдын акырына чейин сакталып турган жана үчүнчү чейректин акырында жана

***2.2.1.1-график***

Улуттук банктын накталай эмес четөлкө валютасы менен жүргүзгөн операциялары



төртүнчү чейректе четөлкө валютасына карата бир аз суроо-талап пайда болушу шартында, Улуттук банк АКШ долларын сатуу боюнча операцияларын жандандырган, бүтүндөй жыл ичинде четөлкө валюталарын сатып алуунун көлөмү, аны сатуу көлөмүнөн кыйла ашкан.

АКШ долларынын сомго карата алмашуу курсунун динамикасы бүтүндөй 2007-жылы төмөндөшү менен мүнөздөлгөн, жылдын бештин айында гана четөлкө валютасына карата суроо-талап менен сунуштун түзүмүнүн өзгөрүүсүнүн натыйжасында, АКШ долларынын сомго карата катышы чыңдалган. Отчеттук жыл ичинде сомдун АКШ долларына карата катышы 6,9 пайызга чыңдалуу менен жылдын акырына карата эсептик курс 35,4988 сом/АКШ долларын түзгөн.

2007-жылы Улуттук банктын банктар аралык валюта тооруктарында АКШ долларын сатып алуу боюнча операцияларынын көлөмү, 2006-жылдагы ушул эле көрсөткүчтөн 1,5 эсеге ашуу менен 282,3 млн. долларды түзгөн. Четөлкө валютасын сатуунун көлөмү 43,0 млн. АКШ долларын түзгөн, анын ичинде 3,0 млн. нак АКШ доллары жана 0,2 млн. евро сатылган.

Улуттук банк валюталык интервенциялар менен катар эле, улуттук валютадагы ликвиддүүлүктү арылтуу максатында АКШ долларын сатуу боюнча кайтарым своп-операцияларын ишке ашырган. Бул бүтүмдөрдүн жалпы көлөмү, отчеттук мезгил ичинде 48,9 млн. АКШ долларын же 1 761,0 млн. сомду түзгөн, мында операциялардын орточо алынган мөөнөтү 50 күн болгон.

***<u>2.2.1.1-таблица</u>***

Улуттук банктын накталай эмес четөлкө валютасы менен операциялары
*(миң АКШ долл.)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2006-ж., бардыгы болуп** | **-** | **49 100,0** | **66 320,0** | **79 150,0** | **194 570,0** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| четөлкө валютасын сатып алуу | - | 44 100,0 | 64 420,0 | 77 650,0 | 186 170,0 |
| четөлкө валютасын сатуу | - | - | - | - | - |
| валюталык своп операциялар (сатуу) | - | 5 000,0 | 1 900,0 | 1 500,0 | 8 400,0 |
| **2007-ж., бардыгы болуп** | **36 020,0** | **92 280,0** | **101 150,0** | **144 942,4** | **374 392,4** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| четөлкө валютасын сатып алуу | 16 170,0 | 88 480,0 | 88 650,0 | 88 950,0 | 282 250,0 |
| четөлкө валютасын сатуу | 15 750,0 | 0,0 | 6 000,0 | 21 200,0 | 42 950,0 |
| четөлкө валютасын сатуу (евро) | - | - | - | 292,4 | 292,4 |
| валюталык своп операциялар (сатуу) | 4 100,0 | 3 800,0 | 6 500,0 | 34 500,0 | 48 900,0 |

### 2.2.2. Улуттук банктын ноталары менен операциялар жана эсептик чен

Үстөк ликвиддүүлүктүн деңгээлинин жогору болуп турушуна жана коммерциялык банктардын суроо-талабынын өсүшүнө байланыштуу, акчакредит саясатынын таасирин күчөтүү максатында, 2007-жылдын экинчи жарымында Улуттук банк өз ноталарынын жумалык эмиссиясынын көлөмүн бара-бара көбөйтө баштаган.

Ноталарды сунуштоонун орточо айлык көлөмү теке айындагы 32 млн. сомдон баш оона айындагы 280 млн. сомго, аяк оона айындагы 400 млн. сомго жана 2007-жылдын жетинин-бештин айларындагы, орточо алганда 1,0-1,2 млрд. сомго чейин (ай сайын) көбөйтүлгөн.

Ошондой эле, Улуттук банктын ноталарынын жүгүртүү мөөнөттөрүн узартуу жөнүндө чечим да кабыл алынган. 2007-жылдын жетинин айында, мурда колдонулуп келинген 7, 14 жана 28 күндүк ноталарга кошумча, 91 жана 182 күндүк ноталар жүгүртүүгө чыгарылган.

Улуттук банктын ноталарын сатуунун көлөмү, кароого алынып жаткан жылы 4 229,2 млн. сомду түзгөн, бул 2006-жылдагы аларды сатуу көлөмүнөн 20 эседен көбүрөөккө, 172,0 млн. сомго ашат.

Эсептик чен акчакредит саясатынын каражаты болуп саналат жана акча ресурстарынын наркынын көрсөткүчү (ориентири) катары кызмат кылат. Ал Улуттук банк тарабынан ачык рынокто операцияларды жүргүзүү шарттарын аныктоодо эске алынат. Эсептик чендин 1,5 коэффициенти өлчөмүнө, Улуттук банк тарабынан кайра каржылоо тартибинде коммерциялык банктарга сунушталган «овернайт» кредиттери боюнча пайыздык чен байланыштырылган. Мындан тышкары, эсептик чен салык чөйрөсүндө жана айрым административдик төлөмдөрдү (айыптык төлөм, туум жана башка ушундай төлөмдөрдү) эсептөө үчүн пайдаланат.

Эсептик чендин динамикасы жыл ичинде банк тутумундагы ликвиддүүлүктүн ошондой эле, акча рыногунун башка сегменттериндеги чендердин деңгээлинин өзгөрүлүп турушуна жараша калыптанган.

2007-жыл ичинде банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээлинин жогору болуп турушу, жогорку ликвиддүү кыска мөөнөттүү активдерге, анын ичинде кирешелүүлүгү Улуттук банктын эсептик ченинин маанисине теңештирилген 28 күндүк ноталарга суроо-талаптын олуттуу артышы менен шартталган. Ноталарга карата суроо-талаптын көбөйүүсү пайыздык чендердин олку-солкулугунун (волатилдүүлүгүнүн) өсүшүнө алып келген. Ушуга байланыштуу, суроо-талаптын кыска мөөнөттүү өзгөрүүсүнүн эсептик чендин өлчөмүнө тийгизген таасирин басаңдатуу максатында, эсептик чендин аныктоо ыкмасын өзгөртүү чечими кабыл алынган. Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын аяк оона айынын он тогузундагы №42/3 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени тууралуу» токтомуна ылайык, эсептик чен 2007-жылдын жетинин айынын сегизинен тартып, 28 күндүк ноталардын акыркы 20 аукциондогу кирешелүүлүгүнүн орточолонгон маанисине теңештирилген.

Бул жерде, 28 күндүк ноталардын аукциондорунда суроо-талап сунуштун

***<u>2.2.2.1-график</u>***

Улуттук банктын эсептик ченинин динамикасы



көлөмүнөн олуттуу ашкандыгын, ошондой эле катышуучулардын саны да көбөйгөндүгүн белгилеп кетүү зарыл. Жыл акырында Улуттук банк ноталарды аукциондон тышкары кошумча жайгаштыруу ишин баштаган.

Отчеттук жыл ичинде эсептик чендин орточо деңгээли 5,6 пайызды түзгөн, бул 2006-жылдагыдан 1,6 пайыздык пунктка жогору. 2007-жылдын бештин айынын акырына карата Улуттук банктын эсептик чени 8,8 пайызды түзгөн.

### 2.2.3. Репо операциялары

Репо операциялары Улуттук банктын акчакредит саясатынын негизги каражаттарынын бири болуп саналат жана банк тутумундагы ликвиддүүлүк деңгээлин жөнгө салуу үчүн колдонулат. Репо операциялары Улуттук банктын белгилүү шарттарда мамлекеттик баалуу кагаздарды башкача айтканда, келишимде аныкталган мөөнөттөн кийин, ошол баалуу кагаздарды кайтара сатып алуу милдеттенмеси менен сатып алуу же сатууну түшүндүрөт.

Отчеттук жылы банк тутумунда ликвиддүүлүк деңгээли туруктуу жогору болуп турган шартта, Улуттук банк кыска жана орто мөөнөттүү ликвиддүүлүктү алып салуу максатында, репо шарттарында (кайтарым репо) мамлекеттик баалуу кагаздарды сатуу боюнча операцияларды жүргүзгөн. Бул бүтүмдөрдө Улуттук банктын активдер портфелинде турган мамлекеттик жөнгө салуу казына векселдери - МКВ(ж) пайдаланылган.

***2.2.3.1-таблица***
Улуттук банктын репо операциялары
*(миң сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек | Жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|
| **2006-ж., бардыгы болуп** | **85 000,8** | **112 500,5** | **525 000,9** | **1 073 350,7** | **1 795 852,9** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 85 000,8 | 112 500,5 | 525 000,9 | 1 073 350,7 | 1 795 852,9 |
| **2007-ж., бардыгы болуп** | **351 817,0** | **915 794,0** | **1 549 522,0** | **745 470,0** | **3 562 603,0** |
| *анын ичинде:* | | | | | |
| тике репо операциялары | - | - | - | - | - |
| кайтарым репо операциялары | 351 817,0 | 915 794,0 | 1 549 522,0 | 745 470,0 | 3 562 603,0 |

Ачык рынокто операцияларды кыйла жигердүү ишке ашырууну Улуттук банк, коммерциялык банктардын эсептеринде бош каражаттардын калдыктарынын деңгээли жогору экендиги байкалган, отчеттук жылдын экинчи жана үчүнчү чейректеринде жүргүзгөн.

Баалуу кагаздарды сатуу боюнча репо бүтүмдөрүнүн жалпы көлөмү 2007-жылы, андан мурдагы жылдагыга салыштырганда, дээрлик эки эсеге көбөйүү менен 3,6 млрд. сомду түзгөн. Кайтарым репо операцияларынын орточо алынган мөөнөтү 55 күндөн 34 күнгө чейин кыскартылган, ал эми ушул бүтүмдөрдөн орточо алынган кирешелүүлүк, бир азга өсүү менен 4,5 пайызды түзгөн.

### 2.2.4. Депозиттик операциялар

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан жалпы көлөмү 1664,0 млн. сомдук депозиттерди Улуттук банкта жайгаштыруу боюнча коммерциялык банктар менен 45 бүтүм келишилген. Мында, депозиттин минималдуу көлөмү 10,0 млн. сом өлчөмүндө белгиленген. Бүтүмдөрдүн мөөнөттүүлүгү тиешелүүлүгүнө жараша, 1,8 жана 2,0 пайыз чени боюнча 7 күндү же бир айды түзгөн.

### 2.2.5. Милдеттүү камдар (резервдер)

Милдеттүү камдык талаптар акча массасынын көлөмүн жөнгө салуунун маанилүү каражаты, ошондой эле финансылык туруксуздук шартында банк тутумунун төлөөгө жөндөмдүүлүгүнүн жана туруктуулугунун белгилүү бир гарантиясы болуп саналат.

2007-жылы милдеттүү камдардын ченеми өзгөргөн эмес жана коммерциялык банктардын депозиттик базасынын орточо күндүк көлөмүнөн 10 пайызы деңгээлинде калган. Камдык талаптарды эсептөөдө колдонулган депозиттик базанын курамы да өзгөргөн эмес жана ал өзүнө төлөө мөөнөтү бир жылдан ашкан четөлкө валютасындагы депозиттерден тышкары, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын бардык депозиттерин камтыган. Милдеттүү камдарды эсептөөдө депозиттик базанын курамындагы четөлкө валютасындагы калган депозиттерди эсепке алуу үчүн Улуттук банк Башкармасы тарабынан жылына эки жолу белгиленген, АКШ долларынын катталган курсу колдонулган. Улуттук валютанын курсунун чыңдалуусуна байланыштуу, өлкөнүн башкы банкы, АКШ долларынын катталган курсунун өлчөмүн эки жолу төмөндөткөн: кулжа айында 39,3төн 38,0 сом./АКШ долларына, аяк оона айында - 37,0 сом./АКШ долларына чейин.

Отчеттук жыл ичинде депозиттердин өсүш тенденциясы демек, милдеттүү камдардын өсүшү сакталып калган. Бүтүндөй 2007-жылы милдеттүү камдардын көлөмү 43,8 пайызга көбөйүү менен бештин айынын акырында 2 188,7 млн. сомду түзгөн.

***2.2.5.1-таблица***

Коммерциялык банктардын улуттук валютадагы камдарынын орточо күндүк деңгээли

*(млн. сом)*

| | 1-чейрек | 2-чейрек | 3-чейрек | 4-чейрек |
|---|---|---|---|---|
| **2006-ж., бардыгы болуп** | **2 169,7** | **1 764,9** | **1 992,1** | **2 389,3** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 1 145,7 | 1 324,1 | 1 422,5 | 1 575,4 |
| үстөк камдар | 1 023,9 | 440,9 | 569,6 | 813,9 |
| **2007-ж., бардыгы болуп** | **2 397,7** | **2 573,4** | **2 749,9** | **3 245,0** |
| *анын ичинде:* | | | | |
| милдеттүү камдар | 1 548,9 | 1 638,5 | 1 920,2 | 2 006,5 |
| үстөк камдар | 848,8 | 934,9 | 829,7 | 1 238,4 |

Отчеттук мезгил ичинде бардык коммерциялык банктар милдеттүү камдык талаптарды аткарышкан, мында бул талаптарды сактагандыгы үчүн аларга төлөнгөн компенсациялардын суммасы, 2006-жылдагыга салыштырганда, 63,1 пайызга көбөйүү менен 34,6 млн. сомду түзгөн.

## 2.3. Эларалык камдарды тескөө

Улуттук банк, эларалык камдарды тескөөнү Эларалык камдарды тескөөдөгү тобокелдиктерди жөнгө салуу саясатына, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2007-жылга эларалык камдарынын эталондук портфели жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эларалык камдарынын түзүмү жөнүндө» жана «Эларалык камдардын инвестициялык активдерин тескөөдөгү лимиттер жөнүндө» жоболорго ылайык жүзөгө ашырган.

Ликвиддүүлүктү колдоо жана эларалык камдардын коопсуздугун камсыз кылуу Улуттук банктын артыкчылыктуу милдеттеринен болуп саналат. Эларалык камдарды тескөөдө кирешелерди арттыруу (максимизациялоо) принциби, активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принциптерди так сактоо шартында гана аткарылат.

Улуттук банк Башкармасы жана Инвестициялык комитети тарабынан банктын инвестициялык стратегиясын, эларалык камдардын портфелинин түзүмүн, инвестициялык инструменттердин тобокелдигинин жана кирешелүүлүгүнүн катышын аныктоо, ошондой эле банктын контрагенттерин тандоо жагында чечимдер кабыл алынган. Камдык активдерди тескөөдө келип чыккан тобокелдиктерди минимизациялоо максатында, контрагенттерге карата критерийлер, талаптар жана чектөөлөр, инструменттердин түрлөрү, инвестициялоо өлчөмү жана мөөнөттөрү белгиленген.

Улуттук банктын эларалык камдарынын курамына алтын, атайы карыз алышуу укугу (СПЗ) жана четөлкө валюталарынын портфели түрүндөгү активдер кирет. Дүң камдардын көлөмү 2007-жылдын акырына карата, жыл ичинде 359,46 млн. АКШ долларына же 44,0 пайызга көбөйүү менен 1 176,6 млн. АКШ долларын түзгөн. 2007-жылы ички рынокто Улуттук банк тарабынан жүзөгө ашырылган валюталык операциялар, эларалык камдарды тескөөдөн түшкөн кирешелер, валюта портфелинин курсунун өзгөрүүсү, ошондой эле баалуу металлдарга баанын өсүшү эларалык камдардын көлөмүнүн өсүшүнүн негизги булактарынан болгон. Эларалык финансы институттарынан жана донор өлкөлөрдөн Өкмөттүн жана Улуттук банктын пайдасына валюталык каражаттардын түшүүсү активдердин өсүшүнүн башка бир булагынан болгон.

***<u>2.3.1-график</u>***
Улуттук банктын дүң эларалык камдарынын динамикасы
*(млн.АКШ долл.)*



Отчеттук жылы Улуттук банктын эларалык камдарынын курамындагы алтындын физикалык көлөмү өзгөрүүсүз калган. Эларалык камдардын түзүмүндө алтындын үлүшүнүн төмөндөшү, эларалык камдардын көлөмүнүн жалпы өсүшүнүн натыйжасынан болгон. 2007-жылга төлөмдөрдүн графигинин чегинде жүргүзүлгөн, отчеттук жылда АКУ түрүндөгү (СПЗ) (Улуттук банктын ЭВФтин алдындагы милдеттенмеси) төлөөлөр анын үлүшүнүн төмөндөшүн демек, эларалык камдардын түзүмүндөгү валюта портфелинин үлүшүнүн көбөйүүсүн шарттаган.

***2.3.1-таблица***

Улуттук банктын камдык активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| Алтын | 6,5 | 5,9 |
| Валюта портфели | 89,5 | 92,9 |
| Атайын карыз алышуу укугу | 4,1 | 1,2 |
| Бардыгы болуп | 100,0 | 100,0 |

Улуттук банктын отчеттук жылдагы эларалык камдарынын валюта портфели АКШ долларынан, евродон, швейцария франкынан, англия фунтунан, австралия жана канада долларынан, ошондой эле япон иенинен жана орус рублинен турган.

Улуттук банктын валюта портфелинин түзүмү чейректик негизде кайрадан каралып чыгуу менен дүйнөлүк экономиканын өнүгүүсүнө, эларалык финансы рынокторундагы жагдайларга жараша, ошондой эле Кыргыз Республикасынын тышкы милдеттенмелеринин валюталык түзүмүн эске алуу менен өзгөртүлүп турган.

АКШ экономикасында рецессиянын мүмкүн болушуна тиешелүү кооптонуудан улам, тышкы финансы рынокторудагы АКШ долларынын наркынын төмөндөшүнө байланыштуу тобокелдиктерди эске алып, ликвиддүүлүктү жана иш коопсуздугун колдоого алуунун негизги принциптерин сактоо менен Улуттук банк тарабынан өзүнүн валюта портфелиндеги евронун, швейцария франкынын жана англия фунтунун үлүшүн көбөйтүүнүн пайдасына, АКШ долларынын үлүшү төмөндөтүлгөн.

***2.3.2-таблица***

Камдык активдердин валюта портфелинин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| АКШ доллары | 33,8 | 28,6 |
| Евро | 28,7 | 32,3 |
| Швейцария франкы | 4,5 | 6,1 |
| Англия фунту | 8,9 | 11,6 |
| Австралия доллары | 10,7 | 10,3 |
| Канада доллары | 13,4 | 11,1 |
| Жана башкалар* | 0,0 | 0,0 |
| Валюта портфели, бардыгы болуп | 100,0 | 100,0 |

** 2007-жылы үлүштөрү 0,0039 пайызды түзгөн япон иенасын жана орус рублин камтыйт (2006-жылы - 0,0004 пайыз).*

Отчеттук жылы эларалык камдар эң башкысы, ички валюта рыногунда операцияларды жүзөгө ашыруу, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызын тейлөө жана Өкмөттүн эларалык уюмдарга жана интеграция институттарына үлүштүк төлөмдөрүн төлөө үчүн пайдаланылган.

Ликвиддүүлүктүн зарыл болгон деңгээлин колдоп туруу, ошондой эле эларалык камдарды тескөөнүн натыйжалуулугун арттыруу максатында, камдык активдер менен иш алып баруу портфелдик негизде түзүлгөн. Валюта портфелин иштөөчү жана инвестициялыкка бөлүү камдардын кирешелүүлүгүнүн тиешелүү деңгээлин колдоп турууну камсыз кылган. Иштөөчү капиталдын активдери кыйла ликвиддүү инструменттерге жайгаштырылуу менен Улуттук банктын жана Өкмөттүн четөлкө валютасындагы төлөмдөрү, ички валюта рыногундагы операциялар үчүн колдонулган. Инвестициялык портфелди тескөө эларалык камдардын бекитилген эталондук портфелине ылайык жүргүзүлгөн.

Улуттук банк эларалык камдарды эң эле ишенимдүү жана ликвиддүү инструменттерге: баалуу кагаздарга, мөөнөттүү депозиттерге, ошондой эле бир күндүк репо операцияларына жайгаштырган. Улуттук банктын баалуу кагаздар портфели АКШнын, Германиянын, Австралиянын мамлекеттик баалуу кагаздарын, европалык эмитенттердин (ЕСР) коммерциялык баалуу кагаздарын, ошондой эле, Эларалык эсептешүүлөр банкынын кыска мөөнөттүү инвестициялык инструменттерин камтып турган. Мөөнөттүү депозиттер эларалык финансылык институттарда, четөлкөлөрдүн борбордук жана коммерциялык банктарында жайгаштырылган.

Камдык активдер өнүккөн өлкөлөрдүн борбордук банктарына, эларалык финансылык институттарга жана дүйнөнүн алдынкы рейтингдик агенттиктери тарабынан жогорку кредиттик рейтингге ээ болгон четөлкө коммерциялык банктарында жайгаштырылган. Финансы рынокторуна жүргүзүлгөн анализдөөлөр жана банк-контрагенттердин иш көрсөткүчтөрүнө мониторинг туруктуу жүргүзүлүп турган.

2007-жыл АКШда ипотекалык кредиттөө кризисине байланыштуу дүйнөлүк финансы рынокторундагы олуттуу өзгөрүүлөр менен мүнөздөлгөн. Коопсуздук принцибин жетекчиликке алуу менен Улуттук банк, коммерциялык банктарда жайгаштырылган инвестициялык активдердин үлүшүн, эларалык финансылык институттардын пайдасына төмөндөткөн.

***<u>2.3.3-таблица</u>***

Улуттук банктын камдык активдеринин жайгаштырылышынын түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

*(пайыздар)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| Эларалык финансы институттары | 28,0 | 44,5 |
| Борбордук банктар | 32,5 | 32,6 |
| Коммерциялык банктар | 39,0 | 22,7 |
| Улуттук банк | 0,5 | 0,2 |
| Бардыгы болуп | 100,0 | 100,0 |

Улуттук банктын ликвиддүүлүгү төмөн активдери «Борбордук Азия кызматташуу жана өнүгүү банкы» жабык акционердик коомундагы депозиттерден жана Мамлекеттер аралык банктын уставдык капиталына катышуусунан турат. 2007-жылдын акырына карата Улуттук банктын эларалык камдарынын курамындагы ликвиддүүлүгү төмөн активдердин көлөмү, бир жыл мурдагы 3,88 млн. АКШ долларына караганда, 3,87 млн. АКШ долларын түзгөн.

# ФИНАНСЫ-КРЕДИТ МЕКЕМЕЛЕРИ БОЮНЧА БАЯНДАМА ЖАНА АЛАРДЫН ИШИН ЖӨНГӨ САЛУУ

Улуттук банк финансы-кредит системасынын туруктуулугун бекемдөө, өзүнөн лицензия алышкан финансы-кредит мекемелериндеги проблемаларды алдын алууну кошо алганда, көзөмөл методологиясын жана тажрыйбасын өркүндөтүү боюнча ишти отчеттук жылда да уланткан.

Кароого алынган мезгил ичинде коммерциялык банктар системасынын өнүгүүсүндө акыркы бир нече жылда байкалган позитивдүү тенденциялар сакталып калган. Банк секторунун жогорку арымда өсүшүнүн уланышына, анын ичинде банктардын кредит портфелинин өсүшүнө байланыштуу, Улуттук банктын негизги күч-аракети банктардын кредиттик жана башка тобокелдиктерине байланыштуу потенциалдуу проблемаларын өз учурунда аныктоого багытталган.

## 3.1. Банк тутумунун иши боюнча баяндама

Отчеттук жылы Кыргыз Республикасынын аймагында 22 коммерциялык банк[1] (ЭСКны жана Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) иштеп турган. Ушул мекемелердин иши боюнча баяндама, иштеп жаткан коммерциялык банктардын 2006-жыл үчүн корректировкаланган жылдык регулятивдик отчетторунун жана 2007-жыл үчүн алдынала отчетторунун негизинде даярдалган.

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталы[2] 3 897,6 млн. сомго, же 77,2 пайызга өсүү менен 2007-жылдын акырына карата абал боюнча 8 944,1 млн. сомду түзгөн. Мында уставдык капитал[3] 61,3 пайызга көбөйгөн.

***3.1.1-график***

Коммерциялык банктардын регулятивдик суммардык капиталынын өсүш динамикасы




---

[1] 2007-жылдын үчтүн айынан тартып «Айыл Банк» ААКсы боюнча маалыматтар кошулган (ал КАФКнын негизинде түзүлгөн), бул банкка 2006-жылдын бештин айынын жыйырма жетисинде лицензия берилген. 2007-жылдын бештин айынын жыйырма төртүнөн тартып республиканын банк тутумуна «Манас Банк» ЖАК кошулган (мурдагы ЖАК «АКБ «Инсан»), лицензиясы калыбына келтирилип, реабилитацияланышына байланыштуу 2007-жылдын бештин айынын жыйырма төртүндө ага берилген.

[2] Банктын регулятивдик суммардык капиталына уставдык капитал, камдар (резервдер), өткөн жылдардын бөлүштүрүлбөгөн пайдасы (чыгым), отчеттук жылдын пайдасы (чыгымы) жана банкта классификацияланбаган активдерге түзүлгөн жалпы камдар кирет.

[3] Бул категорияга жөнөкөй жана артыкчылыктуу акциялар кошулган.

Коммерциялык банктардын суммардык милдеттенмелери[4] отчеттук жылда 42,6 пайызга көбөйүп, 33 111,9 млн. сомду түзгөн. Мында суммардык милдеттенмелердеги четөлкө валютасындагы милдеттенмелердин үлүшү 61,7 пайызды түзгөн (2006-жылдын акырына карата - 71,7 пайыз).

***3.1.1-таблица***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Милдеттенмелер категориясы | 2006-ж. | | 2007-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | үлүш, *(пайыздар)* | *млн. сом* | үлүш, *(пайыздар)* |
| Юридикалык жактардын талап боюнча төлөнүүчү депозиттери | 9 717,6 | 41,8 | 10 228,9 | 30,9 |
| Жеке адамдардын депозиттери | 4 135,1 | 17,8 | 6 234,9 | 18,8 |
| Юридикалык жактардын мөөнөттүү депозиттери | 1 122,9 | 4,8 | 2 815,4 | 8,5 |
| Улуттук банк алдындагы милдеттенмелер | 20,1 | 0,1 | 13,3 | 0,0 |
| Корреспонденттик эсептер | 107,3 | 0,5 | 225,9 | 0,7 |
| Башка банктардын депозиттери | 2 293,2 | 9,9 | 3 600,1 | 10,9 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 0,0 | 0,0 | 284,0 | 0,9 |
| Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери | 1 492,6 | 6,4 | 3 493,1 | 10,5 |
| Репо келишими боюнча сатылган баалуу кагаздар | 1,2 | 0,0 | 140,8 | 0,4 |
| Алынган кредиттер | 2 673,6 | 11,5 | 3 756,4 | 11,3 |
| Субординацияланган карыз | 376,8 | 1,6 | 324,9 | 1,0 |
| Башка милдеттенмелер | 1 282,3 | 5,5 | 1 994,2 | 6,0 |
| **Бардыгы болуп** | **23 222,8** | **100,0** | **33 111,9** | **100,0** |

Коммерциялык банктардын депозиттик базасы андан ары көбөйгөн. Отчеттук жылдын акырына карата иштеп жаткан коммерциялык банктардын[5] депозиттеринин көлөмү 28,7 пайызга көбөйүү менен 19 279,2 млн. сомду түзгөн. Депозиттер түзүмүндө юридикалык жактардын үлүшү 4,7 пайыздык пунктка азайуу менен банк тутумунун депозиттик портфелинин 67,7 пайызын ээлеген. Мында юридикалык жактардын депозиттеринин абсолюттук өсүшү 2 203,8 млн. сомду түзгөн. Ал эми жеке адамдардын депозиттери отчеттук мезгил ичинде 2 099,8 млн. сомго, же 50,8 пайызга көбөйгөн. 2006-жылдагыдай эле, жеке адамдардын депозиттеринин түзүмүндө, талап боюнча төлөнүүчү депозиттердин абсолюттук түрдө басымдуу өсүшү катталган.

Отчеттук жылы банктардын суммардык активдери 48,8 пайызга көбөйүү менен 42 056,0 млн. сомду түзгөн. Мында улуттук валютадагы активдер 89,7 пайызга өскөн, ал эми четөлкө валютасындагы активдер 23,7 пайызга көбөйгөн, бул улуттук валютанын чыңдалуусуна жана депозиттик базанын көбөйүүсүнө байланыштуу болгон.

Коммерциялык банктар тарабынан башка банктардагы (анын ичинде Улуттук банктагы) корреспонденттик эсептерге жайгаштырылган жогорку ликвиддүү каражаттардын, ошондой эле депозит түрүндөгү каражаттардын көлөмү, чогуу алганда 2,9 пайызга төмөндөгөн. Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча активдердин бул категориясы 11 087,5 млн. сомду түзгөн. Мындан

[4] Суммардык милдеттенмелерге банк тарабынан тартылган бардык каражаттар кошулат.

[5] Бийлик органдарынын депозиттери жана кредиттери, финансы-кредит мекемелеринин депозиттери эске алынган эмес.

***3.1.2-график***

Коммерциялык банктардын милдеттенмелеринин көлөмү
(бир мезгилдин акырына карата)




***3.1.2-таблица***

Коммерциялык банктардын активдеринин түзүмү (бир мезгилдин акырына карата)

| Активдер категориясы | 2006-ж. | | 2007-ж. | |
|---|---|---|---|---|
| | *млн. сом* | үлүш, *(пайыздар)* | *млн. сом* | үлүш, *(пайыздар)* |
| Акча каражаттары | 2 006,6 | 7,1 | 2 076,6 | 4,9 |
| Улуттук банктагы корреспонденттик эсеп | 2 889,0 | 10,2 | 4 014,0 | 9,5 |
| Башка банктардагы корреспонденттик эсептер жана депозиттер | 6 522,8 | 23,1 | 4 997,0 | 11,9 |
| Баалуу кагаздар портфели | 1 953,4 | 6,9 | 4 903,6 | 11,7 |
| Кыска мөөнөттүү жайгаштыруулар | 323,1 | 1,1 | 149,1 | 0,4 |
| Репо боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар | 505,4 | 1,8 | 334,2 | 0,8 |
| Финансы-кредит мекемелерине кредиттер | 718,3 | 2,5 | 1 515,3 | 3,6 |
| Кардарларга кредиттер | 11 298,7 | 40,0 | 20 772,7 | 49,4 |
| Атайын РППУ* | -370,1 | -1,3 | -444,8 | -1,1 |
| Негизги каражаттар | 1 493,1 | 5,3 | 2 248,7 | 5,3 |
| Башка активдер | 928,9 | 3,3 | 1 489,7 | 3,5 |
| **Бардыгы болуп** | **28 269,3** | **100,0** | **42 056,0** | **100,0** |

** Атайын РППУ дегенден улам, классификацияланган кредиттер боюнча (субстандарттык, шектүү, жоготуулар) потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарды түшүнүү зарыл.*

тышкары, бул жылы кардарларга берилген кредиттердин көлөмүнүн өсүшү байкалган[6] (83,8 пайызга).

Кароого алынып жаткан жылы кардарларга берилген «таза» кредиттердин суммардык көлөмү[7] 86,0 пайызга көбөйүү менен жылдын акырында 20 327,9 млн.

[6] Кардарларга кредиттер - бул, кредиттер жана чегерилген дисконтту кемитүү менен кардарларга финансылык ижара (финансы-кредит мекемелерине берилген кредиттер бул категорияга кошулбайт).

[7] Кардарларга «таза» кредиттер - бул, потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камдарды жана чегерилген дисконтту кемиткенден кийинки кредиттер жана кардарларга финансылык ижара (финансы-кредит мекемелерине берилген кредиттер бул категорияга кошулбайт).

***3.1.3-график***

Коммерциялык банктардын активдеринин көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




сомду түзгөн. Банктардын суммардык активдериндеги алардын үлүшү, 2006-жылдын акырындагыга салыштырганда 9,7 пайыздык пунктка көбөйүп, 48,3 пайызды түзгөн. Банктардын регулятивдик отчетторунун маалыматтары боюнча «классификацияланбаган»[8] активдер классификацияланууга тийиш болгон активдердин суммасынын 97,4 пайызын, «классифицияланган»[9] активдер 2,6 пайызын түзгөн. Активдердин сапатынын айрым бир жакшырусу (демек, кредит портфелинин) коммерциялык банктардын кредит портфелинин олуттуу өсүшүнө байланыштуу жүргөн. Отчеттук мезгилде кредит портфелинин олуттуу өсүш арымы байкалгандыгынан улам, Улуттук банк банктардын кредиттик тобокелдигине байланыштуу потенциалдуу проблемаларды өз учурунда аныктоо боюнча иш жүргүзгөн.

***3.1.3-таблица***

Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо
*(башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категориялар | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| **Бардыгы болуп, классификацияланбагандар** | **96,5** | **97,4** |
| *анын ичинде:* | | |
| нормалдуу | 51,4 | 38,7 |
| канааттандыраарлык | 40,9 | 55,4 |
| байкоого алынган | 4,2 | 3,4 |
| **Бардыгы болуп, классификациялангандар** | **3,5** | **2,6** |
| *анын ичинде:* | | |
| субстандарттык | 1,7 | 1,0 |
| шектүү | 0,4 | 0,6 |
| чыгашалуу | 1,4 | 1,0 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп, *млн. сом*** | **23 658,4** | **35 274,5** |

[8] Классификацияланбаган активдер (кредиттер) категориясына нормалдуу, канааттандыраарлык жана байкоого алынган кредиттер категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

[9] Классифицияланган активдер (кредиттер) категориясына субстандарттык, шектүү жана жоготуулар категориясына чегерилген активдер (кредиттер) кирет.

***3.1.4-таблица***

Кардарларга берилген кредиттерди классификациялоо

*(башкасы көрсөтүлбөсө, пайыздар)*

| Категориялар | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| **Бардыгы болуп, классификацияланбагандар** | **93,8** | **96,4** |
| *анын ичинде:* | | |
| нормалдуу | 4,2 | 3,4 |
| канааттандыраарлык | 81,0 | 87,4 |
| байкоого алынган | 8,6 | 5,6 |
| **Бардыгы болуп, классификациялангандар** | **6,2** | **3,6** |
| *анын ичинде:* | | |
| субстандарттык | 3,2 | 1,3 |
| шектүү | 0,8 | 0,9 |
| чыгашалуу | 2,2 | 1,4 |
| **Бардыгы болуп** | **100,0** | **100,0** |
| **Бардыгы болуп,** ***млн. сом*** | **11 298,7** | **20 772,7** |

Коммерциялык банктардын материалдык базасы (негизги каражаттары) өсүшкө ээ болуу менен отчеттук жылдын акырына карата 2 248,7 млн. сомду түзгөн (50,6 пайыздык өсүш). Жыл ичинде капиталдаштыруу деңгээлин жогорулатуу, кредиттик ишти андан ары жакшыртуу улантылып, калайык-калкка кызмат көрсөтүүлөрдүн жаңы түрүн сунуштоо өнүккөн.

Кароого алынып жаткан жылда коммерциялык банктардын пайыздык сыяктуу эле (тиешелүүлүгүнө жараша, 76,6 пайыз жана 105,3 пайыз), пайыздык эмес (тиешелүүлүгүнө жараша, 87,6 пайыз жана 79,5 пайыз) кирешелери жана чыгашалары өсүшүн уланткан. Банктардын таза операциялык кирешелери 2007-жылы, андан мурдагы жылдагыга салыштырганда, 74,8 пайызга көбөйүү менен 1899,7 млн. сомду түзгөн.

***3.1.5-таблица***

Кирешелер жана чыгашалар түзүмү

*(млн. сом)*

| Категориялар | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 2 174,3 | 3 839,6 |
| Пайыздык чыгашалар | 571,7 | 1 174,0 |
| Таза пайыздык кирешелер | 1 602,5 | 2 665,6 |
| Пайыздык эмес кирешелер | 1 966,0 | 3 688,4 |
| Пайыздык эмес чыгашалар | 2 481,8 | 4 454,3 |
| Таза операциялык киреше (чыгым) | 1 086,7 | 1 899,7 |
| Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга кам | 247,9 | 197,0 |
| Салык алынганга чейинки таза киреше (чыгым) | 838,7 | 1 702,7 |
| Пайда салыгы | 85,1 | 159,9 |
| Таза пайда (чыгым) | 753,7 | 1 542,8 |

Банктардын потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга каралган камдарга чегерүүлөрү 197,0 млн. сомду түзгөн, бул 2006-жылдагы ушул көрсөткүчтөн 20,5 пайызга аз.

Отчеттук жылды банк тутуму 1 542,8 млн. сом өлчөмүндөгү таза пайда алуу менен жыйынтыктаган, ал эми 2006-жылдын жыйынтыгы боюнча финансылык натыйжа 753,7 млн. сомду түзгөн (2 эсеге өсүш).

Банк тутумунун отчеттук жылдагы абалы банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда туруктуу жагдай өкүм сүргөндүгүн тастыктоодо. Банктардын ишинде төмөнкүдөй позитивдүү өзгөрүүлөр байкалган:

- банк ишинин чөйрөсүн кеңейтүүнүн жана кредиторлордун жана аманатчылардын банктарга карата ишениминин артышына өбөлгө түзгөн фактор катары, коммерциялык банктардын капиталдык базасынын чыңдалуусу (77,2 пайызга өсүш);
- коммерциялык банктар системасынын негизги көрсөткүчтөрүнүн өсүшү (активдер 48,8 пайызга, милдеттенмелер - 42,6 пайызга көбөйгөн);
- коммерциялык банктар системасынын финансылык ортомчулук деңгээлин мүнөздөгөн көрсөткүчтөрдүн өсүшү: депозиттердин ИДПга карата катышы (бийлик органдарынын депозиттерин жана кредиттерин эске алуу менен) жана кардарларга берилген кредиттердин ИДПга карата катышы. Бул катыш отчеттук жылдын акырына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, 16,3 пайызды жана 14,9 пайызды түзгөн (2006-жылдын акырына карата, тиешелүүлүгүнө жараша, 14,6 пайыз жана 10,0 пайыз). Кароого алынып жаткан жылдын акырына карата банк тутумунун активдеринин ИДПга карата катышы 30,1 пайызды түзүү менен 2006-жылдын акырындагыга салыштырганда, 5,1 пайыздык пунктка көбөйгөн;
- калктан тартылган аманаттар көлөмүнүн өсүшү (өсүш 50,8 пайыз);
- банктардын улуттук валютада каражаттарды тартуусунун жана жайгаштыруусунун өсүшү;
- активдер кирешелүүлүгү (ROA) 1,1 пайыздык пунктка көбөйүү менен 2007-жылдын жыйынтыгы боюнча 4,3 пайызды түзгөн, ал эми капиталдын кирешелүүлүгү (ROE) 4,9 пайыздык пунктка көбөйүү менен жыл жыйынтыгы боюнча 26,2 пайызды түзгөн.

## 3.2. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин иши боюнча баяндама

Улуттук банк, негизги иши микрокредиттөө болгон банктык эмес финансы-кредит мекемелер (БФКМ) системасын өнүктүрүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырууну отчеттук жылда да уланткан.

Өкмөт менен Улуттук банктын 2005-жылдын бештин айынын отузундагы №637/37/7 токтому менен кабыл алынган Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2006-2010-жылдарда өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк стратегиясын жүзөгө ашыруу максатында, микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын укуктук базасын өркүндөтүү боюнча иш-чаралар жүзөгө ашырылган, анын ичинде:

– Кредиттик союздар ассоциациясынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» кредиттик союздардын ишин жөнгө салган мыйзам долбоору иштелип чыккан жана министрликтерге, ведомстволорго макулдашылган;
– микрофинансылык уюмдардын сунуштарын эске алуу менен иштелип чыккан «Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жаңы жобо кабыл алынган;
– сырттан карыз алуулардын жана депозиттик базанын ченемдерин либерализациялоого багытталган Кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелерине өзгөртүүлөр киргизилген.

Отчеттук жылы БФКМ системасынын динамикалуу өсүшү уланган, бул микрофинансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн өсүшүнө түрткү берген.

2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, Улуттук банк тарабынан лицензияланып, иши жөнгө салынуучу банктык эмес мекемелер системасына: адистешкен финансы-кредит мекемеси «Кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясы»; 272 кредиттик союз; 233 микрофинансылык уюм (анын ичинде 2 микрофинансылык компания, 104 микрокредиттик компания жана 127 микрокредиттик агенттик); 181 ломбард жана 318 алмашуу бюросу кирген.

2007-жылы банктык эмес мекемелердин санынын, алардын активдеринин жана кредит портфелинин көлөмүнүн көбөйгөндүгү байкалган. Бул жагдайды, биринчи кезекте, мына ушундай мекемелердин кызмат көрсөтүүсүнө муктаждык бар экендиги ошондой эле, мыйзамдык базада алардын түзүлүшүнө жана ишине карата жетиштүү либералдык талаптар каралгандыгы менен түшүндүрүүгө болот.

***3.2.1-таблица***

БФКМдердин жана алмашуу бюролорунун санынын динамикасы

| Аталышы | 2003-ж. | 2004-ж. | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Финансы компаниясы | 1 | 1 | 1 | 1 | 1 |
| Микрофинансылык уюмдар (МФК, МКК жана МКА) | 72 | 104 | 136 | 168 | 233 |
| Кредиттик союздар | 303 | 305 | 320 | 305 | 272 |
| Ломбарддар | 108 | 116 | 140 | 148 | 181 |
| Алмашуу бюролору | 261 | 266 | 260 | 263 | 318 |

Улуттук банк тарабынан отчеттук жылы аракеттенүү мөөнөтүнүн бүтүшүнө байланыштуу кайра каттоодон өткөрүүнү кошо алганда, БФКМдерге 382 лицензия жана 69 күбөлүк берилген. Ченемдик-укуктук актылардын талаптарынын сакталбагандыгы үчүн 29 лицензия жана 3 күбөлүк кайтарылып алынып, 297 лицензия жана 2 күбөлүк жокко чыгарылган.

Регулятивдик отчетторго ылайык, БФКМлардын чогуу алгандагы активдери, отчеттук мезгил ичинде 79,9[1] пайызга көбөйүү менен 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча, 6 669,9 млн. сомду түзгөн. Микрокредиттөө бул мекемелердин негизги иш багыты болуп саналат. 2006-жылдагыга салыштырганда БФКМдердин кредит портфелинин өлчөмү отчеттук жылда 76,5 пайызга көбөйүп, 4 850,3 млн. сомду түзгөн, ал эми карыз алуучулардын саны 53,7 пайызга өсүү менен 173,5 миң адамды түзгөн.

***3.2.1-график***

БФКМдердин чогуу алгандагы активдеринин жана кредит портфелинин динамикасы




Отчеттук мезгил ичинде БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинде микрофинансылык уюмдардын үлүшү 75 пайыздан 83 пайызга чейин өскөн, ал эми кредиттик союздардын үлүшү 24 пайыздан 16 пайызга чейин төмөндөгөн.

***3.2.2-график***

БФКМдердин түрлөрү боюнча кредиттик портфель (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*




[1] Бул жерде жана бүтүндөй ушул бөлүк боюнча, БФКМ системасынын отчеттук жана андан мурдагы мезгилдер үчүн маалыматтарында КАФК («Айыл Банк» ААКсы) боюнча көрсөткүчтөр эске алынган эмес, анткени бул көрсөткүчтөр банк тутуму боюнча маалыматтарда чагылдырылган.

Отчеттук жылда, андан мурдагы жылдагыдай эле, БФКМдердин кредит портфелинин эң чоң көлөмү Ош областында жана Бишкек шаарында жайгаштырылган.

***3.2.2-таблица***
БФКМдердин кредит портфелинин областтар боюнча өзгөрүүсү (бир мезгилдин акырына карата)
*(млн. сом)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| Бишкек шаары | 632,5 | 1 033,1 |
| Баткен областы | 184,8 | 281,2 |
| Жалалабат областы | 360,6 | 635,9 |
| Ысыккөл областы | 270,5 | 593,5 |
| Нарын областы | 112,2 | 233,8 |
| Ош областы | 818,7 | 1 268,0 |
| Талас областы | 170,6 | 376,7 |
| Чүй областы | 198,5 | 428,1 |

БФКМдердин чогуу алгандагы кредит портфелинин түзүмүндө 2006-жылдагыга салыштырганда, айыл чарбасынын үлүшү иш жүзүндө өзгөргөн эмес, соодага кредиттердин үлүшү 49,3 пайыздан 47,9 пайызга чейин төмөндөгөн, мында керектөө кредиттеринин көбөйүүсүнүн эсебинен, башка кредиттердин үлүшү 10,6 пайыздан 13,2 пайызга чейин өскөн.

***3.2.3-график***
Экономика секторлору боюнча кредиттик портфель (бир мезгилдин акырына карата)
*(пайыздар)*




2007-жылы БФКМдин чогуу алгандагы таза пайдасы 60,4 пайызга көбөйүү менен 370,7 млн. сомду түзгөн, мында капиталды пайдалануунун эффективдүүлүгү көрсөткүчүнүн (ROE) айрым бир өсүшкө ээ болуусу байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде, ломбарддарды эске албаганда, бардык БФКМдер тарабынан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин төмөндөшү катталган.

Отчеттук жылда кредит портфелинин эң эле олуттуу өсүш арымы микрофинансылык уюмдар системасында орун алган. Алсак, отчеттук жылы МФУлардын

***3.2.4-график***

БФКМдин таза пайдасынын жана ROA, ROE көрсөткүчтөрүнүн динамикасы




***3.2.3-таблица***

Кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чендер
*(пайыздар)*

| Аталышы | 2003-ж. | 2004-ж. | 2005-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Микрофинансылык уюмдар | 36,0 | 28,0 | 33,5 | 33,5 | 32,9 |
| Финансы компаниясы | 18,7 | 17,1 | 16,9 | 15,1 | 14,3 |
| Кредиттик союздар | 31,3 | 28,7 | 26,8 | 25,9 | 25,8 |
| Ломбарддар | 164,0 | 162,1 | 153,6 | 149,5 | 167,9 |

чогуу алгандагы кредит портфели 97,1 пайызга көбөйүү менен 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 4 051,5 млн. сомду түзгөн.

МФУлардын карыз алуучуларынын саны, отчеттук күнгө карата 74,1 пайызга өсүү менен 142,5 миң адамды түзгөн. Төлөө мөөнөттөрү боюнча МФУлардын кредит портфели негизинен орто жана кыска мөөнөттүү кредиттерден турган.

Бул уюмдардын кредит портфелине жүргүзүлгөн анализдөөлөр, үлүшүнө чогуу алгандагы кредит портфелинин 50,8 пайызы туура келген (2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 56,0) соода жүргүзүү жана айылчарбасы - 29,2 пайызга (2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата - 25,0) кредиттөөнүн негизги багыттарынан бойдон калган. Эларалык финансы институттарынан каражаттарды тартуу, ошондой эле алардын капиталынын көбөйүүсү МФУлардын кредит портфелинин өсүшүнүн негизги булагынан болгон.

Кредиттик союздардын чогуу алгандагы кредит портфели 2007-жылы 13,9 пайызга көбөйүү менен жылдын бештин айынын отуз бирине карата 767,7 млн. сомду түзгөн. Алардын кредит портфелинин түзүмүндө кредиттердин негизги үлүшү, айылчарбасына - 50,8 пайызга жана соодага - 33,5 пайызга туура келген (2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата, тиешелүүлүгүнө жараша, 55,7 жана 29,7 пайыз). Кредиттик союздардын карыз алуучуларынын саны 2007-жыл ичинде 5,7 пайызга кыскаруу менен бештин айынын отуз бирине карата 20,7 миң адамды түзгөн. Кредиттик союздарда карыз алуучулардын санынын кыскаруусу алардын өзүнүн санынын кыскаруусуна байланыштуу болгон, бул өз кезегинде, биринчиден мыйзамдарды, Улуттук банктын ченемдик талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн бир катар кредиттик союздардын лицензияларынын кайтарылып алынышына, ошондой эле алардын кээ бирлеринин өзүнөн-өзү жоюлушуна, экинчиден, 2006-жылы Азия Өнүгүү Банкынын Кыргызстанда кредиттик союздарды өнүктүрүү боюнча 1997-жылы башталган «Айылдык финансы институтта-

ры» долбоорунун бүтүшү менен шартталган. Ушул долбоордун аякташы менен кредиттик союздардын алдында каржылоонун башка булактарына керектөөнүн зарылдыгы келип чыккан.

Кыргыз Республикасы менен Азия Өнүгүү Банкынын ортосунда 1997-жылы түзүлгөн кредиттик келишимдин шарттарына ылайык, жогоруда көрсөтүлгөн долбоор боюнча Улуттук банк тарабынан «Кредиттик союздарды өнүктүрүү жана колдоо боюнча Финансы компаниясы» ЖЧКсын менчиктештирүүгө даярдык көрүү жагында иш-чаралар жүргүзүлгөн. Отчеттук жылдын акырында тиешелүү документтер Өкмөттүн кароосуна берилген.

Улуттук банк 2007-жылы катышуучулардан депозиттерди тартуу укугуна беш кредиттик союзга кошумча лицензия берген, жылдын бештин айынын отуз бирине карата алты кредиттик союз мына ушундай лицензияга ээ болгон.

Ломбарддардын кредит портфели 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата 31,1 млн. сомду түзгөн жана мында керектөө кредиттери негизгиден болгон.

Жеке ишкерлерге жана юридикалык жактарга алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүүнүн чегинде, Улуттук банк тарабынан отчеттук жылы, 330 алмашуу бюросунун иши текшерүүгө алынган. Мындан тышкары, Улуттук банк өз алдынча жана Өкмөткө караштуу Финансы полициясы кызматы менен бирдикте, накталай четөлкө валюталары менен алмашуу операцияларын жүргүзүү эрежелерин бузуу, лицензиясыз иш алып баруу аракеттерин, аныктоо максатында алмашуу бюролоруна текшерүүлөрдү (рейддер) жүргүзгөн. Натыйжада, алмашуу операциялары чөйрөсүндө административдик укук бузууларга тиешелүү 90 дело кароого алынып, жалпы суммасы 126 миң сомго административдик жазапулдар салынган, алардын ичинен 98,5 миң сому төлөнгөн. Ал эми төлөнбөгөндөрү боюнча делолор Сот аткаруучулары кызматына жөнөтүлгөн.

## 3.3. Финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүк жана жөнгө салуу

### 3.3.1. Лицензиялоо

Банк тутумунун 2007-жылдагы өнүгүүсү 2006-жылдагы иш жыйынтыгы боюнча алынган бөлүштүрүлбөгөн пайда сыяктуу эле, жаңы инвестициялардын агылып кирүүсүнүн эсебинен, капиталдык базанын эң эле арымдуу өсүшү менен коштолгон. Бардык коммерциялык банктардын төлөнгөн уставдык капиталы, отчеттук жылы 61,3 пайызга көбөйүү менен 5 805,8 млн. сомду түзгөн.

Республиканын финансы системасынын туруктуу иши жана эл аралык укуктун талаптарына жооп берген мыйзамдык базанын орун алышы республикага инвестициялардын агылып кирүүсү үчүн өбөлгө түзгөн. 2007-жылы гана Кыргыз Республикасынын банк тутумуна (банктардын капиталына) жалпы суммасы 1 300 млн. сомдон ашкан инвестициялар салынган, негизинен инвестициялар Казакстандан, Латвиядан, Пакистандан тартылган.

Мындан тышкары, Германиянын, Казакстандын, Ирандын ишкер чөйрөлөрүнүн өкүлдөрү республиканын банк тутумуна инвестицияларды салууга кызыкдар экендигин билдиришип, банк лицензиясын алууга өтүнүч кат менен кайрылышкан.

Банк тутумунун инвестициялык өтүмдүүлүгү банктардын менчик ээлеринин түзүмүнүн өзгөрүүсүнөн да көрүнгөн. Алсак, «АТФБанк - Кыргызстан» ААКсы «АТФБанк» (Казахстан) АКсынын туунду банкы болуп саналуу менен UniCredito Italiano Group банктык тобунун катышуучусу болуп калган. Анын курамына «АТФБанк - Кыргызстан» ААКсынын негизги ээси болгон Bank Austria Creditanstalt AG кирет. «ИНЭКСИМБАНК» жабык акционердик коомунун акцияларынын контролдук пакетин ал сатып алгандыктан, бул банк "Банк ТуранАлем" (Казахстан) АКсынын туунду банкынын статусун алган. КИКБнын акционерлеринин курамына «Хабиб Банк ЛТД» (Пакистан) кирген. Ошондой эле «Экобанк» ААКсынын жана «АзияУниверсалБанк» ААКсынын акцияларынын олуттуу пакетин жеке адамдардын сатып алуусуна макулдук берилген.

Өкмөттүн инвестицияларды тартуу программасынын алкагында 2007-жылы, Улуттук банктын кызматкерлери “Кыргызстан-Казакстан”, ошондой эле «Кыргызстан-Россия Федерациясы» бизнес форумдарына катышкан, анда интеграциялануу процесстерин андан ары өнүктүрүү жолдору жана эң эле маанилүү проблемалар талкууга алынган. Ал эми бул, мындан ары экономикалык өсүшкө, инвестицияларды тартууга жана өлкөлөр ортосунда өз ара пайдалуу өнөктөштүк мамилени чыңдоого өбөлгө түзөт.

Отчеттук жыл ичинде Улуттук банк тарабынан ошондой эле, иштеп жаткан банктардын иш чөйрөсүн кеңейтүү, анын ичинде банктардын ишине карата чектөөлөрдү алып салуу аркылуу кеңейтүү маселелери да каралган. Алып көрсөк, ЭСК ААКсына банктык операцияларды жүргүзүүгө толук лицензия берилген, РК «Аманбанк» ААКсынын лицензиясы туунду финансы инструменттери менен операцияларды жүргүзүү, башка ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жана компаниялардын (банктардан тышкары) капиталына катышуу, тресттик операцияларды жана баалуу металлдар менен операцияларды жүргүзүү жагында кеңейтилген.

Отчеттук мезгил ичинде «Инсан» АКБсын реабилитациялоо жол-жобосу бүткөрүлүп, банк операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясы калыбына келтирилген.

Накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча мамлекеттик программанын чегинде Улуттук банк, почта-сактык системасын түзүү,

«Кыргызпочтасы» мамлекеттик ишканасын реформалоо концепциясы боюнча маселелерди кароого катышкан.

Сунушталып жаткан кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүн кеңейтүү жана өлкө региондорунун калкынын банктык кызмат көрсөтүүлөрдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, 2007-жыл ичинде коммерциялык банктар филиалдарын жана сактык кассаларын ачуу аркылуу, республиканын региондорун тейлөө мүмкүнчүлүгүн жигердүү кеңейте алышкан. Алып көрсөк, кароого алынып жаткан жылы, коммерциялык банктар тарабынан 91 сактык касса жана 43 филиал, анын ичинде алардын 12си алыскы райондордо ачылган.

***3.3.1.1-таблица***

Филиалдар түйүнүн өнүктүрүү динамикасы

| Областтар | Филиалдардын саны | |
|---|---|---|
| | 2006-ж. | 2007-ж. |
| Бишкек | 30 | 38 |
| Чүй | 27 | 33 |
| Ысыккөл | 24 | 32 |
| Нарын | 13 | 17 |
| Талас | 8 | 9 |
| Жалалабат | 30 | 37 |
| Ош | 29 | 36 |
| Баткен | 11 | 13 |
| **Жыйынтыгы:** | **172** | **215** |

### 3.3.2. Тышкы көзөмөл

Улуттук банк коммерциялык банктардын ишин мониторингдөө, берилген отчетторго анализдөөлөрдү жүргүзүү жана инспектордук текшерүүлөр аркылуу тышкы (аралыктан туруп) көзөмөлдү жүзөгө ашырат, бул алардын ишинде келип чыгышы мүмкүн болгон проблемаларды алдын алууну камсыз кылып, банк тутумунун туруктуулугун колдоого өбөлгө түзөт.

Коммерциялык банктардын ишине тышкы көзөмөл, банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктерге баа берүүнүн негизинде ишке ашырылган. Негизги тобокелдиктерге төмөндө келтирилген баа берүүлөр, иштеп жаткан коммерциялык банктардын 2006-жыл үчүн коррективкаланган жылдык регулятивдик отчетторунун жана 2007-жыл үчүн алдынала даярдалган отчетторунун негизинде жүргүзүлгөн.

*Төлөөгө жөндөмсүздүк тобокелдиги*. Коммерциялык банктардын төлөөгө жөндөмдүүлүгү потенциалдуу чыгымдардын ордун жабуу үчүн суммардык капиталдын жетиштүүлүгү деңгээли менен мүнөздөлөт.

Кароого алынып жаткан жылда «таза» тобокелдиктүү активдер[1] 10 712,1 млн. сомго өскөн, ал эми «таза» суммардык капитал[2] 3 773,9 млн. сомго көбөйгөн. 2007-жылдын акырына карата банк тутумунун суммардык активдериндеги тобокелдиктүү активдердин салыштырмалуу салмагы 67,9 пайызды түзгөн (2006-жылдын акырына карата 63,1 пайыз).

---

[1] Коммерциялык банктардын аларга мүнөздүү кредиттик тобокелдик деңгээли боюнча таразаланган активдери жана балансттан тышкаркы милдеттенмелери.

[2] Банктын акционерлеринин капиталын, отчеттук жана андан мурдагы жылдардагы иштин финансылык натыйжасын, туунду уюмдарга инвестицияларды, башка финансы-кредит мекемелеринин капиталын эске албаганда, түзүлгөн камдарды камтыган эсептик көрсөткүч. Бул көрсөткүч Улуттук банк тарабынан белгиленген экономикалык ченемдердин маанисин эсептөөдө колдонулат.

***3.3.2.1-таблица***

Коммерциялык банктар системасынын суммардык капиталынын шайкештигинин көрсөткүчү (бир мезгилдин акырына карата)

| | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| «Таза» суммардык капитал, *млн. сом* | 5 024,5 | 8 798,3 |
| «Таза» тобокелдиктүү активдери, *млн. сом* | 17 834,9 | 28 547,0 |
| Суммардык капиталдын шайкештигинин коэффициенти, *пайыздар* | 28,2 | 30,8 |
| Суммардык капиталдын шайкештигинин ченеми (кем эмес), *пайыздар* | 12,0 | 12,0 |

Уставдык капиталдын, ошондой эле коммерциялык банктарга кошумча капитал катары чегерилген каражаттардын көбөйүүсү, банк тутумунун капиталынын жалпы көлөмүнүн өсүшүнө алып келген, мында активдердин өсүшүнө салыштырганда «таза» суммардык капиталдын озгон арымда өскөндүгү байкалган (тиешелүүлүгүнө жараша 75,1 пайыз жана 48,8 пайыз). Ал эми бул, капитал шайкештигинин чогуу алгандагы коэффициентинин көбөйүүсүнөн көрүнгөн жана банктардын тышкы таасирлерге финансылык туруктуулугунун артышын тастыктайт.

Отчеттук жылы капиталдын өсүшү, Улуттук банктын капитал боюнча талаптарынын аткарылышынын натыйжасында сыяктуу эле, жаңы инвестициялардын агылып кирүүсүнүн, банктардын камдарынын жана бөлүштүрүлбөгөн пайдаларынын көбөйүүсүнүн эсебинен да жүргөн.

*Кредиттик тобокелдик* активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоонун негизинде бааланат[3]. Потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга түзүлгөн камдардын (РППУ), өзүндө кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган активдердин жалпы суммасына карата катышы катары эсептелинген кайтарылбай калуу тобокелдиги отчеттук жылдын акырына карата, 2006-жылдын акырындагыга салыштырганда, төмөндөө менен 2,8 пайызды түзгөн. 2007-жылдын акырына карата мөөнөтүнөн өткөрүп жиберилген активдердин суммасы 490,6 млн. сомду же өзүндө кредиттик жоготуулар тобокелдигин камтыган бардык активдердин 1,4 пайызын түзгөн. Ал эми 2006-жылдын акырында бул көрсөткүч 1,9 пайызды же 456,2 млн. сом суммасында катталган эле.

*Валюталык тобокелдик* четөлкө валютасындагы активдердин жана милдеттенмелердин ошондой эле, коммерциялык банктардын суммардык активдердеги же милдеттенмелериндеги алардын үлүшү катары бааланат. 2007-жылдын акырына карата банк тутумунун валюталык активдери 21 701,1 млн. сомду же суммардык

***3.3.2.2-таблица***

Коммерциялык банктардын четөлкө валютасындагы активдери жана милдеттенмелери (бир мезгилдин акырына карата)

*(млн. сом)*

| | 2006-ж. | 2007-ж. |
|---|---|---|
| Четөлкө валютасындагы активдер | 17 539,9 | 21 701,1 |
| Четөлкө валютасындагы милдеттенмелер | 16 643,7 | 20 428,1 |

*Эскертүү: Улуттук банктын 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата эсептик курсу боюнча - 1 АКШ доллары үчүн 35,4988 сом.*
*Улуттук банктын 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата эсептик курсу боюнча - 1 АКШ доллары үчүн 38,1238 сом*

[3] Маалыматтар отчеттун «Банк тутуму боюнча баяндама» деп аталган 3.1-бөлүгүнүн «Активдерди жана баланстан тышкаркы милдеттенмелерди классификациялоо» деп аталган 3.1.3-таблицасында келтирилген.

активдердин 51,6 пайызын түзгөн. Коммерциялык банктардын четөлкө валютасындагы милдеттенмелери 20 428,1 млн. сомду же бардык милдеттенмелердин 61,7 пайызын түзгөн.

*Ликвиддүүлүк тобокелдиги* мөөнөттөрдүн ар бир интервалында милдеттенмелердин активдер менен орду жабылышы көз карашынан кароого алынат, бул активдердин жана милдеттенмелердин мөөнөттөр боюнча дал келбеши шартында, каражаттарга болгон керектөөгө баа берүү мүмкүнчүлүгүн сунуштайт. Коммерциялык банктардын ликвиддүүлүк тобокелдигине 2007-жылы жүргүзүлгөн анализдөөлөр, активдердин жана милдеттенмелердин төлөө мөөнөтү боюнча терс ажырымы 90 күнгө чейинки мөөнөттөр боюнча байкалгандыгын көрсөтүүдө, ал эми 90 күндөн ашкан мөөнөттөр боюнча оң ажырымдын орун алышы, банктар өз милдеттенмелеринин ордун жабуу үчүн узак мөөнөткө каралган каражаттар булагына ээ экендигин чагылдырууда.

***3.3.2.3-таблица***

Активдер жана милдеттенмелер, мөөнөттөр боюнча алганда

*(млн. сом)*

| 2006-ж.* | Мөөнөттөр күн менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 жана андан ары | Бардыгы болуп |
| Финансылык активдер | 12 548,0 | 1 889,5 | 1 404,8 | 3 389,3 | 7 168,4 | 26 400,0 |
| Финансылык милдеттенмелер | 14 889,4 | 1 629,6 | 985,8 | 1 610,5 | 2 279,3 | 21 394,6 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -2 341,3 | 259,9 | 419,0 | 1 778,8 | 4 889,2 | 5 005,5 |
| Финансылык активдерге карата бардыгы болуп, пайыздарда | -8,9% | 1,0% | 1,6% | 6,7% | 18,5% | 19,0% |

** - 2006-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо алгандагы маалыматтар.*

| 2007-ж.** | Мөөнөттөр күн менен | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 0-30 | 31-90 | 91-180 | 181-365 | 365 жана андан ары | Бардыгы болуп |
| Финансылык активдер | 16 408,4 | 1 319,5 | 2 547,4 | 5 249,1 | 16 349,5 | 41 874,0 |
| Финансылык милдеттенмелер | 17 728,8 | 3 078,6 | 2 239,0 | 5 122,0 | 4 939,9 | 33 108,3 |
| Финансылык активдердин финансылык милдеттенмелерден ашкан суммасы | -1 320,3 | -1 759,1 | 308,4 | 127,2 | 11 409,6 | 8 765,7 |
| Финансылык активдерге карата бардыгы болуп, пайыздарда | -3,2% | -4,2% | 0,7% | 0,3% | 27,2% | 20,9% |

*** - 2007-жылдын бештин айынын отуз бирин кошо алгандагы маалыматтар.*

Негизги тобокелдиктерге жүргүзүлгөн анализдөөлөр, алар алгылыктуу деңгээлде экендигин көрсөтүүдө, ошону менен бирге эле, коммерциялык банктардын башка өлкөлөрдөн жана тышкы финансылык рыноктордон ресурстарды тартуусуна байланыштуу потенциалдуу кооптуу жагдайлар да орун алып жаткандыгын белгилеп кетүү зарыл. Ушундан улам, бул өлкөлөрдүн экономикасында же тышкы финансылык рыноктордо кандайдыр бир кризистик оорчулуктун келип чыгышы шартында, тартылган финансылык каражаттардын агылып чыгышы жана коммерциялык банктардын ликвиддүүлүгүнүн төмөндөшү тобокелдиги келип

чыгат. Улуттук банк, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн банк секторундагы, ошондой эле тышкы финансылык рыноктордо түптөлгөн тенденцияларга туруктуу көз салып туруу менен келип чыгышы мүмкүн болгон терс кесепеттерди минимизациялоо жагында тиешелүү чараларды көрүү максатында иш алып барат.

### 3.3.3. Инспектирлөө

Коммерциялык банктардын ишине көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жана жөнгө салуу чегинде, алардын финансылык абалына жана Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын талаптарынын алар тарабынан сакталышына баа берүү максатында 2007-жылы, Улуттук банктан лицензияланган бардык коммерциялык банктардын («ЭСК» ААКсын жана Пакистан Улуттук банкынын Бишкектеги филиалын кошо алганда) ишине комплекстүү текшерүүлөр жүргүзүлгөн. Мындан тышкары, отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктар тарабынан уставдык капиталды топтоо, ачык валюта позициясынын лимитин, депозиттик операцияларды жүзөгө ашыруу тартибин сактоо, активдердин сапатына баа берүү, баалуу кагаздар менен иш алып баруу, кассалык операцияларды жүргүзүү маселелерин кошо алганда, Улуттук банктын талаптарынын алар тарабынан аткарылышы жагында максаттуу текшерүүлөр ишке ашырылган.

Банктардын ишине инспекциялык текшерүүлөрдү жүргүзүү Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын жана Улуттук банктын ченемдик актыларынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылган жана алар, коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишинде орун алган тобокелдиктерге (кредиттик, операциялык, валюталык тобокелдиктер, ликвиддүүлүк, рыноктук тобокелдиктер ж.б.) кылдат анализдөөлөрдү жүргүзүүнү болжолдойт. Инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү учурунда банк ишин башкаруу процессине баа берүүгө, иштин жана операциялардын түрү боюнча тобокелдиктердин олуттуулугуна ошондой эле, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

### 3.3.4. Эскертүү чаралары

Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарга жана финансы-кредит мекемелерине карата эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө чечим Улуттук банктын Банктык көзөмөл башкармалыгы сыяктуу эле, Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат. Отчеттук жылы коммерциялык банктардын дарегине 15 эскертүү жана 3 жазма буйрук жөнөтүлгөн. Сегиз коммерциялык банктын ишине тиешелүү маселе Көзөмөл боюнча комитеттин отурумунда каралып, алардын натыйжасында 4 коммерциялык банкка акчалай айыптык төлөмдөр салынган.

### 3.3.5. Банктык жөнгө салуу жана көзөмөлдүктүн ченемдик базаларын өркүндөтүү

Улуттук банк, банктык көзөмөл жана жөнгө салуу, банктык көзөмөлдүк системасын Базель принциптерине шайкеш келтирүү боюнча ченемдик базаларды өркүндөтүү ишин отчеттук жылда да улантткан.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү максатында «Консолидацияланган көзөмөлдүк жөнүндө» жобо, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин инсайдерлери жана аффилирленген жактары менен операцияларга карата талаптар жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар

жөнүндө» жобо бекитилген. Бул ченемдик-укуктук актылар, консолидацияланган көзөмөл принциптерин колдонууга киргизүүгө, банктардын ишинин ачык-айкындуулугун арттырууга, аманатчылар таламдарын коргоого багытталган.

Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктар жана башка финансы-кредит мекемелери сунуштаган банктык кызмат көрсөтүүлөр жана операциялар рыногунда атаандаштыкты өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо максатында, банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда басымдуулук абалын аныктоо боюнча ченемдик укуктук акт кабыл алынган.

Орун алган кемчиликтерди өз учурунда натыйжалуу жөнгө салуу жана банктар проблемасы боюнча чечимдерди кабыл алуу аркылуу банк тутумунун туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу таламында «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамга ылайык, Өкмөт менен Улуттук банктын «Системалык мааниге ээ банкты реабилитациялоо боюнча чараларды жүзөгө ашырууга тиешелүү чечимдерди кабыл алуунун тартиби жөнүндө» биргелешкен токтомунун долбоору даярдалган.

Кароого алынып жаткан жылы ченемдик-укуктук актыларды «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө» мыйзамдын нормаларына ылайык келтирүү боюнча иштер улантылган. Алсак, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жана «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттерди көрүү максатында, микрофинансылык уюмдарда жана кредиттик союздарда ички контролдук системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жоболор, ошондой эле ломбарддардын ишине жана нак четөлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартибине тиешелүү айрым ченемдик-укуктук актыларга өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынган.

Микрокаржылоону 2006-2010-жылдарда өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк стратегиясынын талаптарын жүзөгө ашыруу максатында «Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, кайра өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жобонун жаңы редакциясы бекитилген.

Кыргыз Республикасы, Ислам Өнүгүү Банкы жана «Экобанк» ААКсынын ортосунда ислам каржылоо принциптерин жана банк ишин колдонууга киргизүүгө тиешелүү өз ара түшүнүшүү Меморандумунун чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын теке айынын он экисиндеги №373 «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүнүн алгачкы (пилоттук) долбоору жөнүндө» Жарлыгына ылайык, Улуттук банк тарабынан ченемдик-укуктук актылар иштелип чыгып, 2007-жылы колдонууга берилген. Бул документтерде «Экобанк» ААКсынын ишине карата, капиталдын шайкештиги, активдердин классификациялоого жана РППУга тиешелүү чегерүүлөр, кредиттик тобокелдиктерди тескөө, ачык валюта позициясынын лимиттерине, инсайдерлер менен операцияларга тиешелүү жөнгө салуучу талаптар аныкталган.

Депозиттерди коргоо системасын иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү боюнча иштер улантылган. 2007-жылы «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзам долбоору Жогорку Кеңешке белгиленген тартипте жөнөтүлгөн.

# ТӨЛӨМ СИСТЕМАСЫ

## 4.1. Төлөм системасынын өнүгүүсү

### 4.1.1. Накталай эмес эсептешүүлөр

2007-жылдын акырына карата Улуттук банк, алардын филиалдарын кошо алганда коммерциялык банктар, Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгы жана Мамлекеттер аралык банк Кыргыз Республикасынын банктар аралык төлөм системасынын катышуучуларынан болгон. Банктар аралык төлөм системасынын түзүмүн эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жана пакеттик клиринг системасы түзөт.

Отчеттук жылда төлөм системасында алгылыктуу оң тенденциялар байкалган. Банктар аралык төлөм системасы аркылуу, бардыгы болуп, 293 912,9 млн. сом жалпы суммасындагы 1 810 014 төлөм өткөрүлгөн. Төлөмдөрдүн көлөмү 2006-жылдагыга салыштырганда, 61,0 пайызга же 111 302,1 млн. сомго көбөйгөн.

***4.1.1.1-график***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча төлөмдөрдүн көлөмү (бир мезгилдин акырына карата)




Гросстук төлөмдөрдүн саны 2006-жылдагыга салыштырганда 29,3 пайызга көбөйгөн.

***4.1.1.2-график***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча төлөмдөрдүн саны (бир мезгилдин акырына карата)



Отчеттук жыл ичинде коммерциялык банктар банктык карттарды кеңири жайылтуу жана локалдык сыяктуу эле, эларалык системалардын, ошондой эле ЭЛКАРТ улуттук системасынын карттарын кабыл алуу жана тейлөө боюнча инфраструктураларды өнүктүрүү жагында жигердүү ишти уланткан.

2007-жылдын акырына карата банктык карттардын эмиссиясы, эквайринги жана аларды пайдалануу менен кардарларды эсептешүү-кассалык тейлөө боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү республиканын 21 банкынын ичинен 17си сунуштаган, алардын ичинен 16сы эмитент болуп саналуу менен эларалык карттарды (9 банк), локалдык системанын карттарын (4 банк), ошондой эле бирдиктүү улуттук системанын (14 банк) карттарын чыгарышкан.

Эларалык карттардын банк-эмитенттеринин ичинен 2 банк Visa Int. эларалык төлөм системасынын принципиалдуу катышуучусу жана 5 банк анын ассоциацияланган катышуучуларынан болгон.

Эмитирленген карттардын жана аларды пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын санынын артышы банктык карттар рыногунун активдешип бара жаткандыгын тастыктайт. 2006-жылдагыга салыштырганда, эмитирленген карттардын жалпы саны 42,8 пайызга көбөйүү менен 58 892 төлөм картын түзгөн, алардын ичинен «эмгек акы» долбоорунун чегинде 43 233 карт чыгарылган.

Картты пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялардын чогуу алгандагы көлөмү 4 220,7 млн. сомду түзгөн жана 2006-жылдагыга салыштырганда 64,9 пайызга көбөйгөн. Эларалык системалар боюнча 2 662,4 млн. сом өткөрүлгөн, бул 2006-жылда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмүнөн 65,2 пайызга көп. Локалдык системалар боюнча операциялардын көлөмү 1 455,4 млн. сомду түзгөн жана бул 2006-жылга салыштырганда 53,4 пайызга көп. Улуттук ЭЛКАРТ системасы боюнча ишке ашырылган операциялардын жалпы көлөмү 99,0 млн. сомду түзгөн.

***4.1.1.3-график***

Банктар аралык төлөм системалары боюнча төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө, карттар боюнча төлөмдөрдүн көлөмүнүн пайыздык катышы




Карт ээлери айрыкча, нак акчага айландыруу операцияларына артыкчылык беришкен. Төлөм карттарынан нак акчаларды алуу боюнча операциялардын көлөмү 4 001,8 млн. сомду түзгөн, ошол эле учурда соода-сервистик түйүндөрдө карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган бүтүмдөрдүн көлөмү 218,8 млн. сом чегинде катталган. Карттарды пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар боюнча нак жана накталай эмес төлөмдөр ортосундагы катыш, тиешелүүлүгүнө жараша, 94,8 пайызды жана 5,2 пайызды түзгөн. Карттарды пайдалануу менен нак жана накталай эмес төлөмдөрдүн мына ушундай катышы, көпчүлүк

эмитирленген карттар «эмгек акыларды» төлөөгө каралгандыгы жана алардын көпчүлүгү, бюджеттик уюмдар үчүн уюштурулгандыгы менен шартталган. Локалдык жана улуттук карттарды тейлеген «эмгек акы» долбоорлорунун санынын активдүү көбөйүүсү, ошондой эле эмгек акы үчүн каралган карттарды тейлөө шарттарынын эларалык системанын карттарына салыштырганда ыңгайлуулугу, локалдык жана улуттук карттар менен ишке ашырылган төлөмдөрдүн санынын өсүшүнө өбөлгө түзгөн.

Отчеттук жыл ичинде карттарды пайдалануу менен 1 081 348 операция ишке ашырылган. Бул 2006-жылдагыга караганда 50,7 пайызга көп. Алардын ичинен эларалык системалар боюнча 442 648 операция же 2006-жылдагыга салыштырганда 83,0 пайызга көп жүзөгө ашырылган. Локалдык системалар боюнча 597 462 операция ишке ашырылган, бул 2006-жылдагыга салыштырганда, 25,7 пайызга көп. Улуттук ЭЛКАРТ системасы боюнча жыл ичинде 41 023 операция жүргүзүлгөн.

Кардарларды тартуу жана алардын санын көбөйтүү үчүн коммерциялык банктар эл көп келген жайларда терминалдык жабдуулар түйүнүн арымдуу кеңейткен. Системалар боюнча бөлүп караганда, иштеп жаткан терминалдардын/банкоматтардын жалпы саны төмөндө келтирилген:

– Алай-Кард системасы боюнча 95 терминал, анын ичинен 15 терминал «Золотая корона» картынын тейлөөгө алынышын камсыз кылган жана 8 банкомат;
– Демир 24 системасы боюнча - 95 терминал жана 18 банкомат;
– Элкарт системасы боюнча - 207 терминал жана 9 банкомат;
– эларалык системалар боюнча - 504 терминал, 17 импринтер жана 52 банкомат.

Ошентип, банктык төлөм карттар республиканын бүтүндөй аймагы боюнча адам көп келген жерлерде орнотулган 89 банкомат, 17 импринтер жана 901 терминал аркылуу тейлөөгө алынган.

### 4.1.2. Төлөм системасын өнүктүрүүнүн Мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу

Отчеттук жылда Улуттук банк Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураны түзүүгө тиешелүү 2003-2008-жылдарга каралган иш-чаралардын мамлекеттик программасынын негизги багыттарын жүзөгө ашыруу боюнча ишти уланткан. Алсак, ушул программанын алкагында жыл ичинде Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын техникалык инфраструктурасын түзүү жана минималдуу тобокелдик менен ири суммадагы төлөмдөрдү которуу жана финансы рынокторунун ишине байланыштуу акча каражаттарын которуунун тез ыкмаларын камсыз кылуу боюнча механизмдерди сунуштоо үчүн каралган, айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасын колдонууга киргизүү чаралары аткарылган.

Мындан тышкары, эсептерди нумерациялоо, процессинг борборунун таза позициясын иштеп чыгуу жана утурумдук төлөмдөрдү төлөө үчүн тике дебеттөө функциясынын тууралыгына контролдук сыяктуу, утурумдук жана чекене төлөмдөрдү иштеп чыгууга каралган жаңы кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган пакеттик клиринг системасын модернизациялоо кошумча ишке ашырылган. Экономикада накталай эмес чекене төлөмдөрдүн санын арттырууга өбөлгө түзүү максатында, майда чекене төлөмдөр үчүн пакеттик клирингдик кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер олуттуу төмөндөтүлгөн.

Отчеттук жыл ичинде калк арасында ЭЛКАРТты кеңири жайылтуу жана аларды кабыл алуу, тейлөө боюнча инфраструктураны өнүктүрүү жагында

жигердүү иштер бүткөрүлгөн. Мамлекеттик программанын кабыл алынышына байланыштуу төлөм системасы боюнча ченемдик укуктук базаны иштеп чыгуу жана колдонулуп жаткандарын өркүндөтүү жагында милдеттер Кыргыз Республикасында төлөм системасын модернизациялоо долбоорлорун ийгиликтүү жүзөгө ашыруунун негизги түзүүчүлөрүнөн болуп калган. Ушуга байланыштуу төмөнкүдөй ченемдик актылар иштелип чыккан: «Бирдиктүү банктар аралык процессинг борбору аркылуу ЭЛКАРТ банктык төлөм картын пайдалануу менен төлөмдөрдү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө» убактылуу нускоо жана ЭЛКАРТ банктык төлөм картын чыгаруунун убактылуу эрежелери. Бул документтерде ЭЛКАРТ улуттук системасынын карттарынын эмиссиясынын тартиби, ошондой эле ЭЛКАРТты пайдалануу менен төлөмдөрдү жүзөгө ашырууда бирдиктүү банктар аралык процессинг борборунда маалыматтарды топтоо, иштеп чыгуу жана жөнөтүү тартиби жана эрежелери аныкталган. Документтерде ошондой эле, карт эмиссиясы жана процессингди жүргүзүү боюнча борбордун ишине карата жалпы талаптар эске алынган. ЭЛКАРТ системасында катышуучулардын өз ара мамилелеринин жана системаны тейлөө боюнча тарифтик саясатты белгилөөнүн негизги принциптерин аныктаган «Кыргыз Республикасында ЭЛКАРТ банктык төлөм картын пайдалануу менен накталай эмес эсептешүүлөр системасынын катышуучуларынын өз ара аракеттенүүлөрү жөнүндө» Генералдык келишими кошумча иштелип чыккан.

Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасын ийгиликтүү ишке киргизүү үчүн тиешелүү ченемдик укуктук базаны камсыз кылуу максатында «Пакеттик клиринг системасынын төлөм документтерин жана билдирүүлөрүнүн форматтарын толтуруу эрежелерине» карата өзгөртүүлөр жана толуктоолор иштелип чыккан.

Инновациялык технологиялардын өнүгүп жатышына жана маалыматтарды берүүнүн жаңы ыкмаларынын, ошондой эле накталай эмес эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча жаңы технологиялардын жана каражаттардын колдонууга киргизилишине байланыштуу, төлөм инструменттеринин формаларын жана төлөм документтерин толтуруу тартибин аныктаган «Төлөм документтерин толтуруу тартиби жөнүндө» нускоо, «Алдын ала төлөнгөн карт формасында электрондук акчаны пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо боюнча ишти лицензиялоо жөнүндө» жобо кабыл алынган. Анда Кыргыз Республикасынын аймагында алдынала төлөнгөн карт формасында электрондук акчаны пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо боюнча ишти жүргүзүү укугуна лицензия алуунун тартиби аныкталган.

## 4.2. Нак акча жүгүртүлүшү

Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн өз учурунда камсыз кылуу, банкноттордун сапатын жана коргоо мүнөздөмөлөрүн өркүндөтүү Улуттук банктын ишинин маанилүү багытынан болуп саналат.

Отчеттук жылдын акырына карата абал боюнча жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасы 27 561,9 млн. сомду түзгөн жана ал жыл башындагыга салыштырганда, 38,4 пайызга өскөн.

***4.2.1-график***

Жүгүртүүдөгү акчанын өзгөрүү динамикасы (бир мезгилдин акырына карата)




Социалдык пакет боюнча мамлекеттик төлөөлөрдүн жогорулоосун, экономиканын нак акчага туруктуу керектөөсүн жүгүртүүдөгү акчанын өсүшүнүн фактору катары белгилөөгө болот.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугу отчеттук жыл ичинде 97,7 пайызды (2006-жылы - 95,7 пайыз) түзгөн.

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акчанын түшүүсү 2007-жылы 166 794,3 млн. сомду түзгөн, бул бир жыл мурдагыга салыштырганда 58,6 пайызга көп. Ал эми банктардын кассаларынан нак акча берүү 55,3 пайызга өсүү менен 170715,6 млн. сомду түзгөн.

***4.2.1-таблица***

Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу нак акчанын жылышы

| | Келип түшүү, *млн. сом* | | Берүү, *млн. сом* | | Кайтарымдуулук, *пайыздар* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 2006-ж. | 2007-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. | 2006-ж. | 2007-ж. |
| Бардыгы болуп | 105 166,0 | 166 794,0 | 109 906,0 | 170 716,0 | 95,7 | 97,7 |
| Баткен обл. | 982,0 | 1 719,0 | 2 870,0 | 4 190,0 | 34,2 | 41,0 |
| Жалалабат обл. | 6 334,0 | 10 039,0 | 9 388,0 | 15 036,0 | 67,5 | 66,8 |
| Ысыккөл обл. | 2 812,0 | 4 416,0 | 4 056,0 | 6 129,0 | 69,3 | 72,1 |
| Нарын обл. | 765,0 | 1 121,0 | 2 056,0 | 2 799,0 | 37,2 | 40,0 |
| Ош обл. | 1 528,0 | 2 915,0 | 3 436,0 | 5 352,0 | 44,5 | 54,5 |
| Ош шаары | 13 920,0 | 21 464,0 | 12 033,0 | 19 008,0 | 115,7 | 112,9 |
| Талас обл. | 881,0 | 1 327,0 | 1 836,0 | 3 035,0 | 48,0 | 43,7 |
| Чүй обл. | 5 458,0 | 7 664,0 | 5 208,0 | 6 710,0 | 104,8 | 114,2 |
| Бишкек шаары | 72 486,0 | 116 129,0 | 69 023,0 | 108 457,0 | 105,0 | 107,1 |

2007-жыл ичинде Улуттук банктын кассасына 21 700,7 млн. сом келип түшкөн, бул 2006-жылдагыга караганда 59,5 пайызга көп. Ал эми Улуттук банктын кассасынан 29 354,7 млн. сом берилген, бул 2006-жылдагыга караганда 46,0 пайызга көп.

Жүгүртүүдөгү акчанын купюралык түзүмүнө анализдөөлөрдү жүргүзүүнүн негизинде, банкноттордун тиешелүү номиналдарынын оптималдуу запасын колдоп туруу боюнча туруктуу иш жүргүзүлүп, жүгүртүүгө жаңы банкнотторду чыгаруу, эскилиги жеткен банкнотторду жүгүртүүдөн алуу менен аларды жок кылуу ишке ашырылган. Коммерциялык банктардан Улуттук банктын кассасына 2 448,9 млн. сом суммасындагы эскилиги жеткен банкноттор келип түшкөн.

Жүгүртүүдө турган банкноттордун купюралык түзүмү негизинен, туруктуу сакталып калган. Айрыкча өзгөрүү 1 000 сом номиналындагы банкноттор боюнча катталган.

***4.2.2-таблица***

Жүгүртүүдөгү банкноттордун купюралык түзүмү (бир мезгилдин акырына карата) *(жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынан пайыздык катышта)*

| Номинал | 5 сомго чейин | 10 сом | 20 сом | 50 сом | 100 сом | 200 сом | 500 сом | 1000 сом | Бардыгы болуп |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2006-ж. | 0,9 | 0,9 | 1,6 | 3,4 | 6,5 | 11,1 | 26,6 | 49,0 | 100,0 |
| 2007-ж. | 0,8 | 0,5 | 1,0 | 2,3 | 4,6 | 8,2 | 24,8 | 57,8 | 100,0 |

***4.2.2-график***

Жүгүртүүдөгү банкнотторду номиналы боюнча бөлүштүрүү (бир мезгилдин акырына карата)




Нак акча жүгүртүлүшүн жана касса ишин уюштуруу жагында ченемдик базаларды, жол-жоболорду андан ары өркүндөтүү боюнча иштер улантылган. 2008-жылдын үчтүн айынын биринен тартып 1 тыйын номиналындагы коллекциялык монета жана 10, 50 тыйын жана 1, 3, 5 сом номиналындагы моналарынын жүгүртүүгө чыгарылышына даярдык көрүүгө байланыштуу «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кассалык операцияларын ишке ашыруунун тартиби жөнүндө» нускоонун жаңы редакциясы бекитилген, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында коммерциялык банктарды жана финансы-кредит мекемелерин кассалык тейлөө жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип, ошондой эле акча жүгүртүлүшү боюнча башка ченемдик актылар кабыл алынган.

Отчеттук жылы Өзгөн архитектуралык комплексине жана Кызматташуунун Шанхай уюмуна арналган коллекциялык монеталар жүгүртүүгө чыгарылган.

2007-жылы аныкталган жасалма банкноттордун жалпы саны 144 даанага (2006-жылы - 212 даана) чейин төмөндөгөн жана суммардык катышта алар 56 420 сомду түзгөн (жүгүртүүдөгү акчанын жалпы суммасынын 0,0002 пайызы).

Жасалма банкноттордун жалпы санынан 14 даанасын 1000 сом наркындагы банкнот түзгөн, 500 сом наркындагы 74 банкнот, 200 сом наркында 2, 100 сом наркында 47, 50 сом наркында 6 жана 1 банкнот 20 сом наркында аныкталган.

Жасалма банкноттордун ичинен, кадимки эле кагазда принтерде даярдалган банкноттор, анын ичинде айрым коргоо элементтери окшоштурулуп жасалган банкноттор басымдуу болгон.

Улуттук банк тарабынан Кыргыз банктар союзунун Окуу борборунун базасында финансы-кредит мекемелеринин эсепчилери үчүн банкноттордун аныктыгын айырмалап билүүгө окутуу боюнча 18 семинар уюштурулган.

Жыл сайын өткөрүлүп келинген «Сом - Кыргызстандын жүзү» маалымат-тык-билим берүү кампаниясынын чегинде, эскилиги жеткен жана жараксыз болуп калган банкнотторду алмаштыруу тартиби жөнүндө маалыматтар камтылган плакаттар кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган.

# ТЫШКЫ ЭКОНОМИКАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР

## 5.1. Эларалык уюмдар менен кызматташуу

2007-жылы Улуттук банк Эларалык валюта фондусу (ЭВФ, Дүйнөлүк банк (ДБ), Азия өнүгүү банкынын (АӨБ) катышуусу менен жүзөгө ашырылып жаткан программалардын чегинде иш алып барган. Башка эларалык финансылык жана финансылык эмес уюмдар менен өз ара катнаштар улантылган. Кыргыз Республикасынын банк секторунда жана бүтүндөй финансы чөйрөсүндө реформаларды, анын ичинде өлкөнүн төлөм системасын андан ары модернизациялоо долбоорун жүзөгө ашыруу максатында, техникалык жардамдардын алкагында эларалык финансылык институттар менен кызматташуулар ар тараптуу багытта жүзөгө ашырылган.

Отчеттук жыл ичинде Кыргыз Республикасынын ЭВФ менен кызматташуусу жакырчылыкты кыскартуу жана экономикалык өсүшкө түрткү берүү программасынын (ПРГФ) чегинде ишке ашырылган. Туруктуу экономикалык өсүштү бекемдөө жана жакырчылыкты андан ары кыскартуу ПРГФтин 2005-2007-жылдарга каралган үч жылдык программасынын максаты болгон.

ЭВФтин Төлөм системасын реформалоо боюнча техникалык миссиясынын кыдыруусунун чегинде, Дүйнөлүк банктын колдоосу астында жүзөгө ашырылып жаткан "Кыргыз Республикасынын төлөм жана банк системаларын модернизациялоо" долбоору боюнча иш жагдайы кароого алынган. Айрыкча өндүрүштүк пайдаланууга берилген системаларга (Пакеттик клиринг системасы (ПКС) жана Банктар аралык бирдиктүү процессинг борбору) атап айтканда, "ЭЛКАРТ" системасы боюнча экономикалык үлгү долбооруна; ПКСтин маркетинги боюнча бизнес планга, ошондой эле ПКС кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди белгилөөгө көңүл бурулуп, 2007-жылдын бугу айынын жыйырма үчү-жыйырма бешинде Бишкек шаарында өткөн "Кыргыз Республикасында чекене төлөмдөрдү өнүктүрүү" темасындагы тегерек стол маегин -эларалык семинарды уюштурууга консультациялык жардам көрсөтүлгөн. Семинардын ишине ЭВФтин өкүлдөрү сыяктуу эле, башка эларалык финансылык институттардын жана Борбордук банктардын өкүлдөрү катышкан. Чекене төлөмдөр системасын өнүктүрүү, ар кандай төлөмдөрдү накталай эмес формада жүзөгө ашыруу, банктык карт рыногун өнүктүрүү маселелерин талкуулоо семинардын негизги милдеттеринин бири болгон. Иш жыйынтыгы боюнча чекене төлөмдөр рыногун өнүктүрүү жагында андан аркы чараларды көрүүгө тиешелүү комментарийлер жана сунуш-пикирлери менен отчет даярдалган.

2007-жылдын акырында Улуттук банктын Төрагасы кыргыз делегациясынын курамында, ЭВФтин жана Дүйнөлүк банктын Вашингтон шаарындагы тобунун жыл сайын өтүүчү жыйынына катышкан. Анын жүрүшүндө ЭВФтин жана Дүйнөлүк банктын жетекчилиги менен кызматташуунун учурдагы абалы жана келечегине тиешелүү маселелер боюнча жолугушуулар өткөрүлгөн.

Отчеттук жылдын теке айында терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) (ПФТ/ОД) каршы аракеттер долбоорунун көзөмөлдүк компонентин жүзөгө ашыруу боюнча ЭВФтин миссиясы иш жүргүзгөн. Натыйжада, долбоорду 2008-жылдын жалган куран айына чейин өздөштүрүүнүн үч баскычын (фазасын) караган план иштелип чыккан. Отчеттук жылдын акырына карата Финансылык чалгындоо кызматынын жана банктардын кызматкерлери үчүн семинарды, ошондой эле Улуттук банктын

кызматкерлери үчүн ПФТ/ОД маселелери боюнча инспектордук текшерүүлөрдү жүргүзүү жагында семинарды кошо алганда, миссиянын эки фазасы өткөрүлгөн. Натыйжада, Улуттук банк менен Финансылык чалгындоо кызматынын "Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү жагында кызматташуу жана маалымат алмашуу" келишимине кол коюлган.

2007-жылдын бугу айында ЭФКнын өкүлдөрү иш боюнча кыдыруу менен Кыргызстанга келген. Анын жүрүшүндө ЭФКнын программаларын жана инвестициялык долбоорлорду келечекте өлкөнүн жеке секторунда өздөштүрүү маселелери талкууланган. 2007-жылы банк секторун жана капитал рыногун өнүктүрүү программасы боюнча АӨБ менен кызматташуу улантылган. Ортомчулук ролун таасирдүү аткаруусу үчүн финансы секторунун мүмкүнчүлүгүн арттыруу бул программанын максаты болуп саналат жана анын алкагында, кароого алынып жаткан мезгил ичинде консолидацияланган көзөмөлдүк, банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда басымдуулук абалын аныктоо маселелери боюнча ченемдик документтерди иштеп чыгуу, рынок тобокелдигин, ликвиддүүлүк тобокелдигин жана өлкө тобокелдигинин тескөөгө алынышы жагында банк секторунун ишин инспекциялоо жол-жоболору, ошондой эле алар орун алган өлкөдө консолидацияланган көзөмөлдүктүн жүргүзүлүшүнө баа берүү ыкмасы боюнча консультациялык колдоолор көрсөтүлгөн.

Отчеттук жылы АӨБнын техникалык колдоосу астында Алматы шаарында Улуттук банктын, Казакстан Республикасынын Финансы рыногун жана финансылык уюмдардын ишин жөнгө салуу, көзөмөлдөө боюнча агенттигинин жана башка финансылык уюмдардын кызматкерлери консолидацияланган көзөмөлдүктү жүзөгө ашыруу жагында тажрыйба алмашуу боюнча биргелешкен иш-чараларды өткөрүшкөн.

Коммерциялык банктардын жана Улуттук банктын көзөмөл блогунун кызматкерлери үчүн АӨБнын консультациялык жардамынын чегинде, рыноктук жана өлкөлүк тобокелдиктерди тескөө боюнча окутуу семинарлары өткөрүлгөн. Ошондой эле, Улуттук банктын кызматкерлери үчүн банк чөйрөсүндөгү атаандаштык жана монополияга каршы иш алып баруу; четөлкөлөрдө иштеп жаткан жарандардын акча которууларына иликтөөлөрдү жүргүзүү, алардын финансы секторунун өнүгүүсүнө жана жакырчылыкты кыскартууга тийгизген таасири маселеси талкууга алынган семинарлар уюштурулган. Отчеттук жылда Американын Эларалык өнүктүрүү агенттигинин "Борбордук Азияда экономикалык реформа" үч жылдык программасын жүзөгө ашыруунун чегинде, эларалык консультанттар менен кызматташуу аяктаган. Программанын жүрүшүндө Агенттик тарабынан көзөмөлдүккө тиешелүү ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү маселелери боюнча консультациялык жардамдар көрсөтүлүп, коммерциялык банктардын техникалык отчетторду даярдоосу, банктарда корпоративдик башкаруу маселелери жагында консультациялар берилген. Отчеттук жылы Улуттук банктын адистери АКШнын Улуттук клиринг палатасы ассоциациясы тарабынан уюштурулган, "2007-жылдын төлөмдөрү" темасында жыл сайын өткөрүлүүчү конференцияга катышкан. Анда банк кызматкерлери Кыргыз Республикасында төлөм системасын модернизациялоо, пакеттик клирингдин жаңы системасын иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү мамлекеттик программасын жүзөгө ашыруу маселелери боюнча презентация өткөрүшкөн.

Мындан тышкары, алар АКШнын Бостон шаарында өткөрүлгөн SIBOS - 2007 ("Эларалык банктык SWIFT форум") ар жылы өтүүчү эларалык конференцияга да катышкан. Конференциянын жүрүшүндө SWIFT продуктыларын өркүндөтүү келечектери, дүйнөлүк финансы рынокторун өнүктүрүүнүн, дүйнөлүк банк индустриясында колдонулган жаңы технологиялар, продуктылар жана чечимдер

боюнча негизги тенденциялар кароого алынып, алар боюнча материалдар даярдалуу менен Кыргыз Республикасында SWIFTти пайдалануучулар тобунун бардык катышуучуларына таркатылган.

2007-жылдын аяк оона айында Улуттук банк "Борбордук банкта коомчулукка маалымат берүү" темасында семинар уюштурган. Коомчулукка маалымат берүүнүн ар кандай аспектилерин иликтөөгө алуу, ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук банктарында маалымат берүү саясаты жагында тажрыйба алмашуу, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын борбордук банктын жана мамлекеттик мекемелердин басма сөз кызматтары менен өз ара иш алып баруусунун актуалдуу проблемалары талкууга алынган. Семинардын ишине Россиянын, Тажикстандын, Армениянын жана Беларусиянын борбордук (улуттук) банктарынын өкүлдөрү сыяктуу эле, республикалык масс-медиа жана мамлекеттик мекемелердин өкүлдөрү катышкан.

Отчеттук жылда ЕврАзЭС өлкөлөрү менен кызматташуу чегинде Улуттук банктын жетекчилигинин өкүлдөрү, ага мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын жетекчилер кеңешинин кезектеги отурумуна катышкан. Анда, банк жана валюта саясаты, анын ичинде, ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин валюта чөйрөсүндө кызматташуу концепциясын жүзөгө ашыруу боюнча иш-чаралар планын аткарууга тиешелүү актуалдуу маселелер кароого алынып, капиталдын жылышына байланыштуу операцияларды жөнгө салуу жана контролдукка алуу боюнча бул мамлекеттердин валюта саясатынын негизин түптөгөн принциптер жөнүндө келишим долбоору даярдалып, жактырылган.

Акча белгилерин даярдатуу, нумизматика рыногун өнүктүрүү, эстелик жана коллекциялык монеталарды чыгаруу, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү маселелери жагында кызматташуунун 2006-2010-жылдарга каралган негизги багыттарын жүзөгө ашыруунун чегинде, Улуттук банктын адистери, 2007-жылдын жетинин айында ЕврАзЭСке мүчө мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын эксперттери менен биргелешкен кеңешме өткөрүшкөн. Кеңешмеде ЕврАзЭС өлкөлөрү тарабынан баалуу металлдан коллекциялык монеталардын чыгарылышы жана аларды сатып өткөрүү боюнча 2008-2011-жылдарга каралган эларалык программа кароого алынып, монеталардын аталышын, номиналдарын, аларды канча нускада жана кайсы мөөнөттөрдө чыгарууну бекитүү маселелери чечилген.

Кредиттик регистрди түзүү максатында, Улуттук банктын адистери ЕврАзЭСке мүчө өлкөлөрдүн бул багыттагы иш тажрыйбасын иликтөөгө алып, ушуга байланыштуу кредиттик уюмдардын ишин көзөмөлдүккө алуу жагында кызматташууга тиешелүү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Россия Федерациясынын, Беларусь Республикасынын борбордук (улуттук) банктары жана Казакстан Республикасынын Финансы рыногун жана финансылык уюмдардын ишин жөнгө салуу, көзөмөлдөө боюнча агенттиги менен кол коюлган келишимдин чегинде, алар менен маалымат жана тажрыйба алмашуу жагында иштер жүргүзүлгөн.

Отчеттук мезгил ичинде Мамлекеттер аралык банк менен кызматташуу да улантылган. Улуттук банктын жетекчилигинин өкүлдөрү Мамлекеттер аралык банктын кеңешинин отурумдарына катышкан. Отурумдарда банктын андан аркы иши, атап айтканда, ага катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктарынын рубль түрүндөгү активдерин, башка активдерин, кредит саясатын, КМШ өлкөлөрүнүн жалпы төлөм-эсептешүү системасын андан ары өнүктүрүү жагында Мамлекеттер аралык банкка ишеним боюнча башкаруу мүмкүнчүлүгүн берүү сыяктуу, актуалдуу маселелер каралган.

Улуттук банк, КМШ Мамлекеттер аралык валюта комитетинин мүчөсү болуп саналгандыктан, республиканын банк секторунун абалын мүнөздөгөн

негизги көрсөткүчтөр боюнча маалымат берип турган. Мындан тышкары, КМШга катышуучу мамлекеттердин валюта чөйрөсүндө кызматташуу жана ал ишти координациялоо концепциясын жүзөгө ашыруу алкагында, банктын адистери КМШ өлкөлөрүнүн чарба жүргүзүүчү субъекттеринин жана финансы мекемелеринин финансылык кызмат көрсөтүүлөр рыногуна аралашуу тартибине тиешелүү маалыматтарды даярдоого катышкан. Алар МВКнын Москва шаарында өткөн кезектеги отурумунда кароого алынып, жактырылган.

Мындан тышкары, отчеттук жылы персоналды окутуу жагында Эларалык валюта фондусу, Дүйнөлүк банк, Ислам өнүгүү банкы, Азия өнүгүү банкы сыяктуу эларалык финансылык уюмдар менен мамилелер колдоого алынган. Улуттук банктын кызматкерлери операциялык тобокелдикти тескөө, туракжайды каржылоо, мамлекеттик сатып алууларды тескөөгө алуу, финансылык программалоо, эларалык финансы институттарынын ишинин юридикалык аспектилери, мамлекеттик карызды тескөө, мамлекеттик баалуу кагаздар рыногун түзүү жана өнүктүрүү маселелери боюнча, бул уюмдар тарабынан уюштурулган окутуудан өтүшкөн.

## 5.2. Борбордук банктар менен кызматташуу

Улуттук банк КМШ өлкөлөрүнүн борбордук (улуттук) банктары менен акчакредит саясаты, төлөм системасын өнүктүрүү, маалымат алмашуу, укуктукченемдик базаларды өркүндөтүү, банктык жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүк, ошондой эле тажрыйба алмашуу жана банк персоналынын кесиптик квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча кызматташууну отчеттук жылда да уланткан. Европа жана Азиянын алдыңкы өлкөлөрүнүн борбордук (улуттук) банктары менен банк ишинин актуалдуу чөйрөлөрү боюнча техникалык кызматташуу ыргактуу өнүккөн.

Ар кандай долбоорлорду жүзөгө ашырууда жана окутуу семинарларын уюштурууда олуттуу колдоо көрсөтүп келген Швейцария Улуттук банкы менен көп жылдык кызматташуу улантылган.

Отчеттук жылдын баш жагында Швейцария Улуттук банкынын Техникалык жардам жана эларалык изилдөө департаментинин жетекчиси Кыргызстанга расмий иш сапары менен келген. Жолугушуунун чегинде мындан ары кызматташуу мүмкүнчүлүктөрү кароого алынып, төмөнкү багыттар боюнча өз ара иш алып баруу жолдору аныкталган:

– экономикалык иликтөө иштерин жүргүзүү;
– инфляциялык таргетирлөө;
– соода системасын жана депозитарийди сатып алуу;
– нак акчаны тескөөгө алуу (жүгүртүү монеталарын чыгаруу);
– иш процессинин үзгүлтүксүздүгүн пландаштыруу;
– ички аудитти колдоо;
– маалымат коопсуздугу;
– тобокелдик менеджменти;
– пландаштыруу жана бюджет түзүү;
– персонал менен иш алып баруу жана эмгекке төлөөлөрдү реформалоо.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк менен Швейцария Улуттук банкынын «Банк секторун реформалоо жана кирешеси аз, өткөөл учурду башынан кечирип жаткан экономикалардагы пайыздык чендер (Кыргызстан боюнча материалдарга ылайык)» биргелешкен долбоор боюнча иш аягына чыгарылган. Долбоордун 2006-жылдын чын куран айында аяктаган алгачкы версиясы ЭВФ, ДБ, ЕБРР сыяктуу эларалык институттарга экспертизага жөнөтүлгөн. Толукталып, жеткире иштелип чыккан версиянын статьясы Швейцария Улуттук банкы тарабынан 2007-жылдын чын куран айында статьялар жыйнагында жарыяланган.

Ошондой эле, Швейцария Улуттук банкынын техникалык жардамынын чегинде, Улуттук банктын ички аудит бөлүмүнүн ишине көзкарандысыз баа берүү финансылык жактан камсыз кылынган.

Отчеттук жылда Улуттук банктын Дойче Бундесбанкы менен кызматташуусу техникалык жардамдар чегинде улантылган. 2007-жылдын тогуздун айында Дойче Бундесбанкынын эксперттери Улуттук банктын жаңы имаратынын курулушунун долбоору боюнча консультацияларды беришкен, ал эми уюштуруу түзүмүн модернизациялоо чегинде Улуттук банктын кызматкерлери Дойче Бундесбанкы уюштурган семинарга катышкан. Отчеттук жылдын үчүнчү чейрегинде Дойче Бундесбанкынын өкүлдөрү иш сапары менен келип, Улуттук банктын кызматкерлери үчүн «Катталган кирешелери менен финансылык инструменттер жана деривативдер» темасында семинар өткөргөн. Семинардын жүрүшүндө финансылык инструменттердин негиздери жана мүнөздөмөлөрү, алардын эконо-

микалык ролу, финансылык инструменттер рыногун уюштуруу, деривативдерди иш жүзүндө колдонуу маселелери кароого алынган.

Отчеттук жылда ошондой эле, Малайзия Банкынын окутуу борбору менен өнөктөштүк мамилелер түптөлгөн. Банк кызматкерлери «Көзөмөл блогунун кызматкерлери үчүн ислам каржылоо принциптери боюнча биринчи курс» семинарына катышкан. Анын жүрүшүндө ислам каржылоо негиздери, аны өнүктүрүү, ислам финансы институттарына көзөмөлдүк негиздери жана Малайзиядагы ислам финансы жана банк ишинин регулятивдик түзүмү боюнча кыскача баяндама даярдоо маселелери каралган. Ошондой эле, Кыргыз Республикасы менен Ислам Өнүгүү Банкынын ортосунда ислам банк ишин жана каржылоо принциптерин биздин өлкөдө колдонууга киргизүүдө техникалык жардам келишиминин алкагында, 2007-жылдын жетинин айында банк кызматкерлери Малайзия Банкында стажировкадан өтүшкөн.

Жетишилген макулдашууларга ылайык, 2007-жылдын биринчи чейрегинде Чехиянын Улуттук банкынын эксперттери эларалык камдарды (резервдерди) тескөө боюнча семинар өткөрүү максатында иш сапары менен келген. Семинарда Чехия банкында тобокелдиктерди жөнгө салуу, камдарды тескөө, акчакредит саясатын жүзөгө ашыруу, эсептешүүлөр системасын уюштуруу маселелери талкууга алынган. Техникалык кызматташуунун чегинде Улуттук банктын кызматкери адам ресурсу менен иш алып баруу боюнча семинарга катышкан. Ошондой эле, банктын кызматкерлери «Чехия Республикасында нак акча жүгүртүлүшүн тескөө» жана «Чехия Улуттук банкында инфляциялык таргетирлөө» темасында семинарларга катышуу үчүн Чехия Улуттук банкына барып келишкен.

2007-жылдын кулжа айында Кытай Элдик банкынын кызматкерлеринин делегациясы иш сапары менен Улуттук банкка келген. Анын жүрүшүндө банк чөйрөсүндө кызматташуунун учурдагы абалы жана келечектеги мүмкүнчүлүктөрү талкууга алынган.

Беларусь Республикасынын Улуттук банкы менен «Кредиттик уюмдардын ишине көзөмөл жагында кызматташуу» келишиминин алкагында, банк кызматкерлери терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер маселелери боюнча Белорусь банкында стажировкада болуп келишкен. Мындан тышкары, эки банктын ортосунда «терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер маселелери» чөйрөсүндө маалымат алмашууну жана кадрларды даярдоону уюштуруу тууралуу жаңы келишимге кол коюлган.

2007-жылдын аяк оона айында Улуттук банктын жана Казакстан Улуттук банкынын кызматкерлеринин ортосунда төлөм теңдеминин статистикасын жакшыртуу боюнча жолугушуу өткөрүлүп, анда 2008-жылы бул багытта биргелешкен экономикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү жөнүндө макулдашууга жетишилген.

Банк кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу максатында Беларусь жана Тажикстан улуттук банктарында төлөм теңдеми статистикасы маселелери боюнча окутуу стажировкалары уюштурулган, алардын жүрүшүндө кызматкерлер төлөм теңдемин түзүүдө маалымат базасын топтоо системасынын өзгөчөлүгү менен таанышып, мигранттардын акчалай эсептешүүлөрү, капиталдык трансферттерге баа берүү ыкмасы жана башка маселелерди иликтөөгө алышкан.

Отчеттук жылда Швейцариянын, Франциянын, Чехиянын, Германиянын, Голландиянын, Украинанын, Польшанын, Англиянын борбордук (улуттук) банктарынын бир катар окуу борборлору менен өнөктөштүк мамилелер колдоого алынып, натыйжада Улуттук банктын кызматкерлери аларда окуп келишкен.

ЕврАзЭСке катышуучу мамлекеттердин борбордук (улуттук) банктары менен персоналды окутуу жагында кызматташуу жөнүндө кол коюлган келишимдин алкагында, 2007-жылы банк кызматкерлери Россия Федерациясынын, Армениянын борбордук банктарында, Беларусь Республикасынын, Казакстандын жана Тажикстандын улуттук банктарында өткөрүлгөн семинарларга катышып, стажировкаларда болуп келишкен.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН ИШИ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## 6.1. Улуттук банктын түзүмү

Иш натыйжалуулугун арттыруу максатында 2007-жылы уюштуруу түзүмүнө анализдөөлөр жүргүзүлүп, валюта башкармалыгынын, экономика башкармалыгынын, акчакредиттик операциялар башкармалыгынын, банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгынын, төлөм системалары башкармалыгынын, банктык көзөмөл башкармалыгынын, коопсуздук жана маалыматтык коргонуу башкармалыгынын, бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгынын, көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгынын, персонал менен иш алып баруу бөлүмүнүн, финансы бөлүмүнүн ишине кайра өзгөртүп түзүү, аткарган милдеттеринин чөйрөсүн кеңейтүү, ирилетүү жана жаңыларын түзүү сыяктуу өзгөртүүлөр киргизилген. Натыйжада финансы статистикасы жана маалымдоо башкармалыгы, персонал менен иш алып баруу башкармалыгы, пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы, протокол кызматы сыяктуу жаңы структуралык бөлүмдөр түзүлгөн.

2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Улуттук банктын уюштуруу түзүмү борбордук аппараттын 25 структуралык бөлүмүнөн, 5 областтык башкармалыктан жана Баткен областындагы өкүлчүлүктөн турган.

Улуттук банкта туруктуу иштеген комитеттер жана комиссиялар бар. Отчеттук жылдын бештин айынын отуз бирине карата 6 комитет, 9 комиссия, Улуттук банктын басылмаларынын 7 редакциялык кеңеши, ошондой эле Республикалык инкассация башкармалыгынын ишине контролдукту жүзөгө ашыруу боюнча байкоо кеңеши иштеп турган.

Банкта ишке кабыл алуу чечимин чыгарууда ачык-айкындуулукту, бирдей жана адилет мамилени камсыз кылуу үчүн кызматкерлерди сынак өткөрүү аркылуу тандап алуу системасы, Улуттук банктын ишинин артыкчылыктуу багыттарынан болуп калган, банктын областтык башкармалыктары да бул системага таянуу менен иш алып барат. Бош турган кызмат орундарына сынактарды жарыялоо боюнча кулактандыруулар жалпыга маалымдоо каражаттарында жана Улуттук банктын веб-сайтында жарыяланып турган.

2007-жылы 77 сынак өткөрүлүп, анын 65 ачык, ал эми 12 ички сынак катары өткөрүлгөн. Областтык башкармалыктарда 9 сынак өткөрүлгөн. Сынактарга бардыгы болуп 471 адам катышкан. Алардын жыйынтыгы боюнча 48 талапкер Улуттук банкка ишке кабыл алынган.

Өлкөнүн жогорку окуу жайлары менен кадр потенциалын даярдоо максатын көздөгөн кызматташуунун чегинде, отчеттук жылы республиканын жогорку окуу жайларынын 93 студенти, Улуттук банктын структуралык бөлүмдөрүндө тажрыйбалык такшалуудан өтүшкөн.

2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата Улуттук банктын кызматкерлеринин тизме боюнча саны 578 адамды түзгөн, анын ичинен 490 кызматкер борбордук аппаратта, 88и областтык башкармалыктарда жана Баткен областындагы өкүлчүлүктө иштейт. Адистердин саны 444 адам, анын 384 борбордук аппаратта, калган 60 областтык башкармалыктарда жана өкүлчүлүктө иштейт. Адистердин ичинен 95,5 пайызы, же 424 адам жогорку билимдүү, ал эми 4 кызматкер илимдин кандидаты даражасына ээ.

Республиканын финансы системасынын өнүгүп бара жатышы жана бул чөйрөдө эмгек рыногунда атаандаштыктын күчөшү шартында кабыл алынган уюштуруу багытындагы чараларга карабастан, Борбордук банк менен коммерциялык банктардын эмгекке төлөө шарттарынын бири-биринен олуттуу айырмаланышынан улам, Улуттук банктын квалификациялуу кадрларынын коммерциялык-финансылык структураларга кетип жатышы жагдайы күн санап курчууда.

Акыркы бир нече жылдарда банк персоналынын иштен кетип жатышы да бул жагдайды айкын тастыктоодо. Кадрлардын, квалификациялуу кызматкерлердин иштен кетиши олуттуу чыгымдарга алып келүү менен банкка жүктөлгөн милдеттерди аткарууда кошумча кыйынчылыктарды жаратууда.

Ушундан улам, Улуттук банк өз кызматкерлери үчүн эмгектин, анын ичинде эмгекке төлөө боюнча атаандаштык шарттарын түзүү үчүн тиешелүү чараларды көрүүдө. Өлкөнүн башкы банкы менен коммерциялык банктардын ортосунда эмгекке төлөө жагындагы ажырым, жаңы банктардын түзүлүп жатышы менен да өөрчүүдө. Жогорку квалификациялуу адистерге суроо-талап эларалык уюмдар, коммерциялык банктар, аудитордук компаниялар тарабынан да өсүүдө. Кадрларга болгон керектөөлөр республиканын ичинде гана эмес, коңшу мамлекеттер тарабынан да артууда.

Банк персоналынын иш стажы, жаш курагы боюнча түзүмү жана кадрлардын иштен кетүү көрсөткүчтөрү төмөнкү 6.1.1, 6.1.2, 6.1.3-графиктерде чагылдырылган.

***6.1.1-график***

Адистердин иш стажы боюнча курамы



***6.1.2-график***

Адистердин жаш курагы боюнча курамы




***6.1.3-график***

Кадрлардын иштен бошонуп кетүү динамикасы



## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын структуралык бөлүмдөрүнүн негизги милдеттери

| | |
|---|---|
| Банк Башкармасы | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жогорку башкаруу органы, ал акчакредит саясатын, банк жана төлөм системаларынын туруктуулугун камсыз кылуу боюнча чечимдерди кабыл алууну жана тиешелүү мыйзамга ылайык, банк Башкармасынын компетенциясына чегерилген башка маселелерди кароону кошо алганда, банктын негизги иш багыттарын аныктайт. |
| Экономика башкармалыгы | Акчакредит саясаты жана аны жүзөгө ашыруу боюнча сунуштарды иштеп чыгат; реалдуу, финансылык, бюджет-салыктык жана экономиканын тышкы секторлору чөйрөсүнө анализдөөлөрдү жүргүзөт. |
| Акчакредит операциялар башкармалыгы | Акчакредит саясатын жүзөгө ашырат, коопсуздук, ликвиддүүлүк жана кирешелүүлүк принциптерине таянуу менен эларалык камдарды тескөөгө алат; мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу, төлөө жана алардын экинчилик жүгүртүлүшү боюнча агенттик милдеттерди аткарат; Өкмөттүн эсептерин тейлейт. |
| Финансы статистикасы жана маалымат берүү башкармалыгы | Акчаредиттик көрсөткүчтөрдүн жана финансы рыногунун ишинин көрсөткүчтөрүнүн статистикасын жүргүзөт, ошондой эле реалдуу сектор жана мамлекеттик финансы боюнча статистикалык маалыматтарды иштеп чыгат; төлөм теңдемин түзөт; тышкы карыз маселелерин эксперттик колдоого алат. |
| Банктык көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин ишине, алардын экономикалык ченемдерди аткаруусуна, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарын сактоосуна көзөмөлдүктү уюштурат; банк секторунун ишине анализдөөлөрдү жүргүзөт. |
| Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишине көзөмөлдүктү жүргүзүү жана жөнгө салуу боюнча ченемдик-усулдук базаны иштеп чыгат жана өркүндөтөт, ошондой эле банктык жана банктык эмес секторлордун, инновациялык банктык продуктыларды өнүктүрүүнүн келечектүү багыттарын иштеп чыгат жана өркүндөтөт; банктардын ишин лицензиялоону жүргүзөт. |
| Банктык эмес мекемелердин ишине көзөмөл башкармалыгы | Улуттук банктан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан жөнгө салынган микрофинансылык уюмдардын, кредиттик союздардын, ломбарддардын жана алмашуу бюролорунун ишине көзөмөлдүктү уюштуруп, лицензиялайт. |
| Накталай акча менен иш алып баруу башкармалыгы | Республиканын экономикасынын нак акчага болгон керектөөсүн камсыз кылуу менен нак акча жүгүртүлүшүн уюштурат, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү боюнча иш-чаралардын жүзөгө ашырылышына өбөлгө түзөт. |
| Борбордук сактоо жайы | Банкноттордун, монеталардын жана баалуулуктардын сакталышын камсыз кылат, Улуттук банктын мекемелеринин ортосунда баалуулуктарды жеткирүүнү, нак акчаларды иргөөнү жана эскилиги жеткендерин жок кылууну жүзөгө ашырат. |
| Банктык эсептешүүлөр башкармалыгы | Эсептешүүлөрдүн банктар аралык системаларынын үзгүлтүксүз ишин камсыз кылат. |

| | |
|---|---|
| Маалымат системалары башкармалыгы | Маалымат системасынын Улуттук банктын өнүктүрүү стратегиясына жана керектөөлөрүнө ылайык келүүсүн, ошондой эле аны коштоп жүрүү кызматын камсыз кылат. |
| Төлөм системалары башкармалыгы | Төлөм системасынын натыйжалуу ишин, анын ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды иштеп чыгат жана аны жүзөгө ашырат. |
| Бухгалтердик эсепке алуу жана отчеттуулук башкармалыгы | Улуттук банктын операцияларынын жана баалуулуктарынын эсебин жүргүзөт, финансылык отчетун түзөт; банктагы бухгалтердик эсепти жөнгө салуучу документтерди иштеп чыгат; бухгалтердик операцияларга ички контролдукту жүзөгө ашырат. |
| Персонал менен иш алып баруу башкармалыгы | Пландаштырууну, персоналды тандоону, ишке тартууну жүзөгө ашырат; кызматкерлерди окутууну уюштурат; Улуттук банктын кызматкерлеринин иште карьерага ээ болуп, кесиптик иши боюнча кызматтарга көтөрүлүү системасын иштеп чыгат. |
| Пландаштыруу жана бюджет түзүү башкармалыгы | Улуттук банкта ишти пландаштыруу процессин жана бюджет түзүү процессин уюштурат жана жүзөгө ашырат; банктын финансылык ресурстарынын үнөмдүү жана максатка ылайык пайдаланылышына контролдукту камсыз кылат. |
| Жалпы бөлүм | Улуттук банкта документ менен иштөө жана алардын аткарылышына контролдукту кошо алганда, документтердин айлануу системасынын натыйжалуулугун камсыз кылат. |
| Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү | Улуттук банктын ишинин максаттары, милдеттери жана жетишкен натыйжалары жөнүндө коомчулукка маалымат берет; тышкы уюмдар, жалпыга маалымдоо каражаттары жана коомчулук менен иш алып барууну уюштурат. |
| Ички аудит бөлүмү | Ички контролдук системасынын натыйжалуулугуна жана аудитордук текшерүүлөрдү жүргүзүү аркылуу структуралык бөлүмдөрдүн ишинде орун алган тобокелдиктердин тескөөгө алынышына баа берет. |
| Капиталдык курулуш бөлүмү | Капиталдык курулушту жана Улуттук банктын имараттарын реконструкциялоону уюштурууну камсыз кылат. |
| Тобокелдиктерди контролдоо бөлүмү | Финансы рынокторунда келишилген бүтүмдөргө тобокелдик-контролдугун жүргүзөт; аларды өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. |
| Долбоорлорду жүзөгө ашыруу бөлүмү | Эларалык уюмдардын колдоосу астында жүзөгө ашырылуучу долбоорлордун өздөштүрүлүшүн камсыз кылат. |
| Банк Башкармасынын катчылыгы | Улуттук банк Башкармасынын ишин уюштуруу жагынан камсыз кылат. |
| Протокол кызматы | Протоколдук, административдик жана өкүлчүлүк иш-чараларынын уюштурулушун жана ишке ашырылышын камсыз кылат. |
| Коопсуздук жана маалыматтык коргоону башкармалыгы | Улуттук банктын ишинин коопсуздугун камсыз кылып, техникалык коргоого алынышын уюштурат. |
| Чарба башкармалыгы | Материалдык-техникалык жактан жабдууну, транспорт менен камсыз кылууну, имараттарды жана курулмаларды тейлөөнү камсыз кылат. |

| | |
|---|---|
| Юридикалык бөлүм | Улуттук банктын ишин комплекстик укуктук жактан камсыз кылууну, банк мыйзамдарын өркүндөтүүнү жана кеңири жайылтууну жүзөгө ашырат. |
| Улуттук банктын областтык башкарма-лыктары жана өкүлчүлүгү | Коммерциялык банктарды жана алардын филиалдарын нак акча менен камсыз кылат; Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин банктык мыйзамдарды так сактоосуна көзөмөлдүк боюнча иш-чараларды жүзөгө ашырат, ошондой эле белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде башка милдеттерди аткарат. |

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уюштуруу түзүмү**
**2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча**



## 6.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдагы иши

Банк Башкармасы «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат жана анын ишинин негизги багыттарын бекитет. Банк Башкармасы – коллегиалдуу орган. Башкарма мүчөлөрү Улуттук банктын Төрагасынын сунушу боюнча Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 7 жылдык мөөнөткө дайындалат. Башкарманын ишин Улуттук банктын Төрагасы жетектейт.

Банк Башкармасы акчакредит саясатын кароого алат жана аныктайт, банктык көзөмөл, төлөм системаларын өнүктүрүү маселелерин чечет, ченемдик актыларды, жылдык отчетту бекитип, акча белгилеринин жаңы үлгүлөрүн жана номиналдарын чыгаруу, банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүдөн алуу тартибин белгилейт. Улуттук банк Башкармасынын регламентине ылайык, Башкарма анын компетенциясына чегерилген төмөнкү маселелерди да кароого алат: акыркы инстанция кредиттерин берүү, банк лицензиясын берүү, кайтарып алуу же убактылуу токтотуу, банкроттук процессин козгоо жана банкроттук жол-жоболорун колдонуу, убактылуу администрация режимин киргизүү ж.б. маселелер.

Отчеттук мезгил ичинде Улуттук банк Башкармасынын иши бекитилген жылдык жана чейректик пландарга ылайык жүргүзүлгөн. Кароого алынып жаткан жылы 57 отурум өткөрүлүп, 416 маселе каралып, алар боюнча 280 токтом кабыл алынган.

Акчакредит саясатынын учурда түптөлгөн абалына анализдөөлөрдү жүргүзүү, реалдуу, бюджет-салыктык жана тышкы секторлордо өнүгүү багытын прогноздоолорго жараша, ошондой эле өлкөдө ишке ашырылып жаткан структуралык реформаларды эске алуу менен Банк Башкармасы ар бир жылдын акырында, кийинки жылга акчакредит саясат жөнүндө билдирүүнү кабыл алат, анда инфляция боюнча сандык болжолдук көрсөткүч аныкталат. Банк Башкармасында кароого алынган акчакредит саясат жөнүндө чейректик отчеттордун чегинде, инфляцияга карата ички жана тышкы тобокелдиктерге баа берилип, ошол көрсөткүчтүн аткарылышына болжолдоолор ишке ашырылат. Жарыяланган маанилден олуттуу четтөөлөргө жол берилген учурларда жана ал, монетардык эмес факторлордун таасиринен улам келип чыкса, (мисалы, тышкы таасирлер же мамлекет тарабынан жөнгө салынган тарифтерди планда каралбаган жогорулатуулар), инфляция боюнча көрсөткүч кайрадан каралышы мүмкүн. Алып көрсөк, коңшу өлкөлөрдө Кыргыз Республикасы тарабынан эң чоң көлөмдө импорттолгон негизги тамакаш азыктарынын кескин кымбаттап кетишине ошондой эле, Кыргыз Республикасында өндүрүлгөн продукцияларга экспорттук суроо-талаптын жогорулоосуна байланыштуу, Улуттук банк Башкармасы отчеттук жылдын баш оона айында 2007-жылга инфляция боюнча көрсөткүчтү өзгөртүү чечимин кабыл алган.

Жылдын акырында Банк Башкармасы «Акчакредит саясатынын 2008-2010-жылдарга негизги багыттары жөнүндө» документти жактырган, анда Улуттук банктын акчакредит саясатынын орто мөөнөттүк мезгил аралыгына максаттары аныкталган. Бул документти иштеп чыгууда дүйнөлүк финансы жана товардык рыноктордогу тенденциялар, өткөөл процесстин ушул баскычында акчакредит саясатын ишке ашыруунун жаңы шарттары, Кыргызстандын экономикасынын чакандыгы жана ачык-айкындуулук деңгээлинин жогору экендиги эске алынган.

Улуттук банк Башкармасы эларалык камдарды тескөөнүн, инвестициялык стратегиянын жалпы максаттарын жана принциптерин аныктоо менен жөнгө салуучу ченемдик документтерди бекитет. Ошондой эле, «Кыргыз Республикасы-

нын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга ылайык, эларалык камдарды тескөө камдык активдердин ликвиддүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылууну эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

2007-жылы Улуттук Банк Башкармасы тарабынан «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2008-жылга эларалык камдарынын эталондук портфели жөнүндө» жобо бекитилген жана анда инвестициялык портфелдин каражаттар топтому жана максималдуу мөөнөттүүлүгү аныкталган.

Эларалык камдардын түзүмүн жана ар бир валютадагы жумушчу активдердин инструменттеринин топтомун аныктоо үчүн чейректик негизде «Эларалык камдардын түзүмү жөнүндө» жобо бекитилип турган.

Отчеттук жылы Улуттук банк Башкармасы тарабынан 2006-жылдагы эларалык камдарды тескөө боюнча отчет бекитилген. Ошондой эле, отчеттук жылда Банк Башкармасы дүйнөлүк товардык жана финансы рынокторунда түптөлгөн жагдайлар талкууга алынган, маалыматтык отурумдарды ай сайын өткөрүп турган.

Бардыгы болуп отчеттук жыл ичинде акчакредит саясаты маселелери боюнча 28 токтом кабыл алынган.

Отчеттук жылы Улуттук Банк Башкармасы республиканын банк тутумун өнүктүрүү жана чыңдоо, коммерциялык банктардын ишине көзөмөл жана жөнгө салуу маселелерине айрыкча көңүл бурган. Банк секторунун ишинин өнүгүү тенденцияларына жана анын натыйжаларына, финансылык туруктуулугуна жана аларга карата ишенимдин артышы, системалуу тобокелдиктерге мониторинг жүргүзүү, банк тутумунда системалуу кредиттик тобокелдикти басаңдатуу, атап айтканда, кредиттик регистрди түзүү чечимин кабыл алуу аркылуу аны төмөндөтүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулган.

Отчеттук жылда Банк Башкармасы аларга карата таасир этүүнүн пруденциалдык чараларынын колдонушуна байланыштуу коммерциялык банктардан келип түшкөн доо арыздарын кароого алган.

Банктык көзөмөлдүк жагында ченемдик базаларды андан ары өркүндөтүү, аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келтирүү ишинин чегинде, банктык көзөмөлдү эларалык стандарттарга жана көзөмөлдүк боюнча Базель принциптерине шайкеш келтирүү максатында, Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө» жобо, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктардын жана финансы-кредит мекемелеринин инсайдерлери жана аффилирленген жактары менен операцияларга карата талаптар жөнүндө» нускоого өзгөртүүлөр жана толуктоолор, «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобо бекитилген.

Ошондой эле, Улуттук банктан лицензияланган жана иши ал тарабынан жөнгө салынган коммерциялык банктарга жана башка финансы-кредит мекемелерине сунушталган банктык кызмат көрсөтүүлөр жана операциялар рыногунда атаандаштыкты өнүктүрүү жана керектөөчүлөрдүн укугун коргоо максатында «Банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда басымдуулук абалын аныктоо тууралуу» жобо кабыл алынган.

Банктарда орун алган проблемаларды өз учурунда аныктоо менен алар боюнча чечимдерди кабыл алуу аркылуу республиканын банк тутумунун туруктуулугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамдын 15-статьясына ылайык, Банк Башкармасы тарабынан Өкмөт менен Улуттук банктын «Системалуу мааниге ээ банкты реабилитациялоо боюнча чараларды жүзөгө ашыруу тууралуу чечимдерди кабыл алуу тартиби жөнүндө» биргелешкен токтом долбоору жактырылган.

Банк Башкармасы тарабынан 2007-жылы бекитилген ченемдик-укуктук

актылардын ичинен «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө» мыйзамга ылайык келтирүү максатында иштелип чыккан документтерди баса белгилеп кетүү зарыл. Алсак, Банк Башкармасы «Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун, терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого каршы аракеттерди көрүү максатында иштелип чыккан жаңы редакциясы жана ушул эле максатты көздөгөн «Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдардагы жана кредиттик союздардагы ички контролдук системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жоболорду бекитип, Кыргыз Республикасында накталай четөлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобого, «Кыргыз Республикасынын аймагындагы ломбарддардын иши жөнүндө» жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген. Ушул ченемдик-укуктук актыларда банктар жана башка финансы-кредит мекемелери үчүн ички контролдук саясатына, кардарларды идентификациялоого, шектүү бүтүмдөр жана операцияларга тиешелүү маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга берүүгө карата талаптар белгиленген. Мындан тышкары, алмашуу бюролору (пункттар) жана ломбарддар тарабынан кардарлардын идентификацияланышына, маалыматтардын каттоого алынышына тиешелүү маалыматтардын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга берилишине карата талаптар да белгиленген.

Кыргыз Республикасында микрокаржылоону өнүктүрүүнүн 2006-2010-жылдарга орто мөөнөттүк стратегиясында каралган милдеттерди жүзөгө ашыруу максатында Банк Башкармасы, «Кыргыз Республикасынын аймагындагы микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө» жобонун жаңы редакциясын бекиткен.

Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Акча каражаттарын, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү легализациялоого байланыштуу амнистия жөнүндө» мыйзам талабын аткаруу максатында «Акча каражаттарын легализациялоо максатында атайы депозит эсебин ачуу жана жүргүзүү тартиби жөнүндө» жобо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында жана башка финансы-кредит мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуу эсептер планына карата толуктоолор бекитилген.

Кыргыз Республикасынын, Ислам Өнүгүү банкынын жана «Экобанк» ААКсынын ортосунда ислам каржылоо принциптерин жана банк ишин колдонууга киргизүүгө тиешелүү Меморандумдун чегинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2006-жылдын теке айынын он экисиндеги №373 «Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүнүн алгачкы долбоору жөнүндөгү» Жарлыгын аткаруу максатында отчеттук жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан «Экобанк» ААКсынын - республикада ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүү боюнча алгачкы долбоорду жүзөгө ашырууга катышуучунун ишин жөнгө салууга каралган 11 ченемдик укуктук документ кабыл алынган.

Кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу чегин жеңилдетүү жана либерализациялоо үчүн кредиттик союздардын ишин жөнгө салуу эрежелерине сырттан карыз алуулар жана депозиттик база жагында өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген.

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде Улуттук банктан лицензия алышкан айрым коммерциялык банктардын жана мекемелердин ишине тиешелүү маселелер боюнча 30 токтом кабыл алынган. Мындан тышкары, коммерциялык банктардын ишин жөнгө салган ченемдик базалар боюнча 25 токтом кабыл алынган. Булар жаңы ченемдик актылар сыяктуу эле, мурда колдонулуп келинген ченемдик актыларга өзгөртүүлөрдү киргизүүгө байланыштуу кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзамынын 3-статьясына ылайык, төлөм системасы чөйрөсүндө милдеттерди аткаруу анын натыйжалуу жана үзгүлтүксүз ишин камсыз кылууга багытталган.

Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын жалпы түзүмүнө жана иш чөйрөсүнө тиешелүү саясаттарды иштеп чыгууда жетекчилик ролду өзүнө алуу менен Улуттук банк Башкармасы, өлкөнүн төлөм системасын жөнгө салуу боюнча иш жүргүзүп келүүдө. Алсак, 2007-жыл ичинде Улуттук банк Башкармасы тарабынан: гроссттук системанын ийгиликтүү колдонууга киргизилиши үчүн тиешелүү усулдук негиздерди камсыз кылуу максатында «Кыргыз Республикасында айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жөнүндө» жобо» тууралуу, «Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасында электрондук билдирүүлөрдүн форматтары жана аларды толтуруу эрежелери жөнүндө», «Банктар аралык бирдиктүү процессинг борбору аркылуу «Элкарт» банктык төлөм картын пайдалануу менен төлөмдөрдү өткөрүү тартиби жөнүндө» убактылуу нускоо тууралуу», ушул картты пайдалануу менен эсептешүүлөрдүн улуттук системасын жөнгө салуучу ченемдик базаларды өркүндөтүү максатында «Элкарт» банктык төлөм картын чыгаруунун убактылуу эрежелери жөнүндө, төлөм инструменттеринин формаларын жана төлөм документтерин толтуруу тартибин аныктоо максатында «Төлөм документтерин толтуруу тартиби жөнүндө» нускоо тууралуу», «Төлөм системасы боюнча комитет жөнүндө» жобо тууралуу», инновациялык технологияларды жана маалымат системаларын колдонууга негизденген төлөм жана эсептешүү кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо процессин жөнгө салуу максатында «Алдынала төлөнгөн карт формасындагы электрондук акчаны пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо боюнча ишти лицензиялоо жөнүндө» жобо тууралуу» токтомдор кабыл алынган.

Мындан тышкары, Улуттук банк Башкармасы Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү жана төлөмдөрдүн натыйжалуу өтүшүн камсыз кылууга жөндөмдүү инфраструктураларды түзүү боюнча 2003-2008-жылдарга каралган иш-чаралардын Мамлекеттик программасынын долбоорлорун жүзөгө ашыруунун жүрүшүнө тиешелүү маалыматтарды, ошондой эле төлөм системасынын учурдагы абалы боюнча даярдалган чейректик отчетторду кароого алган. Бардыгы болуп жыл ичинде төлөм системасы маселеси боюнча 21 токтом кабыл алынган.

Банк Башкармасы, мындан тышкары Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маселелерди жана ички уюштуруу иштерине тиешелүү маселелерди да караган. Улуттук банктын ченемдик базасына тиешелүү маселелер боюнча 39 токтом, банктын ички ишине тиешелүү маселелер боюнча 91 токтом кабыл алынып, 147 маселе маалыматтык билдирүү катары кароого алынган.

## 6.3. Банктык мыйзамдарды өркүндөтүү жана финансылык кеңешчи милдетин аткаруу

Улуттук банк 2007-жылы Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын өркүндөтүү боюнча ишти улантткан.

Улуттук банктын ишинин мыйзамдык ченемдерин оптималдаштыруу максатында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору иштелип чыккан. Сунуш кылынган түзөтүүлөр жогоруда аталган мыйзамдын жоболорун 2007-жылдын тогуздун айынын жыйырма биринде референдум (бүткүл элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган Конституциянын жаңы редакциясынын нормаларынын талаптарына ылайык келтирүүнү көздөйт.

Банк ишинин мыйзамдык ченемдерин оптималдаштыруу жана банк секторун өнүктүрүү, республиканын банк тутумунун ишинин ишенимдүүлүгүн, натыйжалуулугун жана туруктуулугун бекемдөө максатында «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банк иши жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» мыйзам долбоору иштелип чыккан. Анда, банк ишинин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу, банктардын капиталын көбөйтүүгө өбөлгө түзүү, банк тутумунун менчигинин түзүмүнүн ачык-айкындуулугун арттыруу камтылган.

Отчеттук жылда, аны иштеп чыгуу республиканын банк тутумунун өнүгүүсүндө артыкчылыктуу багыттардын бири болуп саналган «Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө» мыйзам долбоорунун кабыл алынышы жагында иштер улантылган. Бул мыйзам долбоору банк тутумуна карата калайык-калктын ишенимин арттыруу максатында, мурда эле иштелип чыккан.

Жеке адамдар менен юридикалык жактардын ортосунда эсептешүүлөр үчүн (анын ичинде, мөөнөтсүз депозиттер) банктык эсептерди пайдалануунун ийкемдүүлүгүн күчөтүүнү камсыз кылууну караган «Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча иш улантылган. Мыйзам долбоору Өкмөттүн 2007-жылдын тогуздун айынын жыйырма үчүндөгү №518 токтому менен жактырылган жана Жогорку Кеңештин кароосуна жөнөтүлгөн. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын «Банктарды консервациялоо, жоюу жана банкроттукка чыгаруу жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» жана анда «Кредиттик союздар жөнүндө», «Кооперативдер жөнүндө» мыйзамдарга жана Жарандык кодекске өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү каралган «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору иштелип чыккан.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик пошлина жөнүндө» мыйзамы менен «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын ортосундагы карама-каршылыкты четтетүү максатында «Мамлекеттик пошлина жөнүндө» мыйзамга толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоору иштелип чыгуу менен Президенттин Администрациясынын кароосуна берилген.

Банк тарабынан иштелип чыккан мыйзам долбоорлор жалпы талкууга алынышы үчүн Улуттук банктын расмий сайтында жайгаштырылып турган.

Улуттук банк төмөнкү багыттар боюнча ведомстволор аралык топтордун ишине катышкан:

– «Акча каражаттарын, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү легализациялоого байланыштуу амнистия тууралуу» мыйзамды жүзөгө ашырууга тиешелүү ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу;
– Кыргыз Республикасында ислам каржылоо принциптерин колдонууга киргизүүгө байланыштуу ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу;
– Тике инвестицияларды тартуу жана аларды өздөштүрүүнүн орто мөө-

нөттүк стратегиясын даярдоого байланыштуу ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу.

2007-жылы инфляцияны токтотуу боюнча биринчи кезектеги чараларды көрүү максатында Өкмөт менен Улуттук банк тарабынан 2007-жылдын баш оона айынын отузунда №385/40/2 «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Улуттук банктын инфляцияны токтотуу боюнча биринчи кезекте аткарылуучу чаралар жөнүндө биргелешкен билдирүүсү тууралуу» токтому кабыл алынган.

Отчеттук жылда Улуттук банктан лицензия алышкан банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салган ченемдик базаларды өркүндөтүү боюнча иштер да улантылган.

Бул багыттагы ченемдик-укуктук базаларды өркүндөтүү максатында Улуттук банк Башкармасы тарабынан төмөнкүдөй токтомдор кабыл алынган:

– «Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык компанияларды лицензиялоо, өзгөртүп түзүү жана жоюу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын үчтүн айынын отуз бириндеги №5/1 токтому);
– «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында микрофинансылык уюмдарда жана кредиттик союздарда ички контролдук системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын бирдин айынын он төртүндөгү №7/2 токтому);
– «Банктык кызмат көрсөтүүлөр рыногунда басымдуулук абалын аныктоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын жалган куран айынын жыйырма сегизиндеги №16/5 токтому);
– «Банкроттук процессинде турган банктарды реабилитациялоо жөнүндө» убактылуу жобонун жаңы редакциясын бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын бугу айынын экисиндеги №23/4 токтому);
– «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында Улуттук банктан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит мекемелеринде ички контролдукту уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын бугу айынын он бешиндеги №26/1 токтому);
– Кыргыз Республикасынын банктарында жана башка финансы-кредит мекемелеринде бухгалтердик эсепке алуу эсептер планынын жаңы редакциясын бекитүү тууралуу (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын бугу айынын отузундагы №28/3 токтому);
– «Консолидацияланган көзөмөл жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын бугу айынын отузундагы №28/4 токтому);
– «Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын кулжа айынын бириндеги №29/3 токтому);
– «Кредиттик регистр жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын теке айынын он бириндеги №34/3 токтому);
– «Төлөм документтерин толтуруу тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын теке айынын жыйырма бешиндеги №36/5 токтому);

– «Электрондук акчаны пайдалануу менен төлөм кызмат көрсөтүүлөрүн сунуштоо боюнча ишти лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын теке айынын жыйырма бешиндеги №36/6 токтому);
– «Кыргыз Республикасында майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасында төлөмдөрдү өткөрүүнүн тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын баш оона айынын жыйырма экисиндеги №38/11 токтому);
– «Акча каражаттарын легализациялоо максатында атайы депозит эсебин ачуунун жана жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» (Улуттук банк Башкармасынын 2007-жылдын аяк оона айынын он тогузундагы №42/6 токтому) жана башкалар.

Өкмөттүн мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу жана Улуттук банктан лицензия алышкан финансы-кредит мекемелеринин ченемдик актыларынын, уюштуруу документтеринин долбоорлорун экспертизадан өткөрүү планынын айрым пункттарын аткаруу максатында, Улуттук банктын ченемдик-укуктук актыларын каттоодон өткөртүү маселеси боюнча Адилет министрлиги менен өз ара иш алып баруу отчеттук жылы да улантылган.

Ошондой эле, «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзам талабынын чегинде аткаруу бийлик органдары тарабынан иштелип чыккан жана республиканын банк, финансы системаларынын ишине тиешелүү ченемдик-укуктук актыларынын долбоорлорун экспертизадан өткөрүү иштери жүргүзүлгөн.

Отчеттук жылы «Ишкердик субъекттерине текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө», «Жеке ишкердикти мамлекеттик колдоого алуу жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү фондусу жөнүндө», «Акча каражаттарын, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү легализациялоого байланыштуу амнистия жөнүндө», «Күрөө жөнүндө» мыйзамга толуктоолорду киргизүү жөнүндө», «Акционердик коомдор жөнүндө» мыйзамга толуктоолорду киргизүү жөнүндө», «Салык Кодексине» толуктоолорду киргизүү жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө», «Кыймылсыз мүлккө жана алар менен бүтүмдөргө укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» мыйзамга толуктоолорду киргизүү жөнүндө» мыйзам долбоорлору, ошондой эле Улуттук банкка макулдашуу жана экспертизадан өткөрүү үчүн жөнөтүлгөн башка мыйзам долбоорлору боюнча экспертизалар жүргүзүлгөн.

Отчеттук жылы Улуттук банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн төмөнкү бир катар токтомдорунун долбоорлоруна экспертизалар жүргүзүлүп, сунуштар берилген: «Азыктүлүк коопсуздугу боюнча кеңеш жөнүндө», «Бийик тоолуу жана алыс жайгашкан аймактарда туруктуу жашап, экономикалык ишкердикти жүзөгө ашырып жатышкан жактарга субсидияларды берүү механизми жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карыз оорчулугун жеңилдетүү боюнча иш-чаралар планы жөнүндө», «Юридикалык жактардын-резиденттердин валюталык каражаттарын блокировкадан чыгарбоо жөнүндө», «Мамлекеттик карызды тескөөнүн орто мөөнөттүк стратегиясы жөнүндө», «Аймак ичинде баалуу металлдар рыногун өнүктүрүү боюнча андан аркы чаралар жөнүндө» ж.б.

Улуттук банк Кыргыз Республикасынын Президентинин, Жогорку Кеңешинин жана Өкмөттүн финансы кеңешчиси катары өз функциясын аткаруунун чегинде 2007-жылы төмөнкү иштерди жүзөгө ашырган:

– Президентке, Жогорку Кенешке жана Өкмөткө акчакредит саясатынын жүзөгө ашырылышы, банк жана төлөм системаларынын абалы тууралуу маалыматтарды берип турган;
– финансы рыногундагы жагдай боюнча аналитикалык маалыматтарды берген;

- мыйзам долбоорлоруна жана финансы, банк маселелерине же болбосо Улуттук банктын ыйгарым укуктар чөйрөсүнө тиешелүү ченемдик-укуктук актыларды жана чечимдерди экспертизадан өткөргөн;
- бир катар мамлекеттик программаларды иштеп чыгууга катышкан.

Кыргыз Республикасынын эларалык жана мамлекеттер аралык уюмдарга катышуусуна байланыштуу Өкмөттүн сунуш-көрсөтмөлөрүнүн чегинде Улуттук банк тарабынан финансы же банк ишине тиешелүү төмөнкүдөй эларалык келишимдерге, макулдашууларга экспертизалар жүргүзүлгөн:

- Австрия Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү ортосунда инвестицияларды коргоо жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Литва Республикасынын Өкмөтүнүн ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Нидерланд Королевствосунун Өкмөтүнүн ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана өзара коргоо жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Нидерланд Королевствосунун Өкмөтүнүн ортосунда экономикалык кызматташуу жөнүндө келишим долбоору;
- Чехия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;
- Латвия Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын ортосунда инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;
- Венгрия Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы инвестицияларга колдоо көрсөтүү жана коргоо жөнүндө келишим долбоору;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Өзбекстандын ортосунда карыздарды реструктуризациялоо жөнүндө келишим долбоору, ошондой эле КМШ, ЕврАзЭС, КШУ жана башка Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон эларалык уюмдардын чегинде иштелип чыккан келишимдердин жана башка документтердин долбоорлору.

Өкмөттүн финансылык агенти катары Улуттук банк анын эсептерин тейлөө боюнча ишти уланткан. 2007-жылы Улуттук банк менен Финансы министрлигинин Борбордук Казыналыгынын ортосунда 2007-жылдын теке айынын отузундагы Генералдык Келишимге Борбордук Казыналыктан келип түшкөн төлөм документтерин иштеп чыгуунун натыйжалуулугун арттыруу максатында кол коюлган. Ушул Генералдык Келишимге карата тиркеме катары иштелип чыккан «Төлөм тапшырмасы» жана «Конвертациялоого билдирме» формалары банктык төлөм документтерин банктык тейлөөнүн бирдиктүү стандарттык формасына ылайык келтирүүгө, ошондой эле операциялык тобокелдиктерди басаңдатууга өбөлгө түзгөн. Өз ыктыяры менен салым кошуу жана төлөмдөр боюнча каражаттарды тышкы карызды төлөө эсебине топтоо максатында, Өкмөттүн 2007-жылдын бугу айынын жыйырма төртүндөгү №135-б буйруусуна ылайык, Улуттук банкта «Тышкы карызды төлөөгө улуттук валютадагы элдик эсеп» жана «Тышкы карызды төлөөгө четөлкө валютасындагы элдик эсеп» эсептери ачылган.

## 6.4. Ички аудит жана ички контролдук системасы

Улуттук банктын ички аудити "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө" мыйзам талабына ылайык, Улуттук банктын Ички аудит бөлүмү тарабынан жүзөгө ашырылат жана ал ички контролдук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Улуттук банктын ички контролдугунун негизинде банктык көзөмөл боюнча Базель комитети тарабанын сунушталган принциптер камтылган.

Банктын ички контролдук системасы Улуттук банктын Төрагасы жана Банк Башкармасы, структуралык бөлүмдөрдүн начальниктери тескөөгө алган процесстин бөлүгү болуп саналат жана ар бир кызматкер аркылуу ишке ашырылат. Ички контролдук системасы үч деңгээлден турат. Биринчи деңгээли - өзүнүн операциялык милдеттерин аткаруу процессинде ар бир кызматкер тарабынан жүзөгө ашырылган өзүнө-өзү контролдук. Экинчи деңгээл - структуралык бөлүмдөрдүн начальниктери тарабынан контролдук, ички аудиттин текшерүүлөрү, Улуттук банктын жогорку башкаруу органы катары Банк Башкармасынын ички контролдук системасына баяндамасы. Үчүнчү деңгээл - эларалык аудитордук компания тарабынан анын финансылык отчеттуулуктун эларалык стандарттарына ылайык келүүсү көз карашынан, Улуттук банктын финансылык отчетуна ар жылы жүргүзүлүүчү аудитордук текшерүү.

Операцияларды жүргүзүү учурунда өзүнө өзү контролдук иштелип чыккан саясаттарды, процедураларды, жоболорду, нускоолорду, кызматтык милдеттер боюнча нускоолорду ж.б. ченемдик-укуктук актыларды так аткаруу аркылуу банктын ар бир кызматкери тарабынан жүзөгө ашырылат.

Улуттук банктын ички контролдук системасынын таасирдүүлүгүнө баа берүүнү ички аудит бөлүмү жүргүзөт. Бөлүмдүн иши ички аудитти жүргүзүүнүн кесиптик тажрыйбасы боюнча стандарттарга жана ички аудиттин эларалык стандарттарына негизденген.

2007-жылы аудитордук текшерүүлөр бекитилген жылдык планга ылайык, операциялык тобокелдиктерге баа берүүнүн натыйжаларына негизделүү менен ишке ашырылган. Жүргүзүлгөн аудиттердин жана операциялык анализдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча борбордук банктын ишине мүнөздүү тобокелдиктерди төмөндөтүү максатында, ички аудиторлор ички контролдук системасында орун алган айрым кемчиликтерди четтетүүгө багытталган сунуш-көрсөтмөлөрдү иштеп чыгат. Жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн чегинде структуралык бөлүмдөрдүн ишин өркүндөтүүгө багытталган 65 сунуш-көрсөтмө берилген. Структуралык бөлүмдөр аткарууга кабыл алган сунуш-көрсөтмөлөр ички контролдук системасынын таасирдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзөт.

Отчеттук жылда Ички аудит бөлүмү тарабынан банк ишине мүнөздүү болгон тобокелдиктер картасын түзүү боюнча иш улантылган. Ички контролдук системасынын таасирдүүлүгүнө баа берүү чегинде аткарылган бул иш, тобокелдиктерди басаңдатууга жана Улуттук банктын иш натыйжасын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

2007-жылы эларалык аудитордук компания тарабынан Улуттук банктын ички аудитинин иши боюнча көз карандысыз баяндама даярдалып, анын ишин өркүндөтүү боюнча сунуш-көрсөтмөлөр берилген.

Отчеттук жылы ар жылы өтүүчү консультациялык жолугушуулардын алкагында КМШ жана Балтика боюндагы өлкөлөрдүн борбордук банктарынын ички аудит кызматтары менен иш алып баруу улантылган. Кыргыз Республикасы-

нын Улуттук банкынын төрагалыгы астында өткөн Консультативдик кеңештин отурумунда ички аудит кызматынын ишинде тобокелдик - багыт берүү ыкмасын, ички аудиттин ишинин сапатына баа берүү системасын, ички аудит кызматынын, борбордук (улуттук) банктардын ички контролдук кызматкерлеринин квалификациясына карата талаптар, ички аудит кызматы тарабынан аларга баа берүү ыкмалары, борбордук (улуттук) банктардын ички аудит стандарттарына тиешелүү маселелер талкууланган. Консультативдик кеңештин 2008-жылы өтө турган отурумуна төрагалык Тажикстан Республикасынын Улуттук банкына ыйгарылган.

## 6.5. Коомчулукка маалымат берүү

Улуттук банктын коомчулукка маалымат берүү иши өлкөнүн борбордук банкынын ишинин ачык-айкындуулугу жана отчет берүү принцибин жүзөгө ашырууга багытталган жана отчеттук жылы ал маалыматтык, статистикалык жана аналитикалык мүнөздөгү расмий басылмаларды чыгаруу; Улуттук банктын веб-сайтында маалыматтарды жайгаштыруу; жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоолор; теле жана радиоберүүлөрдү дайыма уюштуруу; банк жетекчилигинин катышуусунда брифингдерди жана пресс-конференцияларды өткөрүү, ошондой эле маалымдоо иш чараларын уюштуруу аркылуу жүзөгө ашырылган. Улуттук банк өзүнүн башкы мекемеси аркылуу сыяктуу эле, регионалдык башкармалыктары тарабынан камсыз кылынган маалыматтан бирдей пайдалануу саясатын жүргүзүүнү уланткан.

Жалпыга маалымдоо каражаттары менен өз ара иш алып баруу Улуттук банктын негизги иш багыттарына ылайык жүргүзүлгөн.

Коомчулукка акчакредит саясатынын жыйынтыктары тууралуу маалыматтар банк жетекчилигинин катышуусунда ай сайын өткөрүлүп турган, салтка айланган пресс-конференциялардын жүрүшүндө маалымдалган болсо, иштин эң эле маанилүү аспектилерин камтыган айрым өзүнчө маселелер, атайы брифингдерде кароого сунушталган. Мындан тышкары, Улуттук банктын жетекчилигинин интервьюлары, валюта жана финансы рынокторундагы жагдайлар жөнүндө атайы маалыматтык билдирүүлөр, ошондой эле сомдун алмашуу курсу, эларалык камдарды тескөө, тышкы карызды тейлөө маселелери боюнча түшүндүрмөлөр, комментарий түрүндө гезит беттеринде, Улуттук банктын жана алдыңкы маалыматтык агенттиктердин сайттарында чагылдырылган. Ошондой эле, Улуттук банктын адистери өлкөнүн экономикасынын ар кандай аспектилерине арналган теле- жана радиоберүүлөрүнө жана «түз эфир» талкууларына катышышкан.

2007-жылы накталай эмес төлөмдөр системасын колдонууга киргизүү боюнча Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруунун жүрүшү жөнүндө коомчулукка маалымдап туруу иши улантылган. Алсак, жогоруда аталган Мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу алкагында жүргүзүлүп жаткан иш-чараларды Улуттук банктын пресс-релизинде дайыма жарыялап туруу жана ай сайын өткөрүлгөн пресс-конференциялардын жүрүшүндө бул багытта алынган маалыматтарды веб-сайттын чейрек сайын жарыялануучу аналитикалык баяндамаларына жайгаштыруудан тышкары, накталай жана накталай эмес акча жүгүртүлүшүнүн катышынын өзгөрүүсү, акча которуу рыногундагы жагдай, Кыргыз Республикасында банктык төлөм карт рыногун өнүктүрүүнүн өзгөчөлүгү жана «эмгек акы» долбоорлорун колдонууга киргизүү, республикада төлөм системасынын инфраструктурасын өнүктүрүү боюнча көрүлүп жаткан чараларга тиешелүү актуалдуу маселелерди камтыган макалалар, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып турган. Мына ушул Мамлекеттик программага «Нацбанк сообщает» телеберүүсүндө жана «Улуттук банк билдирет» радиоберүүсүндө өзүнчө рубрикалар арналып, аларда бул программанын алдыга коюлган максаттары жана милдеттери жөнүндө түшүндүрмөлөр берилип, анын «Төлөм системасын модернизациялоо» долбоорунун өзүнчө компоненттеринин жүзөгө ашырылышынын жүрүшү жөнүндө сөз болгон. Мындан тышкары, Мамлекеттик программанын жүзөгө ашырылышынын жүрүшү жөнүндө отчет, ар бир жарым жылда Улуттук банктын расмий басылмаларында жана сайтында, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланып турган.

Банк секторун өнүктүрүүнүн актуалдуу маселелери атамекендик аналитикалык журнал беттеринде да жарыяланган. Андагы макалалар негизинен Кыргыз-

стандын банк тутумунун Борбордук Азиянын башка өлкөлөрүнө салыштырганда өнүгүү жолу банк тутумун монополияга каршы жөнгө салуу; ликвиддүүлүктүн жогорку деңгээлинин өлкө экономикасына тийгизген таасири, «Терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттер жөнүндө» мыйзамды жүзөгө ашыруу; Кыргызстандын банк тутумун өнүктүрүү келечектерине арналган.

Кредиттик союздарды өнүктүрүүнүн жүрүшүн чагылдыруу максатында кредиттик союздар тарабынан өз катышуучуларынан ресурстарды тартууну активдештирүүнүн зарылчылыгы жана алардын бул багыттагы ишине түрткү берүү жагында Улуттук банк тарабынан көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө макалалар даярдалган. Банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин лицензияларын каттоо, кайтарып алуу жана аракетин убактылуу токтотуу жөнүндө маалыматтар, ошондой эле бул мекемелердин ишине тиешелүү башка жаңылыктар пресс-релиздерде дайыма жарыяланып, Улуттук банктын веб-сайтында жайгаштырылып турган.

Кыргызстандын рыногунда колдонууга киргизилип жаткан жаңы банктык продуктылар атап айтканда, ислам банкинги боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү үчүн Улуттук банктын адистери тарабынан жалпыга маалымдоо каражаттарынын көп сандаган өтүнүчтөрүнө жооптор даярдалып, жаңыдан кабыл алынган ченемдик документтер боюнча түшүндүрмөлөр берилип, кызматкерлердин интервьюлары жарыяланган. Маалымат каражаттарынын өкүлдөрү Улуттук банк Башкармасынын жогоруда аталган маселеге арналган, Баткен шаарында өткөрүлгөн көчмө отурумунун ишине да катышышкан.

Коомчулукка маалымат берүү ишине Улуттук банктын областтык башкармалыктары да жигердүү катышышкан. Алсак, райондук жана областтык гезит беттеринде кыргыз, орус жана өзбек тилдеринде валюталардын эсептик курсу жөнүндө маалыматтар, банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин лицензияларын каттоо, кайтарып алуу жана аларга карата колдонулган санкциялар жөнүндө маалыматтар, улуттук валютанын банкнотторунун аныктыгын текшерүү эрежелери жана эскилиги жеткендерин жаңысына алмаштыруу тартиби, акча которууларды жүзөгө ашыруу эрежелери жөнүндө маалыматтар жарыяланып турган, ошондой эле «Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматы сиздердин суроолоруңузга жооп берет» рубрикасы астында түшүндүрмө берүүлөр жана коомдук пикирди билүү кызматынын иши жөнүндө отчеттор дайыма жарыяланып турган.

Отчеттук жылы Улуттук банктын калайык-калк менен өз ара иш алып баруусун камсыз кылуу боюнча иштер улантылган. Жарандардын кайрылууларын жана арыздарын кабыл алып, кароо иши Бишкек шаарында гана эмес, ар бир областтык башкармалыкта жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүндө жайгашкан коомдук пикирди билүү кызматы тарабынан коомчулук менен иш алып барууну жөнгө салган ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөн. Улуттук банкта «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» мыйзамга ылайык, жарандардын кайрылуулары менен иш алып баруунун натыйжалуулугун арттыруу боюнча иш жүргүзүлгөн. Алсак, Улуттук банкта кат жүзүндө келип түшкөн сунуштарды, жарандардын арыздарын жана даттанууларын кароо жол-жобосунун, ошондой эле Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматынын иш тартибинин жаңы редакциялары буйрук менен бекитилип, колдонууга киргизилген. Мындан тышкары, отчеттук жылы банк жетекчилигинин жарандарды кабыл алуу графиги колдонууга киргизилип, Төрага жана Банк Башкармасынын ар бир мүчөсү ага ылайык жарандарды кабыл алууну жүргүзүп келүүдө.

Бардыгы болуп 2007-жылы Улуттук банктын коомдук пикирди билүү кызматына 412 кат жүзүндөгү (алардын ичинен Бишкек шаары боюнча - 105, областтык башкармалыктар боюнча - 307) жана 5,5 миңден ашык оозеки кайры-

луулар катталган (алардын ичинен Бишкек шаары боюнча - 5 миңге жакын, областтык башкармалыктар боюнча - 686). Кат жүзүндөгү бардык кайрылууларга жооптор өз учурунда кайтарылган. Алардын ичинен: Жогорку Кенештен - 1, Президенттин Администрациясынан - 6, Өкмөттүн Аппаратынан - 14, бардыгы болуп 21 кайрылуу келип түшкөн.

Кайрылуулардын негизги тематикасын Улуттук банк тарабынан белгиленген эсептик чен жана четөлкө валюталарынын эсептик курстарына тиешелүү маалыматтар (областтык башкармалыктар боюнча 511 кайрылуу жана кайрылуулардын негизги үлүшү телефон аркылуу Бишкек шаары боюнча катталган), ошондой эле банктык эмес финансы-кредит мекемелерин түзүү тартиби (195, анын ичинен эң көп сандагы кайрылуулар Ош областы боюнча катталган - 90); эскилиги жеткен банкнотторду алмашуу тартиби жөнүндө - 67; МКВларды сатып алуу тартиби жөнүндө - 62 кайрылуулар түзгөн.

Мындан тышкары, Улуттук банктын адистери ар кандай максаттар үчүн кредиттер, анын ичинде ипотекалык кредиттерди алуу тартибине тиешелүү маселелер боюнча консультацияларды, «банк менен кардардын» өз ара мамилесинин укуктук негиздери, банктык жана банктык эмес мекемелердин ишин жөнгө салуу, банкрот болгон банктардан аманаттарды кайтарып алуу тартиби, накталай акча жүгүртүлүшүн уюштуруу, акча которууларды жүзөгө ашыруу, акчакредит саясатынын айрым маселелери, валюта рыногундагы жагдайга тиешелүү, алтын-валюта камдарына тиешелүү, тышкы карыз маселелери боюнча түшүндүрмөлөр беришип, банк системасын жана башка финансы-кредит мекемелерин өнүктүрүү жагында сунуштарды кароого алган.

Кароого алынып жаткан жылы Кыргыз Республикасында микрокаржылоону 2010-жылга чейинки мезгил аралыгында өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүк стратегиясын жүзөгө ашыруу алкагында, түшүндүрүү иштери улантылган. Алсак, 2007-жылдын бугу айынын жыйырма тогузунда Нарын областтык башкармалыгы тарабынан «Банктык эмес финансы-кредит мекемелерин өнүктүрүүдөгү проблемалар» темасында тегерек-стол маеги өткөрүлгөн. Анын жүрүшүндө Нарын областындагы микрофинансылык мекемелердин ишинде орун алган проблемалар талкууга алынган. Бул иш-чарага Улуттук банктын кызматкерлери, Финансы компаниясынын регионалдык өкүлчүлүгүнүн өкүлдөрү, кредиттик союздардын, микрокредиттик агенттиктердин жана компаниялардын, ошондой эле областтык жалпыга маалымдоо каражаттарынын жетекчилери катышышкан. Ал эми кулжа айында Ош шаарында Улуттук банктын жетекчилигинин Ош областындагы кредиттик союздардын катышуучулары менен көчмө жолугушуусу өткөрүлгөн. Мындан тышкары, отчеттук жылдын кулжа айынын он жети-он сегизинде Баткен шаарында Улуттук банк Башкармасынын көчмө отуруму болгон. Анда Улуттук банктын адистери катышуучуларга ислам каржылоо принциптери жөнүндө маалымат беришип, накталай эмес төлөмдөрдү арттыруу боюнча мамлекеттик программаны жүзөгө ашыруу жагындагы жагдайга тиешелүү маалыматтар менен тааныштырган.

Отчеттук жыл ичинде «Сом - Кыргызстандын жүзү» салтка айланган маалымат берүү компаниясынын чегинде иш чаралар улантылган. Жылдын чын куран-бугу айларында Нарын жана Жалалабат областтык башкармалыктарында областтык орто мектептердин окуучуларынын арасында, улуттук валютанын жүгүртүүгө чыгарылышынын 14 жылдыгына арналган, эң мыкты жазылган дилбаянга сынактар өткөрүлгөн. Ош областтык башкармалыгы шаардагы мектеп окуучулары үчүн экскурсияларды уюштурган. Талас, Ош, Жалалабат жана Нарын областтык башкармалыктарынын кызматкерлери орто мектептин окуучулары жана жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн улуттук валютага карата аяр мамиле, сомдун коргоо элементтери, жасалма акча жасоочулукка каршы күрөшүү,

эскилиги жеткен банкнотторду алмаштыруу тартиби, накталай акча жүгүртүлүшү жана Кыргыз Республикасынын банк тутуму жөнүндө лекцияларды окушкан. Улуттук валютанын эскилиги жеткен банкнотторун алмаштыруу тартиби, жогорку номиналдагы банкноттордун аныктыгы белгилери жөнүндө баяндалган плакаттар, республиканын бардык областтары боюнча таркатылган.

Бүтүндөй отчеттук жыл ичинде Ош областтык башкармалыгы тарабынан экскурсиялар уюштурулуп жана Ош мамлекеттик университетинин, Кыргыз-Өзбек университетинин студенттери үчүн «Дүйнөлүк валюта системасы», «Сом - Кыргызстандын жүзү», «Улуттук валютанын банкнотторунун коргоо элементтери» темасында банктын нумизматикалык музейинде лекциялар өткөрүлгөн (бардыгы болуп ага 173 угуучу катышкан). Мындан тышкары, калайык-калкка банкноттордун коргоо белгилери жөнүндө маалымат берүү үчүн Улуттук банктын областтык башкармалыктары тарабынан жергиликтүү телевидениеде кыргыз жана орус тилдериндеги тиешелүү видеороликтер берилип турган.

Салт болуп келген «Улуттук банктын өлкөнүн борбордук банкы катары аткарган ролу жана милдеттери» темасында семинарларды өткөрүү иши 2007-жылы да улантылган. Банк жаштарынын шериктештигинин мүчөлөрү, коомдук саясат институтунун угуучулары, жогорку окуу жайларынын экономика жана банк иши факультеттеринин студенттери Бишкекте өткөрүлгөн мындай семинарлардын угуучуларынан болушкан (бардыгы болуп 60 адам). Коомчулукту Улуттук банктын иши, акчакредит саясатын жүргүзүүдөгү анын ролу менен тааныштыруу, ошондой эле экономикалык процесстерди калайык-калктын түшүнүү деңгээлин көтөрүү, семинарлардын максатынан болгон.

2008-жылдын үчтүн айынын биринен тартып монеталардын жүгүртүүгө чыгарылышына байланыштуу 2007-жылдын жетинин - бештин айларында Улуттук банк бул монеталардын сүрөттөлүштөрү түшүрүлгөн жана техникалык мүнөздөмөлөрү камтылган маалыматтык плакаттарды жана жылнаамаларды таркаткан.

Улуттук банктын веб-сайты, мурдагыдай эле, коомчулук тарабынан Улуттук банктын иши жөнүндө жалпы маалымат алууда жигердүү пайдаланылган булактардын бири бойдон калууда. Отчеттук жылы аны маалымат менен толуктап туруу, сайтта жайгаштырылган документтердин форматтарын өркүндөтүү боюнча иштер жүргүзүлүп, банк жана төлөм системаларына, финансы рыногуна арналган бөлүктөр кеңейтилген. Веб-сайтта коммерциялык банктардын тизмеси, алардын банктык идентификациялык коддору, банктык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер, банк операцияларын жүргүзүү укугуна чектөөлөрүн көрсөтүү менен лицензиялардын реестрлери, коммерциялык банктар системасы боюнча чейректик жалпы маалыматтар жана республиканын аймагында иштеп жаткан банктык эмес финансы-кредит мекемелеринин реестрлери жаңыртылып турат. Мындан тышкары, коммерциялык банктар менен ФКМдердин финансылык отчетторун жарыялоо, мыйзам бузууларга жол берген ФКМдерге карата Улуттук банк тарабынан колдонулган санкциялар, соттук териштирүүлөр жөнүндө маалыматтарды дайыма жайгаштырып туруу иши улантылган. Веб-сайтта ошондой эле, акча топтомдору жана тышкы секторлор боюнча маалыматтар, Улуттук банктын расмий басылмаларынын интернет-версиялары, бош турган кызмат орундарына сынактардын жарыялангандыгы жөнүндө кулактандыруулар, тендерлерди ж.б. ачык сынактарды өткөрүүлөр жөнүндө маалыматтар ошондой эле, Улуттук банктын программалык жана стратегиялык мүнөздөгү документтери, ченемдик актылары жана иштелип чыккан долбоорлору талкуулоо үчүн жарыяланып турат.

# III

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫНЫН 2007-ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТУ

# 2007-ЖЫЛДЫН БЕШТИН АЙЫНЫН ОТУЗ БИРИНДЕ БҮТКӨН ЖЫЛ ҮЧҮН ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТ

## 7.1. Көз карандысыз аудиторлордун корутундусу

Deloitte.

**Көз карандысыз аудиторлордун корутундусу**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасына

Биз, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары “Банк”) 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча балансты, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар, акча каражаттарынын жылышы жана ушул күндө бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө тиешелүү отчетторду, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги принциптерин ачып көрсөтүүлөрдү жана башка түшүндүрмөлөрдү камтыган финансылык отчетуна аудит жүргүздүк.

*Финансылык отчеттун даярдалышы үчүн жетекчиликтин жоопкерчилиги*

Банк жетекчилиги финансылык отчеттун даярдалышы жана анын эсепке алуу саясатына ылайык келүүсү үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат. Ал эми бул жоопкерчилик алдамчылыктын же катачылыкка жол берүүнүн натыйжасында олуттуу бурмалоолордун мүмкүндүгүн жокко чыгарган; тиешелүү эсепке алуу саясаты тандалып алынып жана колдонулган; ошондой эле, негиздүү бухгалтердик баа берүүлөргө таянган финансылык отчеттун даярдалышына жана анын так чагылдырылышына карата ички контролдук системасын түзүүнү, ишке киргизүүнү жана колдоого алууну камтыйт.

*Аудитордун жоопкерчилиги*

Биздин милдет, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде финансылык отчетто чагылдырылгандардын тактыгы жөнүндө пикир билдирүүдөн көрүнөт. Биз аудитти, Аудиттин эларалык стандарттарына ылайык жүргүздүк. Ушул стандарттарга ылайык аудиторлордон этикалык нормаларды милдеттүү түрдө сактоо талап кылынат жана аудит, финансылык маалыматта олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына терең ишенимде болгудай, пландаштырылат жана жүргүзүлөт.

Аудит финансылык отчетто камтылган сандык көрсөткүчтөргө жана түшүндүрмөлөргө карата аудиттордук далилдөөлөрдү алуу үчүн зарыл болгон жол-жоболорду жүзөгө ашырууну камтыйт. Тиешелүү жол-жоболорду тандоо финансылык алдамчылыкка же каталаларга жол берүүнүн кесепетинен финансылык отчетто олуттуу бурмалоолордун келип чыгышы тобокелдигине баа берүүнү кошо алганда, аудитордун кесипкөйлүк пикирине да негизденет. Мындай тобокелдиктерге баа берүү, ички контролдук системасынын натыйжалуулугу тууралуу пикир билдирүү максатында эмес, ошол жагдайларга карата колдонулуучу аудитордук жол-жоболорду иштеп чыгуу максатында, финансылык отчеттун даярдалышына жана так чагылдырылышына карата ички контролдук системасынын ишин кароого алууну камтыйт. Аудит ошондой эле, колдонулган эсепке алуу саясатынын тууралыгына жана жетекчилик тарабынан алынган баа берүү маанилеринин негиздүүлүгүнө, бүтүндөй финансылык отчеттун берилишине баа берүүнү камтыйт.

Биздин аудитордук далилдөөлөрүбүз, ушул финансылык отчет тууралуу пикир билдирүү үчүн жетиштүү негиз деп эсептейбиз.

*Аудитордун пикири*

Биздин пикирибизче, кароого сунушталган финансылык отчетто 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата абал боюнча Банктын финансылык абалы, ошондой эле анын иш натыйжалары, көрсөтүлгөн күндө бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы, финансылык отчетко карата 2-түшүндүрмөдө баяндалган отчетту сунуштоо принциптерине ылайык, бардык олуттуу аспектилери боюнча так чагылдырылган.

## 7.2. 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата бухгалтердик баланс
*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|---|
| **АКТИВДЕР** | | | |
| Алтын жана күмүш | 4 | 2 467 527 | 2 013 889 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер | 5 | 26 034 108 | 20 772 946 |
| Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздар | 6 | 12 959 655 | 8 000 053 |
| Төлөөгө чейин кармалып турууучу инвестициялар | 7 | 4 094 161 | 4 301 895 |
| Туунду компанияларга инвестициялар | 8 | 28 000 | 28 000 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 9 | 536 402 | 483 026 |
| Башка активдер | 10 | 528 206 | 454 230 |
| Жыйынтыгында активдер | | **46 648 059** | **36 054 039** |
| **МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР ЖАНА КАПИТАЛ** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор | 11 | 27 561 852 | 19 909 749 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин эсептери | 12 | 4 022 231 | 2 915 521 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | | 5 438 446 | 4 502 400 |
| Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер | 13 | 195 499 | 505 105 |
| Жүгүртүүгө чыгарылган баалуу кагаздар | | 1 426 507 | 63 943 |
| Алынган кредиттер | 14 | 5 548 876 | 6 553 769 |
| Башка милдеттенмелер | | 78 640 | 70 759 |
| **Жыйынтыгында милдеттенмелер** | | **44 272 051** | **34 521 246** |
| **Капитал** | | | |
| Уставдык капитал | 15 | 50 000 | 50 000 |
| Милдеттүү камдар (резервдер) | | 100 000 | 100 000 |
| Жалпы камдар | | 1 093 530 | 969 423 |
| Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздарды кайра баалоо боюнча кам | | 3 054 | (320) |
| Отчеттук жылдын пайдасы | | 1 129 424 | 413 690 |
| **Жыйынтыгында капитал** | | **2 376 008** | **1 532 793** |
| **Жыйынтыгында милдеттенмелер жана капитал** | | **46 648 059** | **36 054 039** |

Алапаев М.
Төрага

Айдаркулов Ш.
Башкы бухгалтер

## 7.3. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар жөнүндө отчет

*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл<br>миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл<br>миң сом |
|---|---|---|---|
| Пайыздык кирешелер | 16 | 1 760 700 | 1 327 980 |
| Пайыздык чыгашалар | 16 | (297 617) | (242 672) |
| **Таза пайыздык кирешелер** | | **1 463 083** | **1 085 308** |
| Комиссиондук кирешелер | | 8 310 | 7 472 |
| Комиссиондук чыгашалар | | (5 118) | (4 429) |
| **Таза пайыздык кирешелер** | | **3 192** | **3 043** |
| Четөлкө валютасы менен операциялардан жана баалуу металлдарды кайра баалоодон түшкөн таза пайда/(чыгым) | 17 | 31 027 | (309 632) |
| Баанын төмөндөшүнө камдарды калыбына келтирүү | 18 | 36 497 | 46 037 |
| Башка кирешелер | | 5 477 | 8 158 |
| **Башка пайыздык эмес кирешелер/(чыгашалар)** | | **73 001** | **(255 437)** |
| **Операциялык кирешелер** | | **1 539 276** | **832 914** |
| Административдик чыгашалар | 19 | (278 447) | (248 046) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган банкнотторду даярдатууга кеткен чыгашалар | | (131 405) | (171 178) |
| **Операциялык чыгашалар** | | **(409 852)** | **(419 224)** |
| **Таза пайда** | | **1 129 424** | **413 690** |

Алапаев М.
Төрага

Айдаркулов Ш.
Башкы бухгалтер

## 7.4. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн акча каражаттарынын жылышы жөнүндө отчет

*(миң сом менен)*

| | Эскертүү | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом |
|---|---|---|---|
| **ОПЕРАЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫ** | | | |
| Алынган пайыздар жана комиссиондук төлөмдөр | | 1 525 337 | 971 075 |
| Төлөнгөн пайыздар жана комиссиондук төлөмдөр | | (116 807) | (85 059) |
| Четөлкө валютасы менен операциялардан түшкөн реализацияланган пайда | | 104 141 | 31 871 |
| Башка кирешелер | | 24 917 | 7 045 |
| Эмгекке төлөөлөр боюнча чыгашалар | | (132 036) | (126 921) |
| Административдик чыгашалар | | (325 069) | (166 761) |
| | | **1 080 483** | **631 250** |
| **Операциялык активдердеги (көбөйүүлөр)/азаюулар** | | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер | | 4 078 778 | (5 809 353) |
| Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздар | | (4 556 913) | (2 791 159) |
| Башка активдер | | (21 513) | 23 272 |
| **Операциялык милдеттенмелердеги көбөйүүлөр/(азаюулар)** | | | |
| Жүгүртүүдөгү банкноттор | | 7 652 103 | 6 495 947 |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер | | 802 979 | 1 291 747 |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | | 532 898 | (662 432) |
| Жүгүртүүгө чыгарылган баалуу кагаздар | | 1 362 564 | 47 971 |
| Башка милдеттенмелер | | 1 016 | (300 394) |
| **Операциялык иштен алынган/(пайдаланылган) акча каражаттары** | | **10 939 866** | **(1 073 151)** |
| **ИНВЕСТИЦИЯЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫ** | | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуу | | (132 544) | (227 626) |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып өткөрүүдөн түшүүлөр | | - | 4 029 |
| Туунду компаниянын капиталына салымдар | | - | (13 000) |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестицияларды төлөөдөн түшүүлөр | | 81 262 | 16 910 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардан алынган пайыздар | | 80 503 | 145 943 |
| Алынган дивиденддер | | 1 309 | 1 390 |
| **Инвестициялык иштен алынган / (ишке пайдаланылган) акча каражаттары** | | **23 059** | **(72 354)** |
| **ФИНАНСЫЛЫК ИШТЕН ТҮШКӨН АКЧА КАРАЖАТТАРЫ** | | | |
| Алынган кредиттерден түшүүлөр | | 164 024 | 257 677 |
| Алынган кредиттер боюнча төлөөлөр | | (990 029) | (1 139 037) |
| **Финансылык иште пайдаланылган акча каражаттары** | | **(826 005)** | **(881 360)** |
| **Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүүсү/(азаюусу)** | | **10 136 920** | **(2 026 865)** |
| Валюта курстарындагы өзгөрүүлөрдүн акча каражаттарына жана алардын эквиваленттерине тийгизген таасири (эффекти) | | (503 247) | (478 706) |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | | 8 073 911 | 10 579 483 |
| **Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери** | 24 | **17 707 584** | **8 073 912** |

Алапаев М.
Төрага

Айдаркулов Ш.
Башкы бухгалтер

## 7.5. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн капиталдагы өзгөрүүлөр тууралуу отчет

*(миң сом менен)*

| миң сом | Устав-дык капитал | Милдет-түү камдар | Жалпы камдар | Четөлкө валюталарын жана баалуу металлдарды кайра баалоо боюнча кам | Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздарды кайра баалоо боюнча кам | Отчеттук жылдын пайдасы | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2005-жылдын бештин айынын отуз бири** | 50 000 | 100 000 | 822 740 | - | (884) | 488 945 | 1 460 801 |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | - | - | - | - | - | (342 262) | (342 262) |
| Өткөн жылдын пайдасын жалпы камдарга которуу | - | - | 146 683 | - | - | (146 683) | - |
| Баалуу металлдарды жана четөлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган чыгымдар | - | - | - | (341 503) | - | - | (341 503) |
| Баалуу металлдарды жана четөлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган чыгымдарды түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которуу | - | - | - | 341 503 | - | - | 341 503 |
| Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздарды кайра баалоодон реализацияланбаган пайда | - | - | - | - | 564 | - | 564 |
| Жылдын таза пайдасы | - | - | - | - | - | 413 690 | 413 690 |
| **2006-жылдын бештин айынын отуз бири** | 50 000 | 100 000 | 969 423 | - | (320) | 413 690 | 1 532 793 |
| Өткөн жылдын пайдасын Өкмөттүн бюджетине бөлүштүрүү | - | - | - | - | - | (289 583) | (289 583) |
| Өткөн жылдын пайдасын жалпы камдарга которуу | - | - | 124 107 | - | - | (124 107) | - |
| Баалуу металлдарды жана четөлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган чыгымдар | - | - | - | (73 114) | - | - | (73 114) |
| Баалуу металлдарды жана четөлкө валюталарын кайра баалоодон таза реализацияланбаган чыгымдарды түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетуна которуу | - | - | - | 73 114 | - | - | 73 114 |
| Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздарды кайра баалоодон реализацияланбаган пайда | - | - | - | - | 3 374 | - | 3 374 |
| Жылдын таза пайдасы | - | - | - | - | - | 1 129 424 | 1 129 424 |
| **2007-жылдын бештин айынын отуз бири** | 50 000 | 100 000 | 1 093 530 | - | 3 054 | 1 129 424 | 2 376 008 |

Алапаев М.
Төрага

Айдаркулов Ш.
Башкы бухгалтер

## 7.6. 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл үчүн финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөр

### 1 Иштин уюштурулушу

#### (а) Негизги иш

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары «Банк») Кыргызстан Республикасынын Мамлекеттик банкынын укугу өткөн мекеме болуп саналат жана ал 1992-жылдын бештин айынын он экисинде «Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамдын кабыл алынышына байланыштуу, Кыргызстан Республикасынын Улуттук банкы деп кайрадан аталган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (Парламенти) 1997-жылдын теке айынын экисинде «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» жаңы мыйзамды кабыл алып, анын негизинде (Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын бирдин айынын он экисиндеги №17, 2007-жылдын бугу айынын отузундагы №75, 2007-жылдын кулжа айынын төртүндөгү №77, 2007-жылдын баш оона айынын тогузундагы №143 мыйзамдарынын редакцияларында) Банк өз ишин ушул күнгө чейин жүргүзүп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, тиешелүү акчакредит саясатын жүргүзүү аркылуу баанын турукташуусуна жетишүү жана аны колдоп туруу Банк ишинин максаты.

Банк төмөнкү негизги милдеттерди аткарат:

- акчакредит жана валюта саясатын аныктайт жана жүргүзөт;
- төлөм системасынын натыйжалуу иштешине жана банктар аралык төлөмдөрдү жүзөгө ашырууга шарт түзөт;
- банкнотторду жана монеталарды жүгүртүүгө чыгарат;
- эларалык алтын-валюта камдарын тескөөгө алат;
- коммерциялык банктардын ишин жөнгө салуу жана көзөмөлдөө ишин жүзөгө ашырат;
- коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит мекемелеринин ишин лицензиялайт; жана
- мыйзамда аныкталган башка милдеттерди аткарат.

Банктын башкы офиси Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Т.Үмөталиев атындагы көчө, 101 дареги боюнча жайгашкан. Банк беш областтык башкармалыкка жана бир өкүлчүлүккө ээ.

2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Банктын кызматкерлеринин жалпы саны тиешелүүлүгүнө жараша, 577 жана 574 адамды түзгөн.

#### (б) Кыргыз Республикасындагы экномикалык чөйрө

Кыргыз Республикасы экономикасы өткөөл учурду башынан кечирип жаткан өлкө, ушундан улам республикадагы экономикалык ишкердүүлүк, рынок экономикасы калыптанган өнүккөн өлкөлөр үчүн мүнөздүү болбогон, тобокелдиктер менен байланыштуу. Кароого сунушталган финансылык отчет республикада орун алган экономикалык жагдайларды эске алуу менен түзүлгөн. Келечектеги экономикалык шарттар жетекчиликтин баа берүүсүнөн айырмаланышы мүмкүн.

## 2 Отчет берүүнүн негиздери

### (а) Бухгалтердик эсепке алуу принциптерине ылайыктуулук

Кароого сунушталган финансылык отчет Банктын эсепке алуу саясатына ылайык даярдалган. Банктын эсепке алуу саясаты төмөнкүлөрдү эске албаганда, Финансылык отчеттуулуктун эларалык стандарттарына негизделген:

– Алтын жана күмүш рыноктук баа боюнча эсепке алынат жана кайра баалоодон таза реализацияланбаган киреше, ошондой эле четөлкө валютасындагы активдер жана милдеттенмелер өздүк капиталда таанылат. Жогоруда көрсөтүлгөн активдерди кайра баалоого байланыштуу таза реализацияланбаган чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, өздүк капиталда мурда таанылган реализацияланбаган пайдадан ашкан бөлүгүндө таанылат.

– Банктын туунду компанияларынын отчеттору Банктык финансылык отчетунда консолидацияланбайт. Туунду компанияларга инвестициялар убактылуу мүнөздө болгондуктан, баанын түшүүсүнөн топтолгон чыгымдарды эсептен алып салуу менен баштапкы сатып алуу наркы боюнча чагылдырылат. Баанын түшүүсүнөн чыгымдар жана баанын түшүүсүнөн чыгымдарды калыбына келтирүүлөр түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

### (б) Отчетту сунуштоонун негиздери

Бул финансылык отчет түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерди жана адилет наркы боюнча чагылдырылган, сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздарды эске албаганда, баштапкы наркы боюнча эсепке алуу принцибине ылайык даярдалган.

### (в) Функционалдык валюта жана отчеттун валютасы

Кыргыз сому (мындан ары - «сом») Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы болуп саналат. Сом Банктын функционалдык валютасы, анткени ал Банк ишинин жана анын операцияларынын экономикалык маңызын чагылдырат. Сом ошондой эле, ушул финансылык отчетту түзүүдө колдонулган валюта болуп саналат.

Бардык финансылык маалыматтар сом менен миңге чейин тегеректелип берилген.

### (г) Баа берүүлөргө жана ой-пикирлерге таянуу

Ушул финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик тарабынан, активдердин жана милдеттенмелердин суммасына жана отчеттук мезгилдин датасына карата шарттуу активдерди жана милдеттенмелерди сунуштоого, отчеттук мезгил үчүн кирешелер жана чыгашалардын кароого сунушталган суммаларына таасирин тийгизген бардык жагдайлар эске алынган. Жетекчиликтин берген баасы, орун алган жагдайларга жана көрүлгөн аракеттерге негизделгендигине карабастан, иш жүзүндөгү айкын натыйжалар алардын баа берүүлөрүнөн айырмаланышы мүмкүн. Жетекчиликтин пикири боюнча, бул финансылык отчетту даярдоодо баа берүүлөргө жана ой-пикирлерге таянууга баруу учуру болгон эмес.

## 3 Эсепке алуу саясатынын негизги принциптери

Бул финансылык отчетту даярдоодо эсепке алуу саясатынын төмөнкү негизги принциптери колдонулган, жана алар ырааттуу колдонулган.

### (а) Баалуу металлдар жана четөлкө валютасы

#### *1) Баалуу металлдар*

Алтын жана күмүш балансты түзүү күнүнө карата рыноктук баа боюнча эсепке алынат. Рыноктук баа Лондондун баалуу металлдар рыногунун таңкы сессиясында белгиленген баанын деңгээлинде аныкталат.

**2) Четөлкө валютасы**

Четөлкө валютасындагы операциялар, операция ишке ашырылган күндө колдонуудагы алмашуу курсу боюнча сомго которулат. Баланс түзүү күнүнө карата четөлкө валютасында туюндурулган бардык акчалай активдер жана милдеттенмелер, көрсөтүлгөн күнгө карата колдонуудагы курс боюнча сомго которулат. Баштапкы наркында чагылдырылган четөлкө валютасындагы акча түрүндө болбогон активдер жана милдеттенмелер, операция ишке ашырылган күнүнө карата колдонуудагы алмашуу курсу боюнча сомго которулат.

Төмөндө 2007 жана 2006-жылдардын акырына карата эсептик алмашуу курстары жөнүндө маалымат берилген

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири |
|---|---|---|
| АКШ доллары (USD) | 35,4988 | 38,1238 |
| Евро (EUR) | 52,0111 | 50,1805 |
| Атайы карыз алышуу укугу (АКУ же SDR) | 55,6362 | 57,3062 |
| Канада доллары (CAD) | 36,1790 | 32,8484 |
| Австралия доллары (AUD) | 31,0561 | 30,1426 |
| Швейцария франкы (CHF) | 31,2723 | 31,2349 |
| Англия фунт стерлинги (GBP) | 70,8396 | 74,7627 |

***3) Баалуу металлдар жана четөлкө валютасы боюнча пайда жана чыгым***

Баалуу металлдар жана четөлкө валютасы менен операциялардан реализацияланган пайда жана чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Алтынды жана күмүштү, ошондой эле четөлкө валютасындагы активдерди жана милдеттенмелерди кайра баалоодон түшкөн таза реализацияланбаган киреше өздүк капиталда таанылат. Жогоруда аталган активдерди кайра баалоого байланыштуу таза реализацияланбаган чыгым түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунун өздүк капиталда мурда таанылган реализацияланбаган пайдадан ашкан бөлүгүндө таанылат.

**(б) Финансылык инструменттер**

***1) Классификация***

Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструменттер финансылык активдер же милдеттенмелер болуп саналат жана алар:

– кыска мөөнөттүк аралыкта сатуу же кайрадан сатып алуу максатында сатылып алынган же болбосо кабыл алынган;

– идентификацияланууучу финансылык инструменттер портфелинин бөлүгү болуп саналат жана алар чогуу тескөөгө алынат жана алар менен жакын арада эле ишке ашырылган бүтүмдөр, иш жүзүндө кыска мөөнөт ичинде пайда алынгандыгын тастыктайт;

– туунду финансылык инструмент болуп саналат (хеджирлөөнүн эффективдүү инструменти катары аныкталгандардан тышкары); же,

– баштапкы таанууда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструмент катары аныкталган.

Бардык алууга каралган таза позициядагы соодалык туунду инструменттер (алгылыктуу адилет нарк), сатылып алынган опциондордой эле, активдер катары эсепке алынат. Бардык төлөөгө каралган таза позициядагы соодалык туунду инструменттер (терс адилет нарк), сунушталган опциондордой эле, милдеттенмелер катары эсепке алынат.

Банк дароо же жакынкы келечекте сатып өткөрүүгө ниеттенгендерден же ал баштапкы таанудан кийин түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструмент катары классификациялагандардан же кредитти төлөө жөндөмдүүлүгүнүн начарлоосуна байланышпаган себептер боюнча анын ээси толук өлчөмүндө кайтарып бере албагандардан тышкары, активдүү рынокто котировкаланбаган, катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду болбогон финансылык активдерди кредиттер жана алууга каралган эсептер катары түшүнүү зарыл.

*Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар* - бул, Банк төмөнкүлөрдөн тышкары, төлөө мөөнөтү келип жеткенге чейин ээлик кылып турууга бекем ниеттенген жана ага жөндөмдүү болгон, катталган төлөө мөөнөтүнө ээ катталган же аныкталган төлөмдөрү менен туунду болбогон финансылык активдер:

– Банк, баштапкы таануу учурунда түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструмент катары классификациялагандар;

– Банк сатуу үчүн колдо болгондор катары классификациялагандар; же

– кредиттер жана алууга каралган эсептер аныктамасына дал келгендер.

*Сатуу үчүн колдо болгон активдер* - бул, сатуу үчүн колдо болгондор катары аныкталгандар же кредиттер жана алууга каралган эсептер, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар, же түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылуучу финансылык инструменттер катары классификацияланбаган финансылык активдер.

***2) Таануу***

Финансылык активдер жана милдеттенмелер бухгалтердик балансга Банк мына ушундай финансылык инструментке тиешелүү келишим боюнча тарап болуп калган учурда таанылат. Негизги иштин жүрүшүндө бардык сатылып алынган финансылык активдер төлөм күнүнө карата таанылат.

***3) Баалоо***

Баштапкы таануу учурунда финансылык актив же финансылык милдеттенме адилет наркы боюнча бааланат, плюс, түшкөн пайдалар же кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылбаган финансылык актив же финансылык милдеттенме учурунда, финансылык активди же финансылык милдеттенмени сатып алууга же чыгарууга тике байланыштуу бүтүмдөр боюнча сарптоолор.

Баштапкы таанудан кийин финансылык активдер бүтүм боюнча сарптоолорду эсептен алып салуусуз, адилет наркы боюнча чагылдырылат, Банк төмөнкү учурларды эске албаганда, активдерди сатуу жана алардын башка жол менен колдонуудан чыгуусу учурунда, мындай сарптоолорго дуушар болушу мүмкүн:

– эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча амортизациялык наркында эсепке алынган кредиттер жана алууга каралган эсептер;

– эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча амортизацияланган наркында эсепке алынган төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар; жана

– активдүү рынокто рыноктук котировкаларга ээ болбогон жана алардын адилет наркын ишенимдүү аныктоого мүмкүн болбогон баштапкы нарк боюнча эсепке алынуучу үлүштүк инструменттерге инвестициялар.

Түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылган финансылык инструменттерди жана адилет наркы боюнча эсепке алынган финансылык активди өткөрүп берүү учурунда келип чыккан финансылык милдеттенмелерди эске албаганда, бардык финансылык милдеттенмелер таанууну токтотуу шартларына жооп бербейт, амортизацияланган наркы боюнча бааланат. Амортизацияланган нарк эффективдүү пайыздык чен ыкмасын колдонуу менен эсептелинет. Бүтүм боюнча баштапкы сарптоолору менен бирге сыйлыктар жана дисконттор тиешелүү инструменттин баланстык наркына кошулат жана ошол инструментке мүнөздүү болгон эффективдүү пайыздык чен ыкмасынын негизинде амортизацияланат.

***4) Адилет наркты аныктоо принциптери***

Финансы инструменттеринин адилет наркы бүтүмдөр боюнча келип чыккан кандай болбосун сарптоолорду эсептен алып салуусуз, баланс түзүү күнүнө карата абал боюнча, алардын котировкаланган рыноктук баасынын негизинде аныкталат. Эгерде финансылык инструментке котировкаланган рыноктук баа жок болсо, адилет нарк баа үлгүлөрүн же акча агымдарын дисконттоо ыкмасын пайдалануу менен аныкталат.

***5) Кийинки баалоо учурунда келип чыккан пайда жана чыгым***

Финансылык активдин жана милдеттенменин адилет наркынын өзгөрүүсү учурунда келип чыккан пайда жана чыгым төмөнкүчө таанылат:

– түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчету аркылуу адилет наркы боюнча чагылдырылуучу финансылык инструменттер боюнча пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат;

– сатуу үчүн колдо болгон финансылык активдер боюнча пайда же чыгым, активди таануу токтотулганга чейин өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр отчету аркылуу түздөн-түз капитал эсебинде таанылат, мында мурда капитал эсебинде таанылып келген чогуу алгандагы пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Сатуу үчүн колдо болгон, эффективдүү пайыздык чен ыкмасында эсептелинүүчү активдер боюнча пайыздык кирешелер, чегерилишине жараша түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

Амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынуучу финансылык активдер жана милдеттенмелер боюнча пайда же чыгым, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таануу токтотулган же финансылык активдин же милдеттенменин баасынын түшүүсү учурунда, ошондой эле амортизациялоо процесси аркылуу таанылат.

***6) Таанууну токтотуу***

Финансылык активди таанууну токтотуу, финансылык активди пайдалануудан акчалай агымды алууга келишимдик укуктун аракеттенүү мөөнөтү бүткөндө же финансылык активге ээлик кылуу укугунан келип чыккан бардык олуттуу тобокелдиктер жана пайда Банк тарабынан өткөрүлүп берилген учурда токтотулат. Өткөрүп берүү учурунда келип чыккан же сакталып калган укуктар же милдеттенмелер, активдер же милдеттенмелер катары өзүнчө таанылат. Финансылык милдеттенмени таануу ал төлөгөн учурда токтотулат.

**(г) Сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери**

Сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери (мындан ары «репо») боюнча сатып

өткөрүлгөн баалуу кагаздар, камсыз кылынган финансылык операциялар катары эсепке алынат; баалуу кагаздар мында бухгалтердик баланста андан ары эсепке алынат, ал эми контрагенттер алдындагы тиешелүү милдеттенмелер баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келшимдери боюнча төлөөгө каралган эсептерге кошулат. Сатуу баасы менен кайтара сатып алуу баасынын ортосундагы айырма пайыздык чыгашаны түшүндүрүү менен репо келишими колдонулуп турган мезгил ичинде, түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат.

Кайтара сатуу келишими (мындан ары «кайтарым репо») боюнча сатылып алынган баалуу кагаздар банктардан алууга каралган эсептер катары чагылдырылат. Сатып алуу баасы менен кайтара сатуу баасынын ортосундагы айырма, пайыздык кирешени түшүндүрөт жана мындай келишим колдонулуп турган мезгил ичинде эффективдүү пайыздык чен ыкмасынын негизинде чегерилип турат.

**(д) Өзара чегеришүү**

Финансылык актив жана финансылык милдеттенме өзара чегеришүүгө жатат жана Банктын мындай өзара чегеришүүнү жүзөгө ашырууга юридикалык укугу болуп жана алар боюнча эсептешүүлөрдү ал, нетто-негизинде жүргүзүүгө, же болбосо эки сумманы тең бир эле учурда жөнгө салууга ниеттенген болсо гана, балансата нетто-негизде чагылдырууга тийиш.

**(е) Негизги каражаттар**

***1) Өздүк активдер***

Негизги каражаттардын объекттери топтолгон амортизацияны эсептен алып салуу менен баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

Эгерде негизги каражаттардын объектиси пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү ар кандай, бир нече ири компоненттерден турса, анда мындай компоненттер негизги каражаттын өз-өзүнчө объектиси катары эсепке алынат.

***2) Амортизация***

Амортизация түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда айрым активдердин пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү ичинде түз сызыктуу ыкма боюнча чегерилет. Амортизация актив сатылып алынган учурда же (жеке курулуш иштерине карата) активди түзүүнүн аякташына жана анын пайдаланууга берүүгө даярдалышы учуруна карата чегерилет. Жер амортизацияланбайт. Төмөндө негизги каражаттардын пайдалуу кызмат өтөө мөөнөттөрү келтирилген:

| | |
|---|---|
| Имараттар | 50 жыл |
| Курулмалар | 20 жыл |
| Эмерек жана жабдуулар | 5 жыл |
| Компьютерлер | 3 - 5 жыл |
| Транспорт | 5 жыл |

**(ж) Материалдык эмес активдер**

Банк тарабынан сатылып алынган материалдык эмес активдер, топтолгон амортизацияны эсептен алып салуу менен баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

Амортизация түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда, материалдык эмес активдердин болжолдуу пайдалуу кызмат өтөө мөөнөтү ичинде, түз сызыктуу ыкма боюнча чегерилет. Төмөндө материалдык эмес активдердин болжолдуу пайдалуу кызмат өтөө мөөнөттөрү келтирилген:

| | |
|---|---|
| Программалык камсыздоо | 3 жыл |

**(з) Туунду компаниялар**

Банктын контролдугунда турган ишканалар туунду компаниялар болуп саналат. Контролдук, анын ишинен пайда көрүү максатында ишкананын финансылык жана операциялык саясаттарына Банктын олуттуу таасир этүүгө тике же кыйыр түрдөгү мүмкүнчүлүгү менен аныкталат. Туунду компаниялардын финансылык отчеттору Банктын финансылык отчетуна кошулбайт.

Туунду компанияларга инвестициялар, баанын түшүүсүнөн топтолгон чыгымдарды (алар болгон шартта) эсептен алып салуу менен баштапкы наркы боюнча чагылдырылат.

**(и) Баанын түшүүсү**

***1) Амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер***

Амортизацияланган наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер негизинен, төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялардан, кредиттерден жана алууга каралган башка эсептерден (мындан ары «кредиттер жана алууга каралган эсептер») турат. Банк өз кредиттерин жана алууга каралган эсептерин баанын түшүүсү көзкарашынан дайыма текшерүүгө алып турат. Кредиттер же алууга каралган эсептердин баасы түшөт жана Банк эгерде, кредитти же алууга каралган эсепти баштапкы таануудан кийин болуп өткөн бир же бир нече окуянын натыйжасында баанын түшүүсүнүн объективдүү себептери келип чыкса алар ишенимдүү бааланышы мүмкүн болгон кредит же алууга каралган эсеп боюнча келечекте күтүлүп жаткан акча агымына таасирин тийгизген шартта гана, баанын түшүүсүнөн чыгымга дуушар болушу мүмкүн.

Банк алгач, өз-өзүнчө алганда олуттуу болуп саналган ар бир кредитти жана алууга каралган эсепти жана өзүнчө же чогуу алып караганда олуттуу болуп саналбаган кредиттерди жана алууга каралган эсептерди, баанын түшүүсү белгилеринин орун алышы көз карашынан текшерүүгө алат. Эгерде, текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча Банк алар олуттуубу же олуттуу эмеспи ага карабастан, өзүнчө бааланган кредит же алууга каралган эсептин баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилери жок экендигин аныктаса, анда мындай кредит же алууга каралган эсеп, кредиттик тобокелдиги ошондой эле деңгээлде болгон кредиттер жана алууга каралган эсептер тобуна кошулат жана Банк кредиттердин мындай тобун, баанын түшүүсү көз карашынан чогуу текшерүүгө алат. Ал эми, баанын түшүүсү көз карашынан ар бири өз-өзүнчө текшерүүгө алынган жана алар боюнча баанын түшүүсүнөн чыгым таанылган же таануу улантылып жаткан кредиттер жана алууга каралган эсептер, баанын түшүүсү белгилеринин орун алышы көз карашынан чогуу текшерүүгө алынбайт.

Кредиттин жана алууга каралган эсептин баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилери орун алган учурда, андан келип чыккан чыгымдын суммасы, кредиттин жана алууга каралган эсептин баштапкы эффективдүү пайыздык чени менен дисконттолгон күрөөлүк гарантиялар жана камсыздоолор боюнча орду толтурулуп берилүүгө тийиш болгон суммаларды кошо алганда, активдин балансттык наркы менен келечекте болжолдонуп жаткан акчалай агымдын учурдагы наркынын ортосундагы айырма катары аныкталат. Тиешелүү маалыматтардын негизинде корректировкаланган жана учурда түптөлгөн экономикалык шарттарды чагылдырган контракттык акча агымдары жана мурдатан орун алып келген чыгымдар, болжолдонуучу акча агымын баалоо үчүн негиз болот.

Айрым учурларда кредиттин баасынын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасын эсептөө үчүн зарыл болгон мындай маалыматтар, чектөөгө алынышы же учурда орун алган экономикалык шарттарга толук ылайык келбей калышы ыктымал. Карыз алуучу финансылык кыйынчылыктарга дуушар болгон болсо жана карыз алуучулар боюнча мурдатан бери топтолгон маалыматтар жетишсиз болгон шартта мына ушундай жагдай келип чыгышы мүмкүн. Мындай учурларда баанын түшүүсүнөн келип чыккан чыгымдын суммасына баа берүү үчүн Банк өз тажрыйбасына таянуу менен иш алып барууга тийиш.

Кредиттердин жана алууга каралган эсептердин баасынын түшүүсүнөн улам келип чыккан бардык чыгымдар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат жана орду толтурулуп жаткан нарктын андан ары көбөйүүсү баанын түшүүсүнөн чыгымды таануудан кийинки окуяларга объективдүү чегерилген шартта гана, калыбына келтирилет.

*2)* ***Баштапкы наркы боюнча эсепке алынган финансылык активдер***

Баштапкы наркы боюнча эсепке алынуучу финансылык активдер туунду компаниялардын капиталына котировкаланбаган инвестициялардан турат. Мына ушундай инвестициялардын баасынын түшүүсүнүн объективдүү белгилери орун алса, анда баанын түшүүсүнөн улам келип чыккан чыгым, инвестициялардын баланстык наркы менен окшош мүнөздөмөлөргө ээ финансылык актив үчүн кирешелүүлүктүн учурдагы рыноктук чени боюнча дисконттолгон, келечекте алынуучу акча агымынын учурдагы наркынын ортосундагы айырма катары эсептелинет.

Мындай инвестициялардын баасынын түшүүсүнөн келип чыккан бардык чыгымдар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат да, орду толтурулуп жаткан нарктын андан ары көбөйүүсү, баанын түшүүсүнөн чыгымды таануудан кийинки окуяларга объективдүү чегерилген шартта гана, калыбына келтирилет.

*3)* ***Финансылык эмес активдер***

Башка финансылык эмес активдер ар бир отчеттук күнгө карата баанын түшүүсү көз карашынан текшерүүгө алынат. Башка финансылык эмес активдердин орду толтурулуп берилүүчү наркы, эки өлчөмдүн эң чоңу катары аныкталат: сатып өткөрүүгө кеткен сарптоолорду жана пайдалануудан баалуулукту эсептен алып салгандан кийинки, адилет наркы боюнча. Пайдалануудан активдин баалуулугуна баа берүүдө, келечекте алынышы болжолдонуп жаткан акчалай агым, салык алууга чейинки дисконттук ченди пайдалануу менен алардын утурумдук наркына чейин дисконттолот жана ал, акчанын убакыт аралыгы боюнча наркына жана ошол активге мүнөздүү болгон тобокелдиктерге утурумдук рыноктук баа берүүнү чагылдырат. Башка активдерден көз карандысыз, өз алдынча акча агымдарын топтой албаган актив кароого алынган учурда, орду толтурулуучу нарк, бул актив тиешелүү болгон топтоо бирдиги үчүн аныкталат. Баанын түшүүсүнөн чыгым, активдин же аны топтоо бирдигинин баланстык наркы анын орду толтурулуп жаткан наркынан ашкан учурда таанылат.

Финансылык эмес активдердин баасынын түшүүсүнөн улам келип чыккан бардык чыгымдар түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылуу менен орду толтурулуучу наркты аныктоо үчүн пайдаланылган, баа берүүдө өзгөрүүлөр жүргөн шартта гана, калыбына келтирилет. Кандай болбосун чыгым, эгерде баанын түшүүсүнөн чыгымдар мурда таанылбаган болсо, активдин баланстык наркы амортизацияны эсептен алып салуудан кийин аныкталууга тийиш болгон баланстык нарктан ашпаган чекте гана, калыбына келтирилет.

**(к) Камдар (резервдер)**

Банк эгерде, юридикалык милдеттенмеге же өткөн окуянын натыйжасында келип чыккан башка милдеттенмеге ээ болгон болсо жана ошол милдеттенменин ордун жабуу үчүн экономикалык пайданын сарпталышы (агылып чыгуусу) талап кылынышы ыктымалдуулугу орун алган шартта гана, камдар бухгалтердик баланста чагылдырылат. Эгерде алынуучу натыйжа (эффект) олуттуу болсо, камдар келечекте күтүлүп жаткан акча агымын, акчанын убакыт аралыгы боюнча наркына утурумдук рыноктук бааны чагылдырган чен боюнча дисконттоо жана зарылчылыкка жараша ошол милдеттенмеге мүнөздүү болгон тобокелдиктерди эске алуу менен аныкталат.

**(л) Салык алуу**

Банк салык төлөөчү атап айтканда, пайда салыгын төлөөчү болуп саналбайт, ал эми

калган бардык милдеттүү төлөмдөр Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык төлөнөт.

**(м) Пайыздык кирешелер жана чыгашалар, комиссиондук кирешелер**

Пайыздык кирешелер жана чыгашалар чегерилишине жараша, активдин пайыздык чендерин же милдеттенмени, же колдонулуп жаткан өзгөрүлмөлүү ченди эске алуу менен түшкөн пайдалар жана кеткен чыгымдар отчетунда таанылат. Пайыздык кирешелерде жана чыгашаларда, дисконттун же сыйлыктын амортизациясы же пайыздык инструменттин баштапкы наркы менен төлөө күнүнө карата наркынын, эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча эсептелинген айырмасы камтылат.

Кредиттерди берүү жана тейлөө боюнча комиссиондук жыйымдар жана кредиттен түшкөн пайданын ажырагыс бөлүгү болуп саналган башка жыйымдар, аларга түздөн-түз байланыштуу келип чыккан чыгашалары менен кошо, кийинки мезгилге которулуп, финансы инструментинин болжолдонуп жаткан аракеттенүү мөөнөтү ичинде, эффективдүү пайыздык чен ыкмасы боюнча пайыздык кирешелерге амортизацияланат.

Комиссиялык төлөм түрүндөгү башка кирешелер тиешелүү кызмат көрсөтүү сунушталган күнгө карата таанылат.

**(н) Таза пайданы бөлүштүрүү**

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамына ылайык, Банктын таза пайдасынын 70 пайызы Кыргыз Республикасынын бюджетинин кирешесине багытталат, таза пайданын 30 пайызы Банктын жалпы камдарына чегерилет.

## 4 Алтын жана күмүш

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири<br>миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири<br>миң сом |
|---|---|---|
| Алтын | 2 467 336 | 2 013 711 |
| Күмүш | 191 | 178 |
| | **2 467 527** | **2 013 889** |

Алтын менен күмүш физикалык салмагында 2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата өзгөргөн эмес жана тиешелүүлүгүнө жараша, 83 090 троян унциясын жана 364 троян унциясын түзөт.

## 5 Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири<br>миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири<br>миң сом |
|---|---|---|
| Мөөнөттүү депозиттер | 8 510 859 | 12 943 512 |
| Күндөлүк эсептер | 17 632 754 | 7 931 574 |
| Кошуп эсептелинген пайыздар | 27 735 | 45 855 |
| | **26 171 348** | **20 920 941** |
| Бааның түшүүсүнө кам | (137 240) | (147 995) |
| | **26 034 108** | **20 772 946** |

### (а) Эсептердин банктарда жана башка финансы мекемелеринде концентрациялануусу

2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата эсептериндеги калдыктар банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептердеги калдыктардын чогуу алгандагы көлөмүнөн ар бири өз-өзүнчө 10% ашкан 5 банк болгон. Бул калдыктардын суммасы 2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата, тиешелүүлүгүнө жараша, 22 882 972 миң сом жана 18 013 698 миң сомду түзгөн.

### (Б) Баанын түшүүсүнө камдагы акча жылышына анализдөөлөр

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Жылдын баш жагына карата калдык | 147 995 | 160 433 |
| Жыл ичиндеги калыбына келтирүүлөр | (10 755) | (12 438) |
| Жылдын акырына карата калдык | **137 240** | **147 995** |

## 6 Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздар

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| *Карыздык баалуу кагаздар - Котировкалануучу* | | |
| Эларалык финансы уюмдарынын карыздык баалуу кагаздары | 9 379 637 | 2 706 254 |
| Германия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 2 341 114 | 1 780 829 |
| Австралия Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 1 238 904 | 2 554 631 |
| АКШ Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | - | 958 339 |
| | **12 959 655** | **8 000 053** |

## 7 Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| **Шарттар камтылбаган** | | |
| *Карыздык баалуу кагаздар - Котировкаланбаган* | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери | 3 899 228 | 3 796 329 |
| | **3 899 228** | **3 796 329** |
| **Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери менен шартталгандар** | | |
| *Карыздык баалуу кагаздар - Котировкаланбаган* | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн казына милдеттенмелери (13-түшүндүрмө) | 194 933 | 505 566 |
| | **4 094 161** | **4 301 895** |

## 8 Туунду компанияларга ивестициялар

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири мин сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири мин сом |
|---|---|---|
| Туунду компанияларга инвестициялар | 28 000 | 28 000 |
| | **28 000** | **28 000** |

Банк алардын капиталына акча каражаттарын инвестициялаган туунду компаниялар төмөнкүлөрдөн турат:

| Аталышы | Негизги иши | Капиталдагы үлүш (%) 2007-жыл | Капиталдагы үлүш (%) 2006-жыл | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири Баланстык нарк миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири Баланстык нарк миң сом |
|---|---|---|---|---|---|
| «Кыргыз Республикасындагы кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коому | Кредиттик союздарды кредиттөө | 100 | 100 | 15 000 | 15 000 |
| ЖАК «Банктар аралык процессинг борбору» | Эсептешүү операциялары | 68 | 78 | 13 000 | 13 000 |
| | | | | **28 000** | **28 000** |

Жогоруда аталган туунду компаниялардын финансылык отчеттору Банктын эсепке алуу саясатына ылайык, бул финансылык отчетко консолидацияланган эмес.

Банк «Кыргыз Республикасындагы кредиттик союздарды колдоо жана өнүктүрүү боюнча Финансы компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун уставдык капиталындагы өз үлүшүн жакынкы келечекте сатууну пландаштырууда.

### Баанын түшүүсүнө камдагы акча жылышына анализдөөлөр

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Жылдын баш жагына карата калдык | - | 3 750 |
| Жыл ичиндеги калыбына келтирүүлөр | - | (3 750) |
| Жылдын акырына карата калдык | **-** | **-** |

## 9 Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер

| миң сом | Имараттар жана курулмалар | Эмерек жана жабдуулар | Компьютер-дик жабдуулар | Транспорт | Орнотуу үчүн жабдуулар жана бүткөрүлө элек курулуш | Материал-дык эмес активдер | Жыйын-тыгында |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Баштапкы наркы** | | | | | | | |
| 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 90 911 | 53 412 | 75 248 | 24 546 | 131 045 | 13 955 | 389 117 |
| Сатып алуу | 13 226 | 13 328 | 20 220 | 4 686 | 173 946 | 2 220 | 227 626 |
| Которуу | 3 691 | 4 710 | 22 880 | - | (68 796) | 37 515 | - |
| Колдонуудан калуу | (3 493) | (4 948) | (9 903) | (7 529) | - | (491) | (26 364) |
| 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 104 335 | 66 502 | 108 445 | 21 703 | 236 195 | 53 199 | 590 379 |
| Сатып алуу | 45 876 | 9 454 | 15 109 | 333 | 57 308 | 4 464 | 132 544 |
| Которуу | 7 594 | 26 856 | 42 153 | - | (105 816) | 29 213 | - |
| Колдонуудан калуу | (1 927) | (18 533) | (19 622) | (4 096) | (14) | - | (44 192) |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 155 878 | 84 279 | 146 085 | 17 940 | 187 673 | 86 876 | 678 731 |
| **Эскилиги жеткендер** | | | | | | | |
| 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 17 729 | 24 042 | 24 848 | 13 679 | - | 10 067 | 90 365 |
| Эскилиги жеткендерге чегерилгендер | 3 968 | 10 966 | 15 901 | 5 352 | - | 3 827 | 40 014 |
| Колдонуудан калуу | (202) | (4 948) | (9 855) | (7 529) | - | (492) | (23 026) |
| 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 21 495 | 30 060 | 30 894 | 11 502 | - | 13 402 | 107 353 |
| Эскилиги жеткендерге чегерилгендер | 5 262 | 14 809 | 23 030 | 3 666 | - | 17 154 | 63 921 |
| Колдонуудан калуу | (692) | (18 459) | (5 698) | (4 096) | - | - | (28 945) |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 26 065 | 26 410 | 48 226 | 11 072 | - | 30 556 | 142 329 |
| **Калдык нарк** | | | | | | | |
| 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 73 182 | 29 370 | 50 400 | 10 867 | 131 045 | 3 888 | 298 752 |
| 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 82 840 | 36 442 | 77 551 | 10 201 | 236 195 | 39 797 | 483 026 |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 129 813 | 57 869 | 97 859 | 6 868 | 187 673 | 56 320 | 536 402 |

## 10 Башка активдер

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Банктардын жана башка мекемелердин пайыздар чегерилбей турган карыздары | 384 317 | 403 484 |
| Товардык-материалдык запас | 310 201 | 173 464 |
| Накталай четолко валютасы | 74 832 | 142 338 |
| Алдынала төлөө | 55 026 | 71 378 |
| Кызматкерлерге кредиттер | 51 778 | 46 281 |
| Жана башкалар | 33 184 | 16 209 |
| | **909 338** | **853 154** |
| Баанын түшүүсүнө кам | (381 132) | (398 924) |
| | **528 206** | **454 230** |

### Баанын түшүүсүнө камдагы акча жылышына анализдөөлөр

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Жылдын баш жагына карата калдык | 398 924 | 428 773 |
| Жыл ичиндеги калыбына келтирүүлөр | (17 792) | (29 849) |
| Жылдын акырына карата калдык | **381 132** | **398 924** |

## 11 Жүгүртүүдөгү банкноттор

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Жүгүртүүдөгү банкноттор жана моненталар | 28 046 665 | 20 144 134 |
| Жүгүртүү кассасындагы банкноттор жана монеталар | (484 813) | (234 385) |
| | **27 561 852** | **19 909 749** |

## 12 Банктардын жана башка финансы мекемелеринин эсептери

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Күндөлүк эсептер | 4 022 231 | 2 865 521 |
| Мөөнөттүү депозиттер | - | 50 000 |
| | **4 022 231** | **2 915 521** |

**Банктардын жана башка финансы мекемелеринин эсептеринин концентрациялануусу**

2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата банктардын жана финансы мекемелеринин төмөнкү эсептери, банктардын жана башка финансы мекемелеринин эсептериндеги калдыктардын чогуу алгандагы көлөмүнөн өз-өзүнчө алганда 10 пайызга ашкан:

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| ЖАК «Инэксимбанк» | 639 539 | 382 292 |
| «АзияУниверсалБанк» ААКсы | 484 321 | 404 804 |
| «КыргызөнөржайкурулушБанк» ААКсы | 422 940 | 307 151 |
| «АТФ Банк Кыргызстан» ААКсы | 419 354 | - |
| ЖАК «Демир Интернэшнл Банк» | 406 105 | 340 515 |
| | **2 372 259** | **1 434 762** |

## 13 Баалуу кагаздарды сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча төлөөгө каралган эсептер

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Банктар жана башка финансы мекемелеринин алдындагы карыз | **195 499** | **505 105** |

**Шарттар каралган баалуу кагаздар**

2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата Банктын тиешелүүлүгүнө жараша, 194 933 миң сом и 505 566 миң сом суммасындагы айрым баалуу кагаздары, сатуу жана кайтара сатып алуу келишимдери боюнча камсыздоо катары кызмат кылган (7-түшүндүрмө).

## 14 Алынган кредиттер

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз бири миң сом |
|---|---|---|
| Эларалык Валюта Фондусунан кредиттер | 5 275 091 | 6 211 620 |
| Реконструкциялоо жана Өнүгүүнүн Европа банкынан кредиттер | 148 397 | 198 083 |
| Финансы министрлигинен кредиттер | 125 388 | 144 066 |
| | **5 548 876** | **6 553 769** |

Финансы министрлигинен кредиттер Эларалык Өнүгүү Ассоциациясы тарабынан каржыланууучу «Төлөм жана банк системаларын модернизациялоо» долбоорун жүзөгө ашыруу үчүн Банкка берилген.

## 15 Өздүк капитал

Банктын уставдык капиталы Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» мыйзамында 50 000 миң сом өлчөмүндө аныкталган.

## 16 Таза пайыздык киреше

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом |
|---|---|---|
| **Пайыздык кирешелер** | | |
| Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер | 1 104 930 | 772 947 |
| Сатуу үчүн колдо болгон баалуу кагаздар | 413 084 | 262 811 |
| Төлөөгө чейин кармалып туруучу инвестициялар | 235 448 | 289 354 |
| Жана башкалар | 7 238 | 2 868 |
| | **1 760 700** | **1 327 980** |
| **Пайыздык чыгашалар** | | |
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептери | 184 829 | 159 963 |
| Алынган кредиттер | 42 685 | 47 707 |
| Банктардын жана башка финансы мекемелеринин эсептери | 35 358 | 21 366 |
| Жана башкалар | 34 745 | 13 636 |
| | **297 617** | **242 672** |

## 17 Четөлкө валютасы менен операциялардан жана баалуу металлдарды кайра баалоодон таза пайда/(чыгым)

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом |
|---|---|---|
| Четөлкө валюталарын жана баалуу металлдарды кайра баалоодон таза чыгым | (73 114) | (341 503) |
| Четөлкө валютасы менен операциялардан реализацияланган пайда | 104 141 | 31 871 |
| | **31 027** | **(309 632)** |

## 18 Баанын түшүүсүнө камдарды калыбына келтирүү

| | Банктардагы жана башка финансы мекемелериндеги эсептер миң сом | Туунду компанияларга инвестициялар миң сом | Жана башка активдер миң сом | Жыйын-тыгында миң сом |
|---|---|---|---|---|
| 2005-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 160 433 | 3 750 | 428 773 | 592 956 |
| Камдарды (калыбына келтирүү) | (12 438) | (3 750) | (29 849) | (46 037) |
| 2006-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 147 995 | - | 398 924 | 546 919 |
| Камдарды (калыбына келтирүү) | (10 755) | - | (25 742) | (36 497) |
| Мурда алынып салынган активдерди калыбына келтирүү | - | - | 7 950 | 7 950 |
| 2007-жылдын бештин айынын отуз бирине карата | 137 240 | - | 381 132 | 518 372 |

## 19 Административдик чыгашалар

| | 2007-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом | 2006-жылдын бештин айынын отуз биринде бүткөн жыл миң сом |
|---|---|---|
| Эмгек акы | 109 408 | 104 607 |
| Амортизация | 63 921 | 40 014 |
| Негизги каражаттарды күтүүгө кеткен чыгашалар | 34 534 | 28 950 |
| Социалдык Фондго төлөөлөр | 22 627 | 22 314 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 9 171 | 11 690 |
| Басылмалар жана жазылуулар | 9 087 | 8 621 |
| Адистердин кызмат көрсөтүүлөрү | 6 272 | 5 013 |
| Кадрларды окутуу | 6 168 | 8 372 |
| Кызматтык иш сапарына кеткен чыгашалар | 4 912 | 4 570 |
| Кеңсе буюмдары | 3 047 | 3 461 |
| Жана башкалар | 9 300 | 10 434 |
| | **278 447** | **248 046** |

## 20 Шарттуу милдеттенмелер

### (а) Камсыздандыруу

Кыргыз Республикасында камсыздандыруу тармагы өнүгүү баскычында турууда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрү үчүн мүнөздүү болгон камсыздандыруунун көптөгөн формалары, биз үчүн азырынча, толук көлөмдө жеткиликтүү болбой жатат. Банк өз мүлкүнө жана жабдууларына, ошондой эле мүлкүнө же ишине байланыштуу камсыздандыруу учурларынын келип чыгышынын натыйжасында мүлккө же курчап турган чөйрөгө зыян (чыгым) келтирилишине байланыштуу, үчүнчү тараптын алдындагы милдеттенмелерге карата жарым-жартылай ордун жабуучу камсыздандырууну караштырат. Банк толук камсыздандырууну камсыз кылганга чейин тобокелдик орун алат жана кандай болбосун активдерди жоготуу же жок кылуу Банк ишине жана анын финансылык абалына терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

### (б) Соттук иштер

Ишинин жүрүшүндө Банк ага карата соттук доо коюлушу тобокелдигине дуушар болушу ыктымал. Банк жетекчилиги, эгерде милдеттенмелер, Банкка карата соттук доолордун натыйжасында келип чыккан болсо, ал Банктын финансылык абалына жана операцияларынын натыйжаларына олуттуу таасирин тийгизе албайт деп эсептейт.

## 21 Агенттик функциялар

### (а) Кыргыз Республикасынын Эларалык Валюта Фондусуна катталуу квотасы

Кыргыз Республикасы 1992-жылы Эларалык Валюта Фондусунун (мындан ары «ЭВФ») мүчөсү болуп калган. ЭВФтин мүчөсү болгон ар бир өлкө үчүн атайы карыз алышуу укугунда (мындан ары «АКУ») туюндурулган квота белгиленет. Катталуу квотасы өлкөнүн ЭВФтин каржылоосунан пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Кыргыз Республикасынын 2007 жана 2006-жылдардын бештин айынын отуз бирине карата квотасы 88 800 012 АКУну түзөт.

Катталуу квотасынын бөлүгүн камсыздоо максатында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар чыгарылган.

Квотанын калган бөлүгү ЭВФтин Банктагы күндөлүк эсебинде жайгаштырылган каражаттар менен камсыз кылынган.

Банк баалуу кагаздардын жана каражаттардын депозитарийи, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн атынан жана анын таламында Эларалык Валюта Фондусу менен бардык операцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу финансылык агент болуп саналат. Төмөндө келтирилген активдер жана милдеттенмелер Банктын активдери жана милдеттенмелери болуп саналбайт жана Банктын финансылык отчетунда камтылган эмес:

| | **2007-жыл** | **2006-жыл** |
|---|---|---|
| | **миң сом** | **миң сом** |
| ЭВФке катталуу квотасы | **5 212 828** | **5 134 551** |
| ЭВФтин пайдасына баалуу кагаздар | 5 199 502 | 5 121 426 |
| ЭВФтин күндөлүк эсептери | 13 326 | 13 125 |
| | **5 212 828** | **5 134 551** |

## б) Эларалык Өнүгүү Ассоциациясынан кредиттер

Эларалык Өнүгүү Ассоциациясы жеке ишканаларды колдоого алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кредит берген. Финансы министрлиги Банк менен финансылык агенттик жөнүндө келишим түзгөн, ага ылайык Банк коммерциялык банктарга кредит берүүнү жана негизги суммалардын жана пайыздардын төлөнүшүн топтоого ыйгарым укуктуу болгон. Коммерциялык банктардан алынган кредиттер боюнча төлөөлөр Дойче Банкында жайгаштырылган рециклирлөө эсебинде топтоштурулат. Төмөндө келтирилген активдер Банктын активдери болуп саналбайт жана анын финансылык отчетуна кошулган эмес:

| | **2007-жыл** | **2006-жыл** |
|---|---|---|
| | **миң сом** | **миң сом** |
| Рециклирлөө эсеби | 121 737 | 124 412 |
| Коммерциялык банктарга кредиттер | 7 193 | 14 052 |
| | **128 930** | **138 464** |

## (в) Түркиянын Экспорттук-Кредиттик Банкынан кредит

